**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА**

**БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Кол жазма укугунда:**

**УДК:**

**Таиров Хайриддин Рахманалиевич**

# КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН ТАРЫХЫ (1938-2008-жж.)

**07.00.02 – Ата Мекен тарыхы**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация**

**Илимий жетекчиси:**
**тарых илимдеринин доктору, профессор**
**Каратаев Олжобай Кубатбекович**

**Баткен - 2023**

# МАЗМУН


**Киришүү** 3

**I бап. Изилдөөнүн тарыхнаамалык проблемасы** 8

1.1. Совет мезгилиндеги тарыхнаамада изилдениши 8

1.2. Эгемендүүлүк жылдарындагы изилдөөнүн тарыхнаамасы 16

**II Бап. Изилдөөнүн булактык базасы жана ыкмалары** 22

**III бап. Кадамжай районунун Совет доорундагы тарыхы жана социалдык, экономикалык өнүгүүсү (1938- 1990-жж)** 34

3.1. Райондун административдик-аймактык калыптануусу жана социалдык инфраструктурасын түзүү тарыхы 35

3.2. Райондун айыл чарбасынын өнүгүшү 55

3.3. Райондун өнөр жайынын өнүгүү абалы 64

3.3.1. Кадамжай сурма комбинаты 68

3.3.2. Айдаркен сымап комбинаты 84

**IV бап. Кадамжай районунун 1991-2008-жылдардагы өнүгүү тарыхы** 91

4.1. Кадамжай районунун эгемендүүлүк жылдарындагы өнүгүү абалы 91

4.2. Өнөр жайдын, кичине жана орто ишкердиктин өнүгүү абалы 107

4.3. Райондон чыккан белгилүү тарыхый инсандар.

**Корутунду** 116

**Адабияттар** 119

**Тиркемелер**

# КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасын 2040-жылга чейинки туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында аймактарды заман талабына шайкеш, узак мөөнөттүү өнүгүү программаларын илимий жана тастыкталган көз караштардын негизинде өнүктүрүү каралган. Кыргызстан боюнча чөлкөмтаануу багытындагы илимий изилдөөлөр совет мезгилине чейин эле башталаган. Албетте ал эмгектерде негизинен алгач падышачылыктын колониалдык саясатына ылайык, кийин совет мезгилинде административдик-борбордошкон бийликтин жүргүзгөн саясатын кызыкчылыгына ылайык жүргүзүлүп келген.

Бүгүнкү күндө аймактануу багытындагы илимий эмгектердин маанилүүлүгү түздөн-түз Кыргыз Республикасынын өнүгүү тарыхы менен байланышта. Өлкөнүн стратегиялык өнүгүү багытын аныктоодо аймактардын өнүгүүсүнө да чоң маани берилүүдө. Биз иликтөөгө алган Кадамжай районун 1938-2008-жылдардагы тарыхы өлкөнүн советтик жана эгемендүүлүк мезгилиндеги тарыхы менен тыгыз байланышта болгон өнөр жайы өнүккөн аймак. Райондун аймагы стратегиялык жактан эң коопсуз Баткен облусунун курамына кирет. Областын коопсуздугун камсыздоо жана социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү максатында натыйжалуу шарттарды түзүү зарылдыгынан аймактын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте аткарылган “Баткен облусунун статусу жөнүндө” мыйзамы боюнча 2021-жылдын 10-сентябрында кабыл алынган.

Мамлекеттин аймактарды өнүктүрүү саясатына ылайык алардын калыптанып, өнүгүү тарыхын комплекстүү изилдөө бүгүнкү күндөгү актуалдуу проблемалардан. Биричиден, өлкөнүн аймактарынын тарыхын изилдөө ишинде Кадамжай районунун калыптанып, өнүгүү тарыхын изилдөө иши буга чейинки тарыхнаамалык эмгектерде каралган атайын изилдөө объектиси болгон эмес, ошондуктан аймак таануу багытындагы

тарыхнаамалык эмгектерди толуктамакчы. Экинчиден, Кадамжай районунун территориясы стратегиялык жактан өзгөчө макамга ээ Баткен областынын аймагында жайгашкандыктан, областтын аймагындагы административдик субъектер комплекстүү изилдөөнү талап кылат. Үчүнчүдөн, изилдөөгө алынып жаткан райондун аймагында Кыргызстандын өнөр-жайынын тарыхындагы кен иштетүүчү ири ишканалар орун алган. Райондун совет мезгилининдеги калыптануу, өнүгүү этаптарынан баштап, эгемендүүлүк мезгилдеги пландуу өнүгүүдөн базар экономикасына өтүү мезгилиндеги коомдук-саясий, экономикалык трансформациялануусунун тарыхый өнүгүү процесси илимий изилдөөгө алуу бүгүнкү күндөгү актуалдуу маселелердин бири катары эсептелет.

**Диссертациянын темасынын приоритеттүү илимий багыттар, негизги илимий программалар (долбоорлор) менен байланышы**. Демилгелүү иш.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги ***максаты*** Кадамжай районунун совет жана эгемендүүлүк мезгилиндеги өнүгүү тарыхын комплекстүү изилдөө болуп эсептелет. Изилдөө ишинин максатына ылайык төмөндөгүдөй ***милдеттер*** коюулду:

1. Илилдөө ишинин объектиси жана предметине ылайык тарыхнаамалык эмгектер менен тарыхый булактык базага анализ берүү.
2. Кадамжай районунун административдик-аймактык түзүлүшүнүн калыптануу тарыхын аныктоо.
3. Райондун совет мезгилиндеги өнүгүү тарыхындагы айыл чарбасынын өнүгүү абалын изилдөө.
4. Кадамжай районун совет доорундагы өнөр жайынын тарыхына, анын ичинде создук маанидеге Кадамжай жана Хайдаркен кен иштетүүчү комбинаттардын өнүгүүсүн илимий изилдөөгө алуу.
5. Кадамжай районун эгемендүүлүк мезгилиндеги өнүгүү тарыхына тарыхый баа берүү.

6. Райондун 1991-2010-жылдардагы өнөр жайынын, чакан жана орто ишмердүүлүгүнүн өнүгүүсүнө илимий анализ кылуу.

**Иштин илимий жаңылыгы.**

1. Кадамжай районун советтик жана эгемендүүлүк мезгилиндеги изилдөөнүн тарыхнаамалык эмгектерине анализ кылынып, райондун өнүгүү тарыхы боюнча бир катар тарыхый булактар алгачкы ирет илимий айлампага киргизилди.

2. Кадамжай районунун административдик-аймактык түзүлүшүнүн советтик жана эгемендүүлүк мезгилиндеги калыптануу тарыхы тарыхый балактардын негизинде тарыхый анализге алынды.

3. Совет мезгилиндеги райондун айыл чарбасынын өнүгүүсүнүн абалы боюнча илимий анализ кылынды.

4. Кадамжай районун совет доорундагы өнөр жайынын тарыхы изилдөөгө алынып, республикадагы түстүү металл өндүрүү боюнча ири ишканалар болгон Кадамжай жана Хайдаркен кен иштетүүчү комбинаттарынын советтик өнөр жайдын өнүгүүсүнө кошкон салымы аныкталды.

5. Кыргызстандын эгемендүүлүк мезгилиндеги Кадамжай районун өнүгүү тарыхына анализ берилди.

6. Өлкөнүн көз карандысыз мезгилиндеги Кадамжай районундагы өнөр жайынын, чакан жана орто ишмердүүлүгүнүн өнүгүүсүнө илимий анализ кылынды.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын практикалык маанилүүлүгү**. Диссертациялык изилдөөдө алынган жыйынтыктары тарыхнаамалык негизде чөлкөм таануу багытындагы изилдөөлөрдү жүргүзүүдө, илимий, окуу китептерин жазууда кеңири пайдалануу менен студенттерге, мектеп окуучуларына өлкөнүн аймактарын таануу, мекенчилдикке тарбиялоо багытындагы дарс окууда колдонууга сунушталат.

**Диссертациянын коргоого коюучу негизги жоболору**.

1. Кадамжай районун өз алдынча административдик-территориялык аймак катары калыптанууна 1920-30-жылдардагы Кыргызстандын советтик мамлекеттик түзүүлүү этаптарынындагы райондоштуруу боюнча мамлекеттик чечимдер негизги болгон.

2. Административдик-аймактык территорияларга бөлүштүрүү принциптеринин советтик башкаруу системасынын Фергана өрөөнүн райондоштуруудагы кетирген мүчүлүштүктөрү райондун аймагынынын коопсуздуна түздөн-түз таасирин тийгизүүдө. Кадамжай районуну аймагында коңшу мамлекеттердин анклавдарынын болушу эгемендүүлүк мезгилдеги чек арадагы конфликтердин келип чыгышына, о.э. райондун экономикалык коопсуздугун жараткан.

3. Кадамжай районун аймагы совет мезгилинде эле союздук маанидеги стратегиялык өнөр жайлары бай аймак болгон. Дүйнөлүк сапты жогорку сурма, сымапты чыгаруучу Кадамжай жана Хайдаркен металлургиялык комбинаттары өндүрүмдүүлүгү боюнча Кыргызстандын оор өнөр жайынын совет мезгилиндеги өнүгүүсүнүн башында турган ири өнөр-жай ишканалары болгон.

4. Эгемендүүлүк мезгилиндин 1991-2008-жылдар аралыгындагы коомдук-саясий, социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө айыл чарба, өнөр жай өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу, экономикасын диверсификациялоо, жергиликтүү ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу, айыл чарба, өнөр жай рыногун кеңейтүү үчүн кабыл алынган мамлекеттик программалар, реформалар райондун аймагынын экономикалык өнүгүүсүндө жакшы натыйжаларды берген эмес. Райондун аймагындагы чек ара тилкелеринин делмитациялоо, демаркациялоо маселеси толук чечиле электигине байланыштуу, аймактын чек ара, экономикалык ж.б. коопсуздуктары калктын жашоо турмушуна, аймактын өнүгүүсүнө кедергисин тийгизген жана бүгүнкү күнгө чейин тийгизүүдө.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Кадамжай районун тарыхы диссертациялык изилдөөнүн объектиси катары алгач изилдөөгө алынды.

Изилдөө ишинде Кадамжай районун тарыхы, өнүгүүсү боюнча тарыхый архивдик булактар Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивидеги, Кыргыз Республикасынын Саясий документтер БМА, Баткен областыннын, Кадамжай районунун мамлекеттик архивиндеги маалыматтар топтолду жана алгачкы жолу илимий айлампага киргизилди.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын апробацияланышы.** Диссертациянын негизги жыйынтыктары менен илимий жаңылыктары Республикалык илимий, илимий-практикалык конференцияларда, илимий макаларда изденүүчү тарабынан апробацияланган.

**Диссертациянын жыйынтыгынын жарык көргөн эмгектерде толук чагылдырылышы.** Диссертациянын негизги жыйынтыктары менен мазмуну Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын илимий иштерге койгон талабына ылайык, атайын рецензиялануучу чет өлкөлүк жана жергиликтүү илимий журналдарга чыккан 10 илимий макалда чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, төрт баптан, жети бөлүктөн, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын көлөмү 130 бет.

# I БАП. ИЛИМИЙ МАСЕЛЕНИН ИЗИЛДЕНҮҮ ДЕНГЭЭЛИ

## 1.1. Совет мезгилиндеги тарыхнаамада изилдениши

Диссертациялык изилдөөнүн проблемасынын совет мезгилиндеги тарыхнаамасынын изилденишин үч топко: 1) жалпы Кыргызстандын коомдук-саясий тарыхы, 2) экономикалык жана маданий тарыхы, 3) Кадамжай районунун коомдук-саясий, социалдык-экономикалы жана маданий өнүгүүсү боюнча эмгектерге бөлүп каралды.

***Биринчи топту*** диссертациянын хронологиялык алкагына ылайык Кыргызстандагы совет мезгилиндеги коомдук – саясий өнүгүүсүн камтыган жалпы илимий эмгектер түздү. Анткени Кадамжай районун аймагы Кыргызстандагы башка аймактар сыяктуу эле совет мезгилиндеги кабыл алынган жалпы директивалардын негизинде Ош областынын курамындагы өзүнчө алгач Халмион району болуп түзүлүп, 1940-жылы Фрунзе району болуп аталган.

Совет мезгилинде кыргыз мамлекетинин түзүлүү тарыхына байланыштуу изилдөөлөр 50-жылдарда башталган. Эмгекчил кыргыз элинин социализмди жана коммунизмди куруудагы күжүрмөндүүлүктөрү менен күрөшүүсү белгилүү окумуштуу тарыхчылар Дж. М. Малабаевдин "Укрепление Советов Киргизии в период строительства социализма (1917-1937 гг.)" (1969), "Значение первых сельскохозяйственных коммун и артелей в пропаганде опыта ведения коллективного хозяйства в Киргизии" (1966), К. К. Орозалиевдин "Осуществление ленинской теории и программы по национальному вопросу в Киргизии" (1970), К. К. Каракеевдин "Образование СССР – торжество ленинской национальной политики" (1982) эмгектеринде изилдөөгө алынган. Коммунисттик партиянын идеологиясынын негизинде аткарылгандыгына карабастан окумуштуулардын эмгектеринде кыргыз совет мамлекетинин калыптануусунун тарыхы, тарыхый өбөлгөлөрү тарыхый

архивдик булактардын негизиндеги фактылар менен аныкталып, тарыхый принциптүүлүктүн негизинде изилдөөгө алынгандыгын белгилесек болот.

Т.и.д. Дж. М. Малабевдин «Укрепление Советов Киргизии в период строительства социализма (1917-1937 гг.)» (1969) эмгегинде Кыргыз ССРинде совет бийлигинин орношу менен калыптанышына токтолуу менен бирге республикадагы социалисттик кайра куруулардын кыргыз элинин жашоо-тумушундагы, тарыхый жолундагы өнүгүүсүнөгү советтердин, БКП(б) ролу, ордун белгилөөгө өзгөчө маани берген. Албетте, окумуштуунун илимий эмгеги максттик-лениндик идеология менен борбордошкон бийликтин идеологиялык цензурасынын алкагында жазылгандыгына карабастан, окумуштуу тарабынан Кыргызстанда Совет бийлигинин орношу, бекемделиши, эл чарбасынын социалисттик кайра куруулары боюнча бир катар архивдик фактылык материалдар колдонулгандыгы менен баалуу.

К. К. Орозалиевдин

К. К. Каракеевдин

Кыргыз совет мамлекеттүүлүгүнүн калыптануу тарыхынын этаптары тарыхчылардан тышкары белгилүү укук таанучулар К. Нурбеков (“Возникновение киргизской советской национальной государственности” (1900), Р. Тургунбеков (“Становления и развитие суверенного государство киргизского народа” (1969), “Государственность и Конституция Советского Киргизстана в период развитого социализма” (1980) тарбынан изилдөөгө алынган.

К. Нурбеков

Р. Тургунбеков

Негизинен совет мезгилиндеги эмгектерде кыргыз элинин феодалдык мамиледен социалисттик мамилеге капиталисттик коомдук-экономикалык өнүгүүнү баспай түз өтүүсү белгиленүү менен социалисттик кыргыз мамлекети түзүү контекстинде изилденген.[1]

Тарыхнаамалык изилдөөнүн ***экинчи тобун*** Кыргызстандагы совет доорундагы экономикалык жана маданий өнүгүүсүн камтыган жалпы илимий эмгектер түздү. Советтик Кыргызстандын өнүгүү тарыхынын этаптарындагы социалдык-экономикалык, маданий абалын чагылдырган бир катар изилдөөлөр белгилүү окумуштуулар тарабынан изилдөөгө алынган. Аталган изилдөөлөрдө советтик изилдөөлөрдө кеңири колдонулган партиялуулук принциби сакталгандыгын белгилейбиз.

Кыргызстандагы социалисттик айыл чарбанын түзүлүү, өнүгүү тарыхы советтик тарыхнаамада кеңири изилденген. Белгилүү тарыхчылар С. И. Ильясов “Кооперативно-колхозное строительство в Киргизии (1918-1929гг.)» (1959), «Победа социалистических отношений в сельском хозяйстве Киргизии» (1961), Дж. С. Бактыгулов “Социалистические перобразование киргизского аила (1938-1940)” (1978), Т. Д. Дүйшемалиев “Борьба КПСС за укрепление колхозов (Из истории колхозного строительства в Киргизии)” (1959), “Победа ленинского плана социалистического преобразования сельского хозяйства в Киргизии” (1971), “Очерки истории коллективизациии сельского хазяйства Киргизии” (1965), Самсонов В. Д. “Советское крестьянство Киргизии в годы Великой Отечественной войны” (1969) эмектеринде кеңири тархый булактык мүнөздөгү фактлардын негизинде изилдөөгө алышкан. Окумуштуулардын изилдөөлөрүн аталыштарында белгиленгендей негизинен социалисттик түзүлүштүн өнүгүү багытындагы айыл чарбасынынын артыкчылыктарына басым кылынгандыгына карабастан, Кыргызстандын совет мезгилиндеги айыл чарбасынын өнүгүү абалынын тарыхына баа берүүдө андагы статистикалык малыматтар кеңири мүмкүнчүлүктөрдү берет. Мисалы,

Кыргызстандын совет мезгилдеги өнөр жайынын тарыхын белгилүү окумуштуулар Ж. С. Татыбекова “История каменно-угольного рудника Кызыл-Кия» (1964), Б. Д. Чыймылова “История развития социалистического сореновавания в промышленности” (1977), С. А. Аттокуров “История индустриального развития Киргизии” (1968), Н. С. Есипов “Промышленное

строительстельство в ранее остальных странах: Исторический опыт Советской Киргизии” (1962), Б. А. Нурмамбетов “Рабочий класс Кыргызской Республики. 1960-е и 1980-е годы” (1989) ж.б. изилдөөгө алышкан.

Б. Д. Чыймылованын жогоруда аты аталган илимий монографиясында тарыхый булактардын негизинде өнөр-жайындагы социалисттик жарыштын жүрүшүнө илимий анализ кылынган. Жумушчу табынын беш жылдык пландарды аткаруудагы ишмердүүлүктөрүнө, новаторлук күжүрмөндүүлүктөрүнө көңүл бурулган.

Тарых илимдеринин доктору, М. М. Малабаевдин “Партийная организация Киргизии в борьбе за развитие промышленности реконструктивный период”-деген эмгегинде жумушчуларды, адистерди активдештирүү аркылуу өнөр жайды кайра калыбына келтирүүдө башкаруучу партиялык органдардын ролу белгиленип, жалпы өлкөдөгү өнөр жайдын түптөлүшү талдоого алынган. Анда партиялык органдардын өнөр жайдын калыптанышында жана өнүгүшүндө ээлеген ордун көрсөтүүгө басым жасалган.

Тарых илимдеринин доктору С. Аттокуровдун Кыргызстандын 1917-1955-жылдар аралыгындагы өнөр жай тармагын өнүгүүсүн изилдөөсүндө

Тарых илимдеринин доктору С. Керимбаевдин “Советский Киргизстан в Великой Отечественной войне 1941-1945 гг.” (1980) монографиясында архивдик булактардын негизинде Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы Кыргызстандын социалдык-экономикалык, маданий абалы кеңири изилдөөгө алынган. Окумуштуу тылдагы кыргызстандыктардын Улуу Ата Мекендик согуштагы эрдиктери, жумушчулардын күжүрмөн эмгегин, согуш учурудагы өзгөчө жумушчу күн, эл чарбасындагы согушка карата кайра курууларга, илимдин, маданияттын өнүгүүсүнө токтолгон.[2] Албетте аталган эмгек Кыргызстандын 1941-1945-жылдардагы жалпы өнүгүү тарыхына арналгандыктан биз изилдөөгө алып жаткан Кадамжай районун аймагынын тарыхына кеңири каралбаган. Бирок автор аймактын өнүгүүсүндөгү СССРдин эл чарабсынын тармактарына кошкон салымына токтолгон.

Башкача айтканда окумуштуунун изилдөөсү Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги тарых наамалык эмгектерге таандык илимий эмгектерге таандык мүнөзгө ээ.

Аталган мезгилге таандык советтик тарых наамалык эмгектер негизинен төмөндөгүдөй мүнөзгө ээ болгон: согуштун айылдын социалдык-экономикалык абалына тийгизген таасирин изилдөө боюнча олуттуу иштер, жумушчулардын санынын эбегейсиз кыскарышы, аялдардын, өспүрүмдөрдүн, кары-картаңдардын эмгегинин маанисинин кескин жогорулашы, колхоздук, өндүрүштүк материалдык-техникалык базасынын начарлашы, калктын жыргалчылыгынын утурумдук төмөндөшүнө карабастан элдин патриоттук духунун жогору болушу менен мүнөздөлөт.

Кыргызстандын өнөр жайынын тарыхындагы изилдөөдө А. С. Ормушевдун “Рост культурно-технического уровня рабочих-строителей Киргизстана” (1982) эмгегин дагы белгилесек болот. “Улуттук жумушчулардын тарыхы” деген эмгегин жазган. Өткөн кылымдын 70-жылдарындагы Эл чарбасынын өнүгүүсү эконмикалык страгиялык пландын негизинде ишке ашкандыгын белгилеген.[3] Кеңири архивдик булактардын негизинде жазылган окумуштуунун изилдөөлөрү советтик жумушчулардын жашоо образы боюнча бүтүмдөрүнүн негиздүү экендиги менен айырмаланат.

Диссертациянын хронологиялык алкагына туура келген советтик тарыхнаамадагы Кыргызстандын маданиятынын абалы белгилүү тарыхчылар К. К. Каракеевдин “Киргизстан в братской семье народов СССР” (1957), “Развитие науки в советском Киргизстане” (1962), А. Э. Измайловдун “Очерк по истории советской школы в Киргизииза 40 лет (1917-1957 гг.)” (1957), “Изменение социально-классовой структуры населения Киргизии в годы строительства и упрочения социализма (1967-1961 гг.” (1989), И. Соктоевдин “Руководство Компартии Киргизии подготовкой интеллигенции Киргизстана” (1979), С. С. Данияровдун “Культурное строительство в Киргизской ССР в годы довоенных пятлеток” (1980) ж.б. окумуштуулардын эмгектеринде каралган.

1989-жылы т.и.д. А. Асанкановдун “Социально-культурное развитие современного киргизского сельского населения” монографиясы чыккан. Окумуштуу республиканын өткөн кылымдын 60-80-жылдарындагы айыл-кыштактарынын социалдык-маданий турмушун изилдөөдө көрүнүктүү салым кошкон. Алгачкылардан болуп тархнаамада этносоциологиялык изилдөө жүргүзгөн. Айыл жергесинде жашашкан жергиликтүү калктын руханий дөөлөттөрдү өздөштүрүүсүнө, улуттук аң-сезим маселелерин караган. Мисалы изилдөөнүн негизинде төмөндөгүдөй факты: айылдык кыргыз үй-бүлөлөрдүн 48%  - 10дон, 25,2 % 11-50 чейин, 12,2 % - 100-200 чейин, 8,9 % 201-500гө чейин, 1,9 % - 500дөн ашый китептер болгондугу белгилүү болгон.[4]

Советтик тарыхнаамадагы маданий өнүгүүнүн бардык тармактарынын тарыхына, туташ кат сабатсыздыкты жоюудан баштап советтик маданияттын калыптанып, өнүгүүсүнө чейинки тарыхы каралган эмгектер канчалык сынга кабылбасын өзүнүн баалуулугун жоготпойт. Совет мезгилиндеги маданияттын өнүгүүсүнүн бардык сферадагы жетишкендиктери, ийгиликтери, кайра куруулары, репрессияланган маданиятты эске албаганда алда канча жогору болгондугун белгилегибиз келет.

Изилдөө ишинде тыянактар Кыргызстандын советтик мезгилдеги тарыхы боюнча жалпылоочу коллективдик эмгектердеги маалыматтар менен илимий тыянактарга көңүл бурулуп, андагы маалыматтар менен салыштырмаланып каралды. Кыргыз тарыхнаамасындагы аталган доорго таандык жалпылоочу «Формирование и развитие киргизской социалистической нации» (1957); «История советского рабочего класса Киргизстана» (1966); «Осуществление ленинского кооперативного плана в Киргизии» (1976); «Очерки истории Коммунистической партии Киргизии» (1979) эмгектерге көңүл бурулду. Изилдөө ишинин жүрүшүндө «История Киргизской ССР. С древнейших времен до наших дней» беш томдук жыйнактын 3, 4  томдору (1984) кеңири колдонулду.

Изилдөө ишинин жүрүшүндө статистикалык маалыматтардын жана документтердин атайын жыйнактары («Киргизстан за годы Советской власти: Стат. сб.» (1970). «Киргизстан за 50 лет: Юбил. стат. сб.» (1974), «Советский Киргизстан в документах. 1917–1967» (1983), «Народное хозяйство Киргизской ССР за годы Советской власти: Стат. Ежегодник» (1987) чоң салым кошкондугун белгилегибиз келет.

Тарыхнаамалык изилдөөнүн советтик мезгилинде диссертациялык изилдөөнүн милдеттерин ачып берип берүүдө бир катар диссертациялык изилдөөлөр колдонулду. Кыргызстандын совет доорундагы эл чарбасынын тармактары боюнча: айыл чарбасынын өнүгүүсү боюнча бир катар окумуштуулар. деген темадагы т.и.к. окумуштуулук диссертациясын изилдөө иштерин жүргүзүшкөн.

Совет мезгилиндеги өнөр жайдын өнүгүүсүнүн проблемалы А. Н. Радионов (1964), М. М. Савина (1973), А. С. Ормушев (1983), М. М. Күчүков (1983), А. А. Арзыматова (1990) бир катар диссертациялык изилдөөлөрдө каралган А. С. Ормушев, А. А. Арзыматова ж.б. тарабынан жүргүзүлгөн.

А. Н. Радионов "Деятельность партийной организации Киргизии по выполнению семилетнего плана в области промышленности (1959-1963 гг."(1964), М. М. Савина "Развитие промышленности Киргизии и изменение ее социально-экономической структуры (1927-1940 гг.)" (1973), А. С. Ормушевдин "Рабочие строители в борьбе за создание материально-техничекой базы коммунизма (1959-1965-гг.)" (1983) деген темадагы кандидаттык диссертациясында, А. А. Арзыматованын "Развитие промышленности Киргизии в 70-е годы" (1990) кандидаттык диссертациясында каралган.

Изилдөөнүн тарыхнаамасынын ***үчүнчү тобуна*** түздөн-түз диссертациянын изилдөө объектисине байланышкан Кадамжай районунун совет мезгилиндеги коомдук-саясий, социалдык-экономикалы жана маданий өнүгүүсү боюнча эмгектер кирди.

Совет мезгилинде Кадамжай районунун тарыхына байланышкан атайын эмгектер чыккан эмес. Бирок ошого карабастан айрым комплекстүү эмгектерде, массалык маалымат беттеринде аймактын өнүгүү тарыхына байланышкан маалыматтар анализ кылынган эмгектер кездешет. Ошондой эмгектердин катарына СССРдин түстүү металлургия министри П. Ф. Ломаконун "Успехи цветной металлургии Киргизстана" макаласын кошсок болот. Макала 1972-жылы Советкая Киргизия газетасынын 12-декабрындагы санына чыккан. тарыхый булактык материалдар мезгилдүү басма беттериндеги мамлекеттик башкаруу кызматкерлеринин эскерүүлөрү, билдирүүлөрү, докладдары деснсогуш алдында алдыңкы технология менен жабдылган Кадамжай металлургиялык комбинатынын ишке берилиши 1936-жылдан баштап Советтер Союзунун чет өлкөдөн сурма сатып алууну токтоткондугун белгилеген.[5]

Советтик тарыхнаамады Кыргызстандын коомдук-саясий, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүнүн тарыхы архивдик, биринчи тарыхый булактардын негизинде кеңири изилденип учур талабына ылайык, советтик, париялык идеологиянын негизинде илимде калыптанган методологиялык негизде изилденген. Советтик тарыхнаамага таандык партиялуулук принцибинин бекем карабастан кылдаттык менен жүргүзүлгөн изилдөө иштеринде совет доорундагы Кыргызстандын тарыхый өнүгүүсүнүн багыттары боюнча бир кыйла ынанымдуу жыйынтыктар чыгарылган. Натыйжада, совет доорундагы республиканын айыл чарбасынын, өнөр-жайынын өнүгүүсү, калктын жашоо-турмушунун жакшырышы, кат сабатсыздыкты жоюдан башталган маданий курулуштун өнүгүү этаптары боюнча тарыхый булактык базасы кенен илимий изилдөөлөрдөгү жыйынтыктары партиялык, өкмөттүк расмий документтердин кабыл алынышына болгон сын көз караштардын жетишсиздигине карабастан бүгүнкү күндөгү илимий изилдөөлөрдүн жүрүшүндө кеңири пайдаланууда. Изилдөө иштеринин объективдүү, салыштырмалуу изилденишине көмөк берүүдө.

### 1.2. Эгемендүүлүк жылдарындагы изилдөөнүн тарыхнаамасы

Изилдөө ишинин эгемендүүлүк мезгилиндеги тарыхнаамалык изилдөөсүн негизинен үч топко бөлүп карасак болот: 1) Кыргызстандын советтик мезгилинин тарыхынын изилдениши; 2) эгемендүүлүк доорундагы өнүгүү тарыхынын изилдениши; 3) чөлкөм таануу тарыхынын изилдениши.

**Биринчи топ.** Эгемендүүлүк мезгилдеги тарыхнаамлык изилдөөлөрдө Кыргызстандын совет доорундагы тарыхы бир катар белгилүү тарыхчылар тарабынан изилдөөгө алынган. Диссертациялык изилдөөдө А. Джуманалиев “Политическая история Кыргызстана (Становление политической системы кыргызского общества в 1920-1930-е годы)” (2002), Дж.Джунушалиевдин «Время созидания и традегий 20-30-е годы XX в.» (2003), Дж. Джунушалиев, А. Ч. Какеев, В. М. Плоскихтин «История этапы кыргызской государственности» (2003), Г. Дж. Джунушалиева «Эволюция кыргызской государственности : 20-80-е годы XX века» (2006) ж.б. эмгектер колдонулду.

Белгилүү тарыхчы А. Джуманалиев “Политическая история Кыргызстана (Становление политической системы кыргызского общества в 1920-1930-е годы)” (2002) эмгегинде 30-жылдарда калыптанып бүткөн борбордошкон административдик командалык бийлик Советтик уюмдар менен алардын ишмердүүлүгүндөгү формалдуулугуна өтүү менен мамлекетте партиялык органдардын директиваларына толугу менен баш ийүүгө өткөндүгүн белгилейт.[6] “Централизация и концентрация власти порождали и возпроизводили систему особых интересов высшего партийного руководства, партийных органов и аппарата различных уровней”[7] – деп окумуштуу белгилегендей Борбордук бийлик союздук, автономиялык республикалардын кызыкчылыктарын толук эске албагандыктан, союздук республикалар, анын ичинде Кыргызстан дагы жабыр тарткан.

Эгемендүү Кыргызстандын тарыхнаамасында XX кылымдын 20-30-жылдарындагы саясий, социалдык-экономикалык, маданий кайра куруулары боюнча архивдик булактардын негизинде жаңы көз караштан изилденген

белгилүү окумуштуу Дж.Джунушалиевдин «Время созидания и традегий 20-30-е годы XX в.» (2003) эмгегинде белгиленгендей совет бийлигинин 20-30-жылдардагы жүргүзгөн коомдук-саясий, социалдык-экономикалык, маданий саясаты кыргыз элинин тарыхындагы өзгөчө тарыхый роль ойно менен бирге 1924-жылы кыргыз элинин өз алдынча мамлекеттүүлүгүнүн түзүлүшү, анын анын саясий-укуктук негиздери 1991-жылы Кыргызстандын өз алдынча көз карандысыз мамлекеттигин камсыз кылган.[8] Албетте, окумуштуу белгилегендей СССРдин курамындагы кыргыздардын мамлекеттүүлүгү өз алдынча башкаруучулукту камсыз кылган эмес, тескеринче "үч катар башкаруудагы" чектелген автономия болгон. Бул республиканын өнүгүү абалына кандайдыр бир деңгээлдеги оң жактары менен бирге терс таасирин дагы тийгизбей койгон эмес.

Дж. Джунушалиев, А. Ч. Какеев, В. М. Плоскихтин «История этапы кыргызской государственности» (2003), Г. Дж. Джунушалиева «Эволюция кыргызской государственности : 20-80-е годы XX века» (2006) эмгектеринде да каралган.

Изилдөөнүн жүрүшүндө эгемендүүлүк мезгилиндеги Кыргызстандын советтик мезгилиндеги экономикасынын, маданиятынын өнүгүүсү боюнча А. А. Абдырахманов ("Кыргызстандын өнөр жайындагы илимий-техникалык прогресс (1976-1985-жж.)"), А. А. Арзыматова ("История промышленности Кыргызстана в российско-советский период. Концептуальные проблемы"), Г. Дж. Джунушалиева ("Эволюция кыргызской государственности: 20-80-е годы XX века", 2006; "Экономика Киргизской ССР в годы Великой Отечественной войны 1941-1945 гг." 2013) ж.б тарабынан диссертациялык изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

Т. А. Абдырахмановдун Кыргызстандын өнөр жайындагы илимий-техникалык прогресс (1976-1985-жж.), т.и.к., 1994.

Тарых илимдеринин доктору А. А. Арзыматовах[9] "История промышленности Кыргызстана в российско-советский период. Концептуальные проблемы" (2008) деген темадагы докторлук

диссертациясында Россия жана совет мезгилиндеги өнөр жайдын өнүгүшүнүн концептуалдык проблемаларына анализ кылган. Автор сталиндик социалиттик системадагы экономиканын өнүгүү абалына анализ кылууда төмөнкүдөй жыйынтыкка келген: «Распад советского государства генетически был предопределен ложной идеологической парадигмой сталинского социализма. Реалии общественного развития XX в. Разрешили исторический спор между мировой системой капитализма и мировой системойсоциализма (сталинского). Действительно, принципы организации народного хозяйства СССР были абсурдны, так как его развитие, первую очредь, диктовалось идеологическими мотивами, а не экономической целособразностью».[10]

Г. Дж. Джунушалиева (“Эволюция кыргызской государственности: 20-80-е годы XX века”, 2006; “Экономика Киргизской ССР в годы Великой Отечественной войны 1941-1945 гг.” 2013)  эмгектеринде Кыргызстандын согуш мезгилиндеги экономикасынын өнүгүүсүнө кеңири токтолгон. Өлкөнүн экономикалык өнүгүүзүнүн УАМС жылдарындагы темпинин өсүүсүнүн негизги себептери аныкталган.

Кыргызстан көз карандысыз мамлекет болгондон берки өлкөнүн өнүгүү тарыхы бир кыйла илимий изилдөөлөргө алынган.

Эгемендүүлүк мезгилдеги Кыргызстандын тарыхы тарых илимдеринин докторлору У. Чотонов “Суверенный Кыргызстан. Выбор исторического пути” (1995), “Кыргызстан по пути суверенитета” (2007), А. Акунов “Государственное управление Кыргызстана в транзитный период” (1999), “Кыргыз Республикасы эгемендүүлүк доорунда (1991-2021-жж) (2017, 2022), З. И. Галиева “Политическая транформация суверенного Кыргызстана: динамика и особенности” (2007), Т. А. Абдырахманов “Переходные процессы и особенности демократического транзита Кыргызстана” (2013), “Высшая школа Кыргызстана в период демократического транзита” (2010), Н. Ж. Эсенкулов “Динамика и историческа преемственность суверенного развития Кыргызстана” (2010), Н. С. Усупова «Кыргызстан: проблемы

бедности в условиях трансформации общественно-политической жизни страны» (2010). «Социально-экономическое развитие Кыргызстана в конце XX –начале XXIв.в.» (2019) ж.б. эмгектерде каралган.

Эгемендүү Кыргызстандын тарыхы боюнча алгачкы эмгектердин автору тарых илимдеринин доктору Ү. Чотонов. Окумуштунун “Суверенный Кыргызстан. Выбор исторического пути” (1995), “Кыргызстан по пути суверенитета” (2007) деп аталган эмгектериндереспубликанын көз карандысыздыгынын алгачкы этаптарындагы мамлекеттик, саясий системанын калыптануусу менен бирге экономикадагы өзгөрүүлөргө баа берилген.

А. Акунов “Государственное управление Кыргызстана в транзитный период” (1999), “Кыргыз Республикасы эгемендүүлүк доорунда (1991-2021-жж) (2017, 2022), З. И. Галиева “Политическая транформация суверенного Кыргызстана: динамика и особенности” (2007), Т. А. Абдырахманов “Переходные процессы и особенности демократического транзита Кыргызстана” (2013), “Высшая школа Кыргызстана в период демократического транзита” (2010), Н. Ж. Эсенкулов “Динамика и историческа преемственность суверенного развития Кыргызстана” (2010) диссертациялардында карашкан.

Ч. Р. Айнекова Ч. Р. “Проблемы социально-экономических преобразований в переходные периоды истории Кыргызской Республики” (2019) деген монографиясында Кыргызстандын өнүгүү тарыхындагы социалдык-экономикалык өткөөл мезгилди үч этапка 1921-1940-жж., 1985-1990-жж., 1991-жылдан кийинки мезгилдерге бөлүү менен карап, өткөөл мезгилдин ар бир этаптарындагы социалдык-экономикалык кайра куруууларга илимий анализ кылынган. Автор өткөөл мезгилдердин мүнөзүн төмөнкүдөй берет: “Основной тенденцией переходного периода может быть изменение социальной структуры общества. В переходный период 1921-1940 гг. – это появление классов рабочих и крестьян, интеллигенции. В период 1985-1990 гг. – это мелкие и средние предприниматели в промышленности, сельском

хозяйстве, транспорте, сфере услуг, при сохранении классов рабочих и крестьян и интеллигенции. В период с 1991 г. – появление собственников, рантье и др”.[11] О.э. 1985-1990-жылдардагы экономикалык кризистин келип чыгуусун совет мезгилиндеги ийкемдүү эмес административдик-башкаруу системасы өнүгүүнү артка тарткандыгын белгилейт.[12]

Н. С. Усупова «Кыргызстан: проблемы бедности в условиях трансформации общественно-политической жизни страны» (2010). «Социально-экономическое развитие Кыргызстана в конце XX –начале XXIв.в.» (2019) деген эмгегинде көз карандысыздык жылдарындагы өлкөнүнүн элдин жакырчылыгы, калктын социалдык проблемаларына кеңири анализ кылган.

Кыргызстандын эгемендүүлүк мезгилиндеги экономикалык, маданий абалы белгилүү окумуштуулар Т. Койчиев, И. С. Болжурова ж.б. тарыбана дагы изилдөөгө алынгандыгын белгилегибиз келет.

И. С. Болжурова “Образование в Кыргызстане: стратегии и реалии переходного периода” (2001), Т. Койчуев “Экономика Кыргызской Республики” (2003) ж.б. эмгектерде дагы каралган.

Эгемендүүлүк мезгилдеги тарыхнаамада чөлкөм таануу, инсан таануу багытындагы изилдөөлөр кеңири жүргүзүлө баштаган. Диссертациялык изилдөөнүн алкагында чөлкөм таануу, инсан таануу багытындагы эмгектерге кайрылдык. Алардын арасында тарых илимдеринин докторлору Б. К. Абытовдун “Оштун миң жылдык тарыхы: тарыхый булак таануу анализи (IX-XX кк.)”,

Кыргызстандын экономикасынын тармактарынын өнүгүү тарыхына байланышкан бир катар диссертациялык иштер аткарылган.

Е. Е. Адакин “Совхозы Кыргызстана в 50-е годы” (1991), Нур уулу Д. «Социально-экономическое развитие совхозов Кыргызстана (60-е-середина 80-х гг.)» (1992), Б. К. Абытов «Подготовка рабочих и инженерно-технических кадров для промышленности Кыргызстана во второй половине 60-х годов» (1994), Т. А. Абдырахманов «Кыргызстандын өнөр жайындагы

илимий техникалык прогресс» (1994), Г. Дж. Джунушалиева «Экономика Киргизской ССР в годы Великой Отечественной войны 1941-1945 гг.» (2011), Джоробекова А. Э. «Из истории положения рабочих промышленности Кыргызстана (1925-1937 гг.)» (2001) ж.б. бир катар диссертациялык изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

# II БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН БУЛАКТЫК БАЗАСЫ ЖАНА ЫКМАЛАРЫ

***Изилдөөнүн объектиси*** – Кадамжай районунун 1938-2008-жылдардагы тарыхы.

Бүгүнкү күндө Кадамжай чөлкөмүнө райондук мааниде 2 шаар (Кадамжай, Айдаркен), 115 айыл кирет. Район алгач түзүлгөндө Ош областынын аймагына кирген. 1999-ж. 12-октябрда Кадамжай району Ош облусунан жаңы түзүлгөн областынын курамына кирген. Диссертациялык иштин бекитилген хронологиясына ылайык изилдөө иши райондун административдик аймактык бөлүнүү мезгилинен (1938-ж.) баштап эгемендүүлүк мезгилиндеги тарыхы 2008-жылга чейинки мезгилди камтыйт.

Өткөн кылымдын 30-жылдардын экинчи жарымында СССРдин Орто Азия аймагындагы союздук республикалардын бири болгон Кыргызстандын территориялык аймактык бүтүндүүлүгү дээрлик аныкталып, тарыхый өнүгүү жолундагы коомдук, саясий, социалдык, экономикалык өнүгүүнүн социалисттик багытындагы доорду баштаган. Алгач экономиканын агарардык багытындагы өнүүгүнү башынан өткөргөн райондун тарыхында Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында калыптанган союздук негиздеги стратегиялык өнөр жай тармагы мамлекетти коргоо максатындагы өнөр жайлар үчүн керектүү продукцияны чыгарган ири ишканалары болгон.

Өткөн кылымдын 80-жылдарындагы эконмикалык өнүгүүнүн жаңылануунун талап кылган шарттарындагы экономикалык каатчылык, союздук маанидеги ишканалардын ортосундагы биргелешкен иштөө механизминдеги мүчүлүштүктөр аймактагы оор өнөр жай ишканаларынын иштөөсүнө өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Ал эми эгемендүүлүк мезгилинде райондун экономикасы айыл чарба, өнөр жай жана кичи ишкердик багытында жүргүзүлгөн.

***Изилдөөнүн предмети:*** Кадамжай районунун советтик жана эгемендүүлүк жылдарындагы админстративдик түзүлүшүнүн тарыхы, экономикалык өнүгүүсүнүн динамикасы жана калкынын социалдык абалы.

Кадамжай району өзүнчө административдик аймак катары 1938-жылы Ош округунун курамында алгач Холмион району деп аталган. Райондун өз алдынча админстративдик аймак катары калыптанышына кыргыз совет мамлекетинин калыптануу этаптарындагы тарыхый шарттар өбөлгө болгон. Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндөгү архивдик расмий документтердеги маалыматтар боюнча райондун аймагындагы айылдар алгач Молотоабад, Үч-Коргон райондорунун аймагында болгон. 1936-жылы кабыл алынган СССРдин жаңы Конституциясынын негизинде Кыргыз ССРнин административдик-территориялык аймактарына өзгөртүүлөр киргизиле баштаган. Союздук республика статусуна ээ болгон Кыргызстандын аймагындагы админстративдик аймактык өзгөртүүлөр республиканын экономикалык бүтүндүүлүгү менен дагы түшүндүрүлөт. Райондун административдик аймак катары калыптануу тарыхын үч этапка бөлсөк болот: 1) өз алдынча район болгонго чейинки тарыхы – 1924-1938-жж.; 2) райондун алгачкы аймак чегинин бекемделиши –1938-1959-жж.; 3) райондун азыркы аймак чегинин бекемделиши – 1959-2008-жж.

Диссертациялык изилдөөнүн предметине ылайык Кадамжай районунун 1938-2008-жылдардагы калыптанып өнүгүү тарыхы менен бирге аймактын экономикалык, маданий өнүгүүсү жалпы Кыргызстандын өнүгүү тарыхынын алкагында каралды. Изилдөөнүн жүрүүсүндө 1917-1940-жж. аймактагы социалисттик кайра куруулар; Улуу Ата мекендик согуш мезгилигилиндеги райондогу айыл чарбасы менен өнөр жайынын абалы, калктын согуш мезгилиндеги күжүрмөн ишмердүүлүгү; согуштан кийинки 1946-1991-жылдар аралыгындагы өнүгүү тарыхы менен бирге 1991-жылдан кийинки эгемендүүлүк доорундагы райондогу коомдук-саясий, социалдык-экономикалык кайра куруулардын жүрүүсү, пландуу экономикадан базар

экономикасын өтүүсү тарыхый булактар менен тарыхнаамалык эмгектердин негизинде каралды.

Диссертациянын темасынын объектиси менен предмети жана изилдөө ишинин милдеттерине ылайык колдонулган изилдөө ***ишинин тарыхый булактык базасын*** мүнөздөрүнө карай төмөндөгүдөй топторго бөлсөк болот: 1) мамлекеттик, укутук расмий документтер; 2) изилдөөнүн саясий, экономикалык, социалдык жана маданий мүнөздөгү тарыхый, статистикалык маалыматтарды камтыган архивдик материалдар; 3) Кадамжай аймагынын тарыхы, өнүгүүсү боюнча түздөн-түз катышышкан инсандардын, мамлекеттик ишмердердин эскерүүлөрү, мамлекеттик, аймактык жыйындардагы, талкууларлордогу сөздөрү, билдирүүлөрү, эскерүүлөрү.

Изилдөөнүн ***биринчи топтогу*** тарыхый булактарга ири алдыда Кадамжай районун административдик-аймактык бүтүндүгүн аныктаган расмий документтер кирет.

Бүткүл Түркстандык XII съезди (1924-ж.) Орто Азияда улуттук-мамлекеттик бөлүштүрүү чечимин кабыл алган.[КР СД БМА. Ф. 391, оп. 3, д. 68. – Л. 72-73] Натыйжада, 195,7 миң км$^2$ территориялык аймакта, 735 миң калктан турган Кара-Кыргыз автономиялуу областы түзүлгөн.[КР СД БМА. Ф. 391]

Кыргыз АССРи мамлекеттик бардык саясий укуктарына ээ болгон. Кыргызстанда жашаган бардык элдердин тең укуктуулугу жарыяланып алар өз тилинде билим алуу укугуна ээ болушкан. Арадан эки жыл өткөн соң БАКтын 1928-жылдын 10-декабрындагы токтому боюнча Ош жана Жалал-Абад кантондору жоюлуп эки кантондун 21 волостунун негизинде Ош округу түзүлүп бир катар волостор кошулуп 10 район уюштурулат. Халмион курамында Көтөрмө, Охна, Халмион, Бирлик жана Жаркотон село советтери, борбору Халмион болгон.

Молотов (7-10-май 1937ж)курамында Үч-Коргон, Кара-Кыштак, Жал, Майдан, Марказ, Кара-Дөбө, Суухана жана Төөмоюн село советтери менен куралган.

1938-года 2-марта Молотов районудан Халмион району бөлүнүп чыккан, борбору  Пульгон. 1959-жылы Үч-Коргон району жоюлуп анын составындагы Кулатов атындагы совхоз толугу менен Ноокат районуна өткөрүлүп берилип калган бөлүгү Фрунзе районуна кошулат. [88].

1938-жылыдагы СССРдин административдик-территориялык бөлүүнүүсү боюнча Кыргыз ССРинин курамында 2 округ, 47 район, 508 айылдык кеңеш, 8 шаар болгон. Анын ичинде райондого таандык 6 шаар, 11 жумушчу шаарчасы, райондорго таандык 2 жумушчу шаарчасы, 2 жумушчу шаарча айылдык кеңешке таандык болгон. Биз изилдөөгө алып жаткан Кадамжай району караган, кайрадан түзүлгөн Ош округдук административдик аймактын курамына 14 район, 131 айылдык кеңеш, 2 шаар, райондун курамына кирген 2 шаар, 3 жумушчу шаарчасы, анын ичинде 1 шаар тибиндеги кыштак кирген. Борбору Пульгон айылы болгон райондун жалпы аянтын 3,8 $км^2$ түзүп, курамында 5 айылды, 1 шаар тибиндеги жумушчу кыштагы болгон. [13]

Кадамжай районуну аймактык бүтүндүүлүгүнө байланышкан Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президимунун чечимдери КР БМАнын фондунда сакталган. Алсак, Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президимунун 1939-жылдын 9-октябындагы жыйынын №18 чечиминин (протоколунун) 83 чечими боюнча Халмион районундагы Берлик айылынан Ак-Турпак, Үтүкчү, Сары-Камыш, Кесей жана Чоң-Чара калтуу пункуттарын бөлүп, өз алдынча Ак-Турпак айылдык кеңеши түзулгөн. Борбору Ак-Турпак айылы болгон. Ушул эле чечимде белгиленгендей Берлик айылдык кеңеши Хайдархан айылы болуп аталган.[14] Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин аталган чечиминин негизинде Фрунзе, Ысcык-Көл, Жалал-Абад, Ош областтарынын Кыргыз ССРинин курамында түзүлүшү боюнча 1939-жылдын 21-ноябрында СССР Жогорку Кеңешинин Буйругу чыккан.[15]

50-жылдардын аймагында райондун административдик-аймагы кеңейген, Башкача айтканда Кадамжай районун аймагына 1959-жылдын 26-

ноябрында таркатылган Үч-Коргон районунун курамына кирген айрым айылдар кошулган.[16]

Бүгүнкү күндө Кадамжай району Кыргыз Республикасынын 1999-жылы 13-октябрдагы № 110 Мыйзамынын негизинде түзүлгөн Баткен областынын курамына кирет. Аталган Мыйзамдын 1 статьясында белгиленгендей областын аймагы КРнын Ош областына караган Баткен, Кадамжай, Лейлек райондорунун жана Кызыл-Кыя шаарынын чек аралары менен белгиленген.[17]

Райондун калыптануу тарыхына байланыштуу бир катар документтер КР БМА, КР СД БМА, Ош облусттук жана Баткен облусттук мамлекеттик архивдерде сакталган.

КР БМАнын *2359 фондогу 624 документте (оп.2) Халмион районунун борборун* курууга байланыштуу документтер сакталган. Андагы маалыматтан биз Холмион районун борборун куруу үчүн Ворошилов айыл чарба артелиненин аймагынан 35,15 гектар жерди бөлүп берүүнү СССРдин (Главное управление землеустройства НКЗ СССР) Жерге жайгаштыруу бөлүмү Кыргыз ССРинин Жерге жайгаштыруу бөлүмүнө тапшыргандыгын билдик.[18] СССРдин Жер маселеси боюнча Эл комиссариатынын жерге жайгаштыруу боюнча Башкы башкармалыгы (Главное Управление Землеустройства НКЗ СССР) Кыргыз ССРинин жерге жайгаштыруу бөлүмүнө 1939-жылдын 25-сентябрында жиберген эсертүүсүндө белгилеген: «Главное Управление Землеустройства НКЗ СССР просит срочно предоставить протокол общего собрания колхоза Ворошилова об изьятии 35,15 га землю под строительства райцентра».[19] Борбордун тапшырмасын аткаруу үчүн 1938-жылдын 3-мартында Халмион районунун Ворошилов атындагы колхоздун Охна айылдык кеңешинин колхоздун 294 мүчөсүнөн 262си катышкан жалпы жыйыны болуп өткөн. Жыйындын протоколунда белгиленгендей Холмион районунун аткаруу комитетинин председатели Шерматовдун берген маалыматынын негизинде, жыйындын катышуучулары колхоздун 1-бригадасына тийешелүү 35,15 га участок райондун борборун

куруугa берилген (№ 2 протокол, 3-март 1938-ж.).[20] Айылдык кеңештин аталган протоколунун негизинде Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Кеңешинин1939-жылдын 16-майындагы № 672 протоколунун чечими менен райцентрге өткөрүлүп, ошол участокто жайгашкан колхоздун 19 чарбасын[21] (Тиркеме0) Холмион РАК (РИК) баалоо (оценочной) комиссиясы аныктаган райондун маданий-турмуш курулуштарына жумшалуучу (ассигнованных) каражаттан 25637,76 руб көчүрүлгөн колхозчулгды кайра жайгаштырууга, алардын кетирген чыгымдарын төлөөгө жумшалган.[22]

Жогорудагы архивдик маалыматта белгиленгендей Жерге жайгаштыруу боюнча Башкы башкармалык райондун борбору үчүн жерди бөлүп берүү менен эле чектелбестен, ал жерде жашаган колхоздун мүчөлөрүнүн чарбаларын кайра жайгаштыруу маселесин дагы талап кылуу менен мамлекеттен каражат бөлгөн.

Изилдөөнүн **үчүнчү топтогу** булактарына Кадамжай аймагынын тарыхы, өнүгүүсү боюнча түздөн-түз катышышкан инсандардын, мамлекеттик ишмердердин эскерүүлөрү, мамлекеттик, аймактык жыйындардагы, талкууларлордогу сөздөрү, билдирүүлөрү, эскерүүлөрү кирет.

Аймактын өнүгүү тарыхы боюнча ушундай тарыхый булактардын бири катарына КР СД БМАнын № 56 фондусунундагы 891 документте сакталган Кадамжай сурма комбинатынын жумушчуларынын 1941-жылдын 23-июнундагы жыйынын стенограммасы кошсок болот.[24] Анда комбинаттын катышуучулары өздөрү согушка моблизациялангандардын катарында эсептешээрин билдиришип, өздөрүнүн эмгек постунда эки эсе энергияда иштешээрин айтышкан жана фронтко канча металл керек болсо ошончо металл өндүрө тургандыгын төмөкүдөй билдиришкен: “Объявляем себя моблизованными и берем обязательство с удвоенной энергией работат на своих постах, чтобы выработат столько металла, столько требуется фронту”.[25] Жыйынга үйүндө иштебеген 130 аял катышып, согушка кете

турган күйөөлөрүн, балдарынын оордуна иштөөгө даяр экендиктерин билдиришип, өндүрүш процессине окутуп, үйрөтүүнү талап кылышкан.

Аймактын өнүгүүсүн изилдөөдө аймактын табигый, демографиялык өзгөчөлүктөрү менен бирге анын улуттук, мамлекеттик ички, тышкы экономикалык байланыштарына көнүл бурулушу шарт.[26] Мамлекеттин аминистративдик-аймактык түзүлүшүндө негизги стратегиялык багыт

Тарыхый процесстин айрым жактарын мүнөздөгөн жеке кубулуштарды изилдөөгө багытталган конкреттүү-проблемалык ыкманын негизинде Кадамжай районун тарыхы диссертациялык изилдөөгө алынып тарыхыйлуулук, объективдүүлүк принциптеринин негизинде комплекстүү проблема катары алынды.

Акыркы жылдары Кыргызстандын тарыхында аймактарды таануу багытында изилдөө актуалдуу маселелердин бири. Ошол эле учурда аймактарды таануу тарыхы боюнча  изилдөө ишин белгилүү бир изилдөөнүн ыкмаларысыз  ишке ашыруу мүмкүн эмес. Диссертациялык ишти жазууда тарых илиминин тарыхыйлуулук (историзм), объективдүүлүк принциптерин сактоо менен бирге системалуулук, сурамжылоо, тарыхый-баяндоо, статистикалык талдоо, тарыхый-салыштырмалуулук, биографиялык, тарыхый-хронологиялык, себеп-натыйжаларын талдоо, байкоо жүргүзүү, ретроспективдик жана оозеки тарых ыкмалары колдонулду. Белгилүү советтик окумуштуулар И. Д. Ковалченконун, Б. Г. Могильницкийдин, Е. М. Жуковдун, Н. И. Смоленскийдин тарыхый изилдөөлөрдүү жүргүүзү боюнча изилдөө ыкмалары жетекчиликке алынды.

Тарыхый изилдөөлөрдүү жүргүзүүнүн ыкмаларын аныкташкан окумуштуулар илимий изилдөө иштеринде тарыхый фактыларды интерпретациялоодо тарыхыйлуулук принциптин сакталышы менен объективдүүлүктүн сакталышы эң негизги шарттардан экендигин белгилешкен.

Тарыхый изилдөөлөрдөгү *тарыхыйлуулук (историзм)* негизги методологиялык принцип болуп эсептелет. Изилдөө ишиндеги

*тарыхыйлуулук* принциби изилдөөгө объектиси менен предметин, хронологиялык алкагын, мезгилин тактоодого өбөлгө түзөт. Тарыхыйлуулук принцибинин сакталышынын негизинде изилдөөгө алынган тиешелүү доордун конкреттүү тарыхый кырдаалын эске алуу менен изилдөөнүнүн тарыхый өнүгүүсүнүн этаптарынын мүнөзүн аныктоого болот. Диссертациянын хронологиялык чеги Кыргызстандын советтик жана совет мезгилине чейинки мезгилине туура келет. Кадамжай районуну калыптануу мезгили, анын стратегиялык мааниге ээ экономикалык аймакка айланышына себеп болгон сурма, сымап кендерин иштетүү боюнча комбинаттардын ишке берилиши аймактын өнүгүү тарыхы СССРдин курамындагы Кыргызстандын өнөр-жайынын өнүгүүсүндөгү негизги багыттары менен байланышта болгон.

Тарыхыйлуулук принцибинин негизинде аныкталган тарыхый өнүгүүнүн этаптарына изилдөөнүнүн негизинде топтолгон тарыхый булактык маалыматтарды интерпретациялоодо *илимий объективдүүлүк* сакталды. Тарых илими эң курч идеологиялык күрөштүн куралы болуп келгендигин жана болуп кала бергендигин эске албай коюуга болбойт. Айрым советтик тарыхнаамадагы изилдөөчүлөрдүн мамлекеттин саясатын аныктоодон келип чыккан илимий көз караштарды тактоодо тарыхыйлуулук жана объективдүүлүк принциптери изилдөөнүн жүрүшүндө негизги ролду аткарды. Натыйжада изилдөөгө алып жаткан Кадамжай аймагынын советтик жана совет мезгилинен кийинки учурдагы социалдык-экономикалык өнүгүү этаптарына тарыхый фактрлардын негизинде мүнөздөмө берүүдө оң жана терс жактары объективдүүлүк принцибинин негизинде аныктылып, илимий баа берилди.

Изилдөөдө белгилүү болгондой детерминизм принцибине ылайык бардык байкалган тарыхый өзгөрүүлөр кокустук эмес, белгилүү алгылыктуу шарттар менен аныкталган себеби бар. Тарыхый өнүгүүнүн процессиндеги өзгөрүүлөр белгилүү бир убакыттагы, мезгилдеги өнүгүүнүн мүнөзүндө жүрөт.[27] Диссертациялык изилдөөдөгү Кадамжай районунун советтик жана андан кийинки мезгилдеги өнүгүү процесси, ошол учурдагы Кыргызстандагы

коомдук, саясий жана экономикалык жагадайларга байланыштуу болгондугун белгилейбиз.

Тигил же бул тарыхый изилдөөлөрдөнүн проблемасы таанып-билүү процесстеринин татаалдыгы менен көп түрдүүлүгүнөн айрым учурларда жалпылык мүнөзгө дагы ээ. Тарых илими салыштырмалуу башка коомдук-гуманитардык илимдерге караганда комплекстүү жана интегралдуу жалпылыкка ээ. Изилдөөгө алынып жаткан Кадамжай районун тарыхын изилдөөдө дагы жалпы коомдук илимдердин тутамындагы изилдөө ыкмалары дагы кеңири колдонулду.

Диссертациялык изилдөө ишинде тарыхый изилдөөлөрдө кеңири колдонуулучу конкреттүү-тарыхый, тарыхый-логикалык, тарыхый-салыштырма, статистикалык маалыматтарды талдоо сыяктуу бир катар методологиялык ыкмалар колдонулду.

Кадамжай районун тарыхын изилдөөдө өткөндү таанып-билүүдөгү *ретроспективдик ыкманы* колдонуу менен райондун аймагынын совет мезгилиндеги жана андан кийинки учурундагы калыптануу, өнүгүү динамикасына анализ кылынды. Натыйжада, 1933-2008-жж. аймактын тарыхы тарыхый булактардын негизинде комплекстүү каралып аймактын админстративдик түзүлүш катарында калыптануу тарыхы, экономикалык жактан өнүгүсүүнө шарт түзгөн өбөлгөлөр менен шарттарына көңүл бурулду. О.э. тарыхый булактардын негизинде ошол мезгилдин учур талабын объектидүү кароо менен жалпылык мүнөзгө ээ, изилдөө иштериндеги жетишкендиктерди ырастоо менен бирге айрым бир мүчүлүштүктөрүн толуктап калыбына келтирүүгө көнүл бурулду.

*Тарыхый-салыштыруу ыкмасы* башка тарыхый окуялар менен түздөн-түз салыштыруу, теорияны куруу же бүгүнкү күнгө шилтеме берүү аркылуу белгилүү бир убакыттан жана жерден тышкары түшүндүрмөлөрдү түзүү максатында тарыхый окуяларды иликтеген коомдук изилдөө ыкмасы. Коомдогу болуп өткөн тарыхый окуялардын өз ара диалектикалык байланыштыгынан улам тектеш окуяларда максаты, мүнөзү жагынан тигил

же бул маселеде кайсыл бир деңгээлде окшоштуктардын болушу толук ыктымал. Изилдөөнүн жүрүшүндө тарыхый фактларды салыштыруунун негизинде жүргүзүлгөн ыкманы колдонуу менен аймактын өнүгүү тарыхындагы өсүү динамикаларынын, башка аймактардагы тектеш тарыхый процесстердеги окшоштуктар менен айырмачылыктарды аныктоодо колдонулду. Кыргызстанда түштүк аймактарындагы тарыхый окуялардын мезгилдик байланыштагы саясий, социалдык, экономикалык өнүгүүсүнө байланыштуу калктын отрукташуусу менен бирге бир катар айылдар менен шаар тибиндеги кыштактар калыптанган. Кадамжай районун аймагындагы белгилүү Кадамжай сурма комбинаты менен Айдаркен сымап комбинаттары Кыргызстандын өнөр-жайынын өнүгүүсүндөгү учурунда союздук деңгээлдеги ишканалардан болгон. Аймактын тарыхый-экономикалык өнүгүүсүн изилдөөдө тарыхый-салыштырма изилдөө ыкмасынын негизинде Кыргызстандын түштүк аймагындагы башка райондор менен салыштыруу анализи райондун өнүгүү динамикасын комплекстүү кароого мүмкүндүк берди.

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө Кадамжай районунун тарыхына байланышкан архивдик булактар, статистикалык маалыматтар, тарыхый фактлар тарыхый, логикалык ыкмалардын негизинде системалаштырылып жыйынттыктарды чыгарууга өбөлгө түздү. Изилдөө ишинин алкагындагы  аймактагы болуп өткөн окуялар жалпы тарыхый окуялардын ичиндеги системанын бөлүгү катары каралды, мында тарыхый-системдүүлүк методу колдонулду. Натыйжада Кадамжай районунун тарыхы Кыргызстандын административдик экономикалык аймактык тарыхы катары өлкөнүн тарыхын толуктамакчы.

Статистикалык маалыматтардын топтомун *системалаштыруу ыкмасынын* негизиндеги статистикалык маалыматтардын топтомуна илимий анализ жүргүзүүдө аймактын экономикасынын өсүү динамикасы менен этнодемографиялык, миграциялык абалынын тарыхы иликтенди.

Диссертациялык иликтөөгө алынган Кадамжай районундагы калктын өсүү динамикасы, демографиялык көрсөткүчтөрдү, жумушчулардын сандык жана сапаттык өнүгүүсүн шарттаган абалды статистикалык талдоо аркылуу дыкат иликтеп калктын санынын өсүүсүн менен бирге ички жана тышкы миграциялык процесстериндеги сандык көсөткүчтөрү аныкталды. Ар кандай статистикалык изилдөөлөрдө колдонулгандай биздин иште да маалыматты чогултуу, чогултулган маалыматты иштетүү, натыйжаларына талдоо жүргүзүлдү. Статистика изилдөө объектисине тиешелүү бардык олуттуу факторлорду камтыган каттоо боюнча статистикалык материалдар системалаштырылып, тарыхый изилдөө ыкмаларынын негизинде илимий айлампага киргизилип, жыйынтыктар чыгарылды. Көрсөткүчтөрдү жалпылоо ыкмасы статистиканын жардамы менен экономиканын, анын ичинде өнөр жайынын өнүгүшүн же төмөндөшүн, калктын социалдык абалын мүнөздөөгө мүмкүндүк берди. Жөнөкөй дыйкан, жумушчулардын санынын көрсөткүчүнө тийгизген өнүгүнүн оң жана терс тарыхый мыйзамченемдүүлүктөрүн аныктоого аракет кылынды. Алсак, дүйнөлүк деңгээлде белгилүү болгон өнөр жай ишканаларынындагы кризсттин келип чыгышы, анын таасиринде полиэтникалык жумушчулардын курамы кескин кыскарып моноэтникалык курамга айланып, инженер-техниктердин да саны олуттуу кыскаршы менен бирге, калктын ички жана тышкы миграциянуусуна тийгизген кесепеттери аныкталды.

Райондун аймагынын өнүгүү тарыхы белгилүү тарыхый инсандардын күжүрмөн эмгеги менен уюштуруучулук жөндөмдөрүнө дагы байланыштуу болгон. Ошондуктан, изилдөө ишинде *биографиялык ыкма* дагы кеңири колдонулду. Биографиялык ыкма инсанга, анын жашаган чөйрөсүнө жана анын бүткүл өмүрүндө болуп жаткан ар кандай социалдык процесстерге багытталган талдоо. Аталган ыкманын натыйжасында Кара-Кыргыз автономиялуу областы түзүлгөн күндөн башталган райондун территориясынын аймагынын чектелиши менен анын бүтүндүүлүгүнө байланышкан маселерге түздөн-түз катышышкан белгилүү инсандар, анын

ичинде Кадамжайдын өзүнөн чыккан белгилүү коомдук, мамлекеттик ишмерлер болушкан. Алсак, Кыргыз АССРнын Борбордук Аткаруу комитетинин Президиумунун Председатели Абдыкадр Орозбековдун салым чоң болгон. Биографиялык ыкманын негизинде мамлекеттик ишмерлер Абдыкадр Орозбеков, Социалисттик Эмгектин басып өткөн эмгек жолунун тарыхына анализ кылынды. Анткени, алардын эмгек таржымалын райондун калыптануу, өнүгүү тарыхы менен байланышта болгон. Биографиялык баяндап жазуу ыкмасы айрым окуяларды тарыхый далилдерден, адабияттардан жана архивдик булактардан сырткары жергиликтүү элдин эс-тутумунда калган фрагменттерди сурамжылоо аркылуу так архивдик ж.б., маалыматтарды толуктоо иретинде пайдаланылды.

Тарыхый изилдөөнүн *эмпирикалык ыкмасы* (тарыхый маалыматтарды чогултуу ыкмалары) илимий изилдөөнүн негизгин түздү. Диссертациялык ишти жазууда архивдик, статистикалык маалыматта менен изилдөө ишинин объектиси менен предметине ылайык тарых наамалык эмгектердеги маалыматтар менен бирге андагы негизги жыйынтыктар дагы роль ойноду. Диссертациялык ишти жазууда 10дон ашык тарыхый булактык эмгектер менен бирге 100дөн ашык илимий эмгек колдонулду.

Изилдөө ишинде жалпы илимий ыкмалардан болгон *системалуу поход* жана *системалуу анализ* колдонулду. Аймактын өнүгүү тарыхына таасир эткен ар бир мезгил белгилүү бир системада өткөн. Ошол системада өткөн тарыхый этапты системаларына карай этаптарга бөлүү менен анализ жүргүзүү изилдөөнүн максатына ылайыктуу. Ар бир системанын өзүнүн түзүлүшү, структурасы жан функциясы бар.[28] Ошол эле учурда социалдык, коомдук, саясий жана экономикалык институттардын системасынын болушу мыйзам ченемдүү. Системалык ыкманын негизинде аймактын өнүгүү тарыхынын этаптарындагы мамлекеттин түзүлүш системасы менен о.э. тарыхыхый өнүгүүнүн этаптарындагы социалдык, коомдук, саясий жана экономикалык институттардын системасы боюнча анализ кылынды.

Диссертациялык иштин алкагында Кадамжай районунун 1930-2008-жж. тарыхын комплекстүү изилдөө тарыхый окуялардын мезгилдик ырааттуулугун сактоодо хронологиялык метод пайдаланылды. Аймактын коомдук, саясий, социалдык, экономикалык тарыхын иликтөө ишинде изилдөөнүн белгиленген хронологиялык алкагы сакталды.

Жыйынтыктап айтканда диссертациялык иште негизинен изилдөөнүн тарыхыйлулук, объективдүүлүк принциптерин сактоо менен ретроспективдик- реконструкциялоо, тарыхый-салыштыруу, эмприкалык, статистикалык, билиографиялык, системалаштыруу жана хронологиялык ыкмалары колдонулду менен изилдөөнүн максатына жетке алдык. Темага байланыштуу булактарды, эмгекетерди, талдоо аркылуу аймактын советтик жана постсоветтик мезгилдеги өнүгүү абалы боюнча объективдүү жыйынтык чыгарууга аракет кылдык.

# III БАП. КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН СОВЕТ ДООРУНДАГЫ ТАРЫХЫ ЖАНА СОЦИАЛДЫК, ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮСҮ (1938- 1990-жж)

## 3.1. Райондун админстративдик-аймактык калыптануусу жана социалдык инфраструктурасынын түзүү тарыхы

Орто Азияны улуттук аймактарга бөлүштүрүүдө: чек араны улуттук белгилерге карата аныктоо принциби; Жерлерди пайдаланууга карата бөлүштүрүү; Экономикалык бүтүндүүлүк принциптерин каралышы шартталган.[29]

СССРдеги административдик аймактарга бөлүштүрүүдөгү Госпландын иштеп чыккан долбоорундагы эң негизги принциптердин бири аймакты экономикалык жактан пландаштырууга ыңгайлуулугу болгон жана төмонкү факторлор эске алынган: табыгый-тарыхый ресурстардын болушу (естественно-исторических ресурсов), калктын жыштыгы жана бөлүнүшү, өнөр жай жана техникалык баалулуктарынын болушу, транспорттук шарт жана чарбачылыктын борборунун болушу. («естественно-исторических ресурсов, плотности и распределения населения, существующих промышленных и технических ценностей, транспортных условий и хозяйственных центров».[30]

Совет бийлигинин 20-30-жылдардагы жүргүзгөн саясатынын көп жагы Кыргыз эли жана бүтүндөй республиканын тарыхында өзгөчө өзгөрүүлөрдү жараткан.[31] Совет мезгилинин алгачкы жылдарында Кыргызстандын территориясы Туркстан АССРнын курамына кирген. 1920-жылдарда жүргөн Кыргызстандын административдик-аймактыктарга, райондорго бөлүү процесси кыргыз элинин коомдук-саясий турмушундагы эң орунутту тарыхый окуялардан болгон жана ал мамлекеттин өз алдынча калыптануусуна негиз салган.

СССРдин территориясын административдик-аймактарга бөлүүнүн башкы этабындагы Госпландын берген сунушунда бир жагынан, волосттун бардык экономикалык, табигый жана социалдык шарттары белгилүү бир байланышта жана шартта турган реалдуу турмуштук аймак катары туура аныктоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кыла турган критерийди табуу керек, экинчи жагынан районду мындан ары өнүктүрүүнүн жолдорун белгилөөгө мүмкүндүк берүү жагы каралган: «Здесь необходимо найти тот критерий, который, с одной стороны, обеспечить возможность правильного определения волости, как реально существующего района, где все хозяйственные, природные и общественные уловия находятся в определенной связи и обусловленности, и, с другой стороны, позволит наметить пути дальнейшего развития района».[32] Бирок, улттук-райондорго бөлүштүрүүдөгү калк жашаган айылдардагы улуттук критерийлер, өзгөчө Кара-Кыргыз автономиялуу областынын чек араларын бергилөөдө жабыр тарткан.

Кыргызстандын аймагынын административдик-аймактык бөлүүнүн алгачкы этабы 1924-1938-жылдар аралыгын камтыйт. Кара-Кыргыз автономиялуу областынын түзүү алдында бөлүнгөн алгачкы административдик аймактарга бөлүү 1924-жылдын 13-июнунда түзүлгөн Орто Азияны райондоштуруу боюнча комиссия тарабынан иштелип чыккан. Комиссияны Эмгек жана Коргоо Кеңешинин төрагасы Шелехес жетектеген. Комиссия тарабынан түзүлгөн материалдар атайын Ликивидациялык комитетте каралган. Ликвидкомдун негизги милдети мамлекеттин бюджетиндеги мекмелерди, ишканаларды бөлүштүрүү болгон. Орто Азияны райондоштуруу боюнча комиссия Ташкенте болгондуктан, комиссияда Өзбекстан ССРинин кызыкчылыгын коргогондор басымдуулук кылган. Бүгүнкү күнгө чейин чечилбей келе жаткан чек ара маселеси XX кылымдын 20-30-жылдарында эле башталган. 1924-1930-жылдардагы райондоштурууда туруктуу болгон эмес, бат-бат өзгөртүүлөргө кабылган.

Изилдөөгө алган райондун аймагы дагы талаш-тартышты жараткандыгын төмөнкү маалыматтан билсек болот: Кара-Кыргыз автономиялуу областынын райондоштуруу боюнча комиссиясы 1925-жылдын 10-11-апрелинде этникалык кыргыздар жашаган Исфана, Чалкулук, Ханабад болуштуктары боюнча толук, Курган-Тепе, Кара-Суу, Чемион, Маняк, Булак-Баш, Мархамат болуштуктарынын айрым айылдары, экономикалык кызыктчылыктан Сүлүктү шахта кени, Варзык, Вуадил, Чимион, Зеркент айылдары туура эмес райондоштурулгандыгын билдирген нараазычылыктарын Ликвидкомго жөнөтүшкөн.[33]

Кыргыз өкмөтүнүн суроо-талаптары толук аткарылган эмес, айрым аймактарды гана кайртарууга мүмкүнчүлүк болон. Алардын арасында Кара-Суу, Чимион, Курган-Тепе, Жалал-Кудук болуштуктары кириген.[34]

Аймакты райондоштуруу боюнча Түркстан комиссиясынын биринчи долбоору жетиштүү деңгээлде негиздүү болбогондуктан жаңы түзүлгөн Кара-Кыргыз автономиялуу областынын И. Айдарбеков башында турган ревкому 1924-жылдын 15-ноябрында автономиялуу областы райондоштуруу боюнча комиссия түзгөн. Комиссиянын курамына Янгулатов, Тойчинов, Малышев, Дублицкий кирген жана аларга Кыргызстандын чек арасын тактаган карта түзүп, басып чыгаруу тапшырылган.[35] Ревкомдун Коммисияга койгон эң негизги милдети чек араны тактоо, бөлүнүп калынган аймактарды административдик-территориялык бөлүүнүн принциптерине ылайык бириктирүү үчүн жетиштүү маалыматтарды тактоо болгон: «выявить с достаточной ясностью внешние границы и связать эти разрозненные куски б. областей и уездов в новые самостоятельные и жизнеспособные единицы, согласно принятым принципам административно-территориального деления».[36]

Комиссиянын сунушу менен КАОнын Ревкому 1924-жылдын 3-декабрында Кыргызстандын аймагын убактылуу 4 окуруг (Пишпек, Каракол, Жалал-Абад, Ош), 76 волостко бөлгөн.[37] Райондоштуруу боюнча комиссия иштеп чыккан жаңы долбоор 1926-жылдын 17-августунда Орто Азия

комиссиясынан жактырылып, ошол эле жыдын 16-ноябрында РСФСРдын ББАКнын Президиумунун алдындагы Админстративдик комиссия тарабынан бекитилген.[38] КАОнын аймагы 7 кантон, 52 волостко бөлүгөн. Кадамжай районун айрым аймактары Ош кантонун курамына кирген.[39]

Ош округдук революциялык комитети 1924-жылдын 29-декабрындагы жыйынында Ош округун административдик райондоштуруу жөнүндө маселе каралып, волостук (волостор 1000 түтүндөн турган) башкаруунун натыйжалуулугуна токтолот. Исфайрам волосту (борбору Кара-Дөбө) курамында кыргыз, өзбек. Күлдү волосту (борбору Халмион) курамында кыргыз, өзбек.

Волосттордун улуттук курамында айырма даана байкалып, коомдук кооперативдик жана башка уюмдардын кубаттуулугу да айырмаланып турат. Волостордун географиялык абалы жана табигый-тарыхый шарттарынан улам анын социалдык тармагы, айрым райондорду өтө эле бир калыпта камтый алган эмес. Үч-Коргон, Халмиондун аралаш калктуу элдеринин муктаждыктары мезгилинде чечилген эмес. Ош округунун улуттук курамынын негизин кыргыздар - 50,6%, өзбектер жана сарттар -46,7%, тажиктер - 0.4%, орустар - 2,1%, башка улуттар - 0,2%. Айыл калкынын 62,2% кыргыздар, өзбектер - 35,3%, калган улуттар 2,1% . Маалыматтардан көрүнүп тургандай калктын басымдуу бөлүгүнүн 97% айылдарда жашайт.

1927-жылы ноябрда Ош, Жалал-Абад кантондору бириктирилип Ош округу болуп кайра түзүлгөн. 1930-жылы Кыргыз АССР район, шаар административдик аймакка бөлүнүп, бул бөлүүнү союздук Республика болуп кайра түзүлгөнгө чейин сакталаган. *[83]*

1938-1962-жылдары Кыргыз ССРинин территориясы төрт Жалал-Абад, Ыссык-Көл, Ош жана Тянь-Шань окуругдарына бөлүгөн. СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1939-жылдын 21-ноябрында чыккан Буйругу менен Кыргыз ССРиндеги округдар област болуп кайра түзүлгөн.

Молотов (7-10-май 1937-ж.) курамында Үч-Коргон, Кара-Кыштак, Жал, Майдан, Марказ, Кара-Дөбө, Суухана жана Төөмоюн село советтери менен

куралган. 1938-года 2-марта Кыргыз ССРинин БАК Президиумун Молотв районун бөлүнүшү боюнча чечим кабыл алган.[40] Молотов районунун курамынан Кутермин, Охна, Холмион, Берлик, Яркутан айылдык кеңештерин бөлүп өз алдынча район түзүлгөн.[41] Жаны түзүлгөн район Холмион аталып, борбору Пульгон айылдык кеңеши бекитилген. БАК Президиуму Кыргыз ССРинин БАКнин Холмион районун уюштуруу комитетини жаңы түзүлгөн райондун айылдык кеңештерин айылдарга бөлүштүрүү менен бирге Кадамжай кенин алдында жаңы жумушчу кыштагын түзүүнү тапшырган. [42]

Кыргыз ССРинин БАКтинин Холмион районун уюштуруу комитетинин ходотайствосунун негизинде Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президимунун 1939-жылдын 18-сентябрында Буйругу менен райондогу Берлик айылдык кеңешин курамынан Ак-Турпак, Үтүкчү, Сары-Камыш, Кесей, Чоң-Чара калктуу пункуттарын бөлүп борбору Ак-Турпак айлы болгон "Ак-Турпак" айылдык кеңешин түзгөн.[43] Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин ушул эле буйругу менен Берлик айылдык кеңешинин борбару Байдаркан айылы бектилген.

1940-жылдын 19-октябрында СССР Жогорку Кеңешинин Президиумунун «Об увековечении памяти М. В. Фрунз» Буйругунун негизинде пролетариаттын полководеци М. В. Фрунзенин ысымын түбөлүкө сактоо максаныда Кыргыз ССРинин Ош областынын курамындагы Халмион району Фрунзе району жана Кадамжай кенине М. В. Фрунзе атындагы кени деп атаган.[44]

Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун 1940-жылдын 19-декабрындагы Буйругу менен Ош областынын Фрунзе районунун борбору Пульгон айлы Фрунзе айлы жана Кадамжай жумушчу шаарчасы аталышы дагы Фрунзе болуп өзгөртүлгөн.[45] Ал эми Хайдаркан кенинин алдындагы жумушчулардын калтуу пункутуна Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин 1942-жылдын 13-февралындагы Буйругу боюнча Хайдаркан жумушчу кыштагы деген ат берилген.[46]

1959-жылы Үч-Коргон району жоюлуп анын составындагы Кулатов атындагы совхоз толугу менен Ноокат районуна өткөрүлүп берилип калган бөлүгү Фрунзе районуна кошулат. *[88*].

Улуу Ата Мекендик согуш учурундагы өнөр жайдын өнүгүшүнө байланыштуу бир катар калктуу пункттар шаарлар, шаар тибиндеги жумушчу кыштактары болуп түзүлгөн. 1942-жылдын февралындагы Кыргыз ССРинин Жогорку Кенешинин Президиумунун Буйругу менен Хайдаркен (Айдаркен) ири жумушчу кыштагы түзүлгөн.[47]

1928-жылдын 24-декабрынан 1959-жылдын 6-июлуна чейин Ош областынын курамынданы алгач Кызыл-Кия (1928-1936-жж.), 1936-1957-жылдын 6-июлуна чейин Молотов, андан кийин 1958-жылдын 26-ноябрь чейин Үч-Коргон району деп аталган район жоюулуп, райондун аймагы Ноокат жана Фрунзе районунун карамагына бөлүнгөн.

Кыргыз ССРинин мезгилинде Кадамжай району менен Өзбек ССРинин Алты-Арык жана Фергана райондорунун колхоздорунун ортосундагы жер территориялык чыр-чатактары катталып, бир топ жылдардан бери уланып келеткандыгын, аталган райондордун жетекчилери тарабынан четтетүү боюнча бир нече жолку жасаган аракеттеринен майнап чыккан эмес. Пландуу картографиялык материал жоктугунан эски республикалык чек араны калыбына келтирүү татаалдашкан. Ал эми жерди иш жүзүндө пайдалануу жер чектери өз ара бири-бирине кирип кеткендиктен (бул нерселер да түп-тамырынан өзгөртүүнү талап кылат) Кыргыз ССРинин эл комиссарлар совети жана Жогорку Советин Кыргыз ССРинин Кадамжай району менен өзбек ССРинин Алты-Арык жана Кадамжай райондорунун ортосунун республикалык чек араны учурунда бир топ аралыкка чейин алмашып калгандыгын жана аралаш суу пайдаланууну эске алуу менен табигый, географиялык белгилерине карата аныктоо боюнча СССР Жогорку Советинин аракет ишин козгоо жагы суралган. Кадамжай району менен Алты-Арык райондорунун ортосунда респубикалык чек араны аныктоо

маселени ошол кездеги жетекчилер аягына чыгаралбай бүгүнкү күнгө чейин чырга айланды.

Азыркыга чейин табигый, географиялык белгилери боюнча так аныкталган республикалык чек арасына ээ эмес. Мунун натыйжасында аталган райондордун колхоздорунун ортосунда жыл сайын айрым жер участкаларын, бүтүндөй жер массивдерин пайдалануу укугу боюнча чатактары болуп келген. Мунун өзү албетте, алардын нормалдуу чарба жүргүзүү ишмердүүлүгүнө жолтоо болгон. Аталган райондордун жетекчилери тарабынан болуп жаткан жер чатагын өз жеринде жогорку уюмдарды аралаштырбай эле бир нече жолу жасалган аракеттери натыйжа берген эмес. Алсак, Кадамжай районун Калинин атындагы МТС, Жоошук ж.б. колхоздору. Азыркы учурда республикалык чек ара жүзүндө пайдаланган жерлери - чек аралары эсептелет. Айта кетчүү нерсе эки республиканын тең колхоздорунун иш жүзүндө пайдаланып жүргөн жерлери бир катар олуттуу кемчиликтерге жол берилген. Алты-Арык районундагы Вуадыл айылдык өкмөтүнүн Бирлик колхозунун бир бригадасы биздин райондун аймагында райборбордон 10км аралыкта турган. Айрым элдүү пункттар (Шахимардан, Иордан) кыргыз айылдарынын ортосунда жайгашып, административдик баш ийүү боюнча Өзбек ССРине карайт. Ал эми Өзбек кыштактарынын ортосунда жайгашкан Катпут кыштагы Кыргыз ССРине баш ийет. Кийинчерээк бул айыл Өзбек ССРинин курамына кирген. Ал эми Шахимардан, Иордан айылдары биздин мамлекеттин ортосунда анклав бойдон сакталып келет. Келтирилген фактылар республикалар аралык жерлердин бири-бирине тилкеленип, алмашып кирип калгандыгы аралаш суу пайдаланууну ошондой эле МТСтин машина паркын жана колхоздорду административдик чарбалык тейлөөнү жакшыртуучу территориялык (аймактык) шарттарды түзүүнү эске алып, республикалык чек араны жаңыдан аныктоо зарылдыгын көрсөтүп турат. Ушул маселеге ылайык жана жер чатактарын толук четтетүү максатында Кадамжай (мурдагы Халмион)

Райатком республикалык чек араны төмөндөгүдөй аныктоону максатка ылайыктуу деп эсептелген:

а) Калинин атындагы колхозу Өзбек ССРинин колхозунун жер пайдалануу чектеринде жайгашкан катары Өзбекстанга өткөрүп берүү:

б) Өзбек ССРинин Вуадыл, Каптархана административдик аймагынын карамагына Калинин атындагы колхозду өткөрүп берүү менен республикалык чек араны Кызыл-Таш тоо кыркасы аркылуу аныктоо зарылдыгы келип чыгат.

Мисалга алсак, 1). Калинин атындагы колхоз Өзбекстандын колхоздоруна караштуу жерлердин ортосунда турат жана райондук борбордон 45-50 км аралыкта жайгашкан. Бул болсо аны район тараптан да, МТС тарабынан да административдик чарбалык жактан тейлөөнү татаалдатат. Аны Өзбекстанга өткөрүп берсе бул терс көрүнүштөр четтетилмек.

2) Өзбекстандын 4 айылдык советин Кыргызстандын карамагына өткөрүп берүү менен аралаш суу пайдалануу маселеси чечилмек. Аталган айылдык советтердин аймагы Шахимардан дарыясынын сугат системасынын төмөнкү бөлүгөндө жайгашкан. Аларды Кыргыз ССРинин курамына киргизүү менен суу чарба жагынан тейлөө жана суу пайдалануу укугу жакшырмак. Өзбекстандын колхоздору Кыргыз ССРинин чектериндеги жайлоолордон пайдаланып келишкен. Өзбекстандын чек арасын Кызыл-Таш тоо кыркасы жана андан ары туурасы 5кмден ашыгыраак чөлдүү аймак менен бөлгөндө, административдик чарбалык тейлөө радиусу бир топ эле кыскарат. Вуадыл райондун борбору Ферганага чейин 25км, ал эми Алты-Арыкка чейин 38км аралыкта жайгашкан. Кыргыз ССРинин карамагына өткөрөлүп берилсе, тейлөө радиусу 15кмге чейин кыскармак. Ал эми республикалар аралык алмашкан жер тилкелеринин шартында тракторлордун пайдасыз кыймылы өтө эле көп. Көрсөтүлгөн айылдык советтердин атайын МТСи 30км аралыкта жайгашкан. МТС тарабынан мезгил-мезгили менен гана тейленет. Айтылгандардан сырткары

Өзбекстандын жогоруда көрсөтүлгөн айылдык советтеринин Кыргызстандын карамагына өткөрүлүп берилишиндеги оң факты болуп, республикалар ортосундагы жер-суу чатактарынын биротоло чечилиши эсептелет. Себеби, республикалык чек ара Кызыл-Таш тоо кыркасы аркылуу өтөт да, анын этектери жана түндүгүндөгү өрөөн айыл-чарба жумуштары үчүн жараксыз деп эсептелген. Ошондой эле бөлүштүрүү бир гана башкаруу системасы боюнча жүргүзүлөт. Муну менен Өзбекстандын колхоз талааларына кеткен суунун пайдасыз агымы олуттуу кыскарат. Кандайдыр бир себептерден улам такталбай келген, райондун борборунун (Фергана шаары) аймагында жана 45км алыстыкта жайгашкан өзбек калктуу пунктунан 25км аралыкта турат.

Мунун өзү көрсөтүлгөн кыштактар менен чектеш колхоздорду административдик чарбалык жактан тейлөөдө ыңгайсыздыкты жаратат. Мындай абалга чыдоого болбойт, ошондуктан Шахмардан, Иордан айылдары Кыргыз ССРинин административдик баш ийүүсүнө өткөрүлүүгө тийиш эле. Кадамжай районунун Сох капчыгайы тараптагы батыш чек арасын жаңыдан административдик чарбалык тейлөө бир республикага баш ийүүсү керек. Ошондой эле республикалар аралык жер тилкелеринин алмашып кирип кетүүсү түп тамырынан бери жоюлушу зарыл. Бул болсо көрсөтүлгөн чөлкөмдө маданий, чарбалык жана административдик тейлөөнү олуттуу даражада жогорулатат. Айтылганга ылайык Халмион (Кадамжай) райондук аткаруу комитети эске алуу менен республикалык чек араны жогоруда баяндалган фактыларды аныктоо тууралуу маселе чечилген эмес. Акыркы мезгилдерде кыргыз элитасынын көрүнүктүү өкүлдөрү Шахмардан анклавынын түзүлүп калуусуна А.Орозбековду күнөөлүү деп эл арасында далилсиз сөздөрүн айтышууда. Бирок мунун тескерисинче Кыргызстан БАКтын А. Орозбековдун жетекчилигинде 1927-жылы 15-мартында Шахмардан жөнүндө токтом кабыл алган. Анда: «Шахмардан жана Иордон айылдары Кыргыз АССРинин курамына сөзсүз кирүүсү керек. Өзбекстанга караштуу Шахмардан селсовети тез арада жоюлуп, Ош кантонунун курамынадагы Шахмардан селосовети болуп түзүлсүн. Ош кантондук

аткаруу комитетине Шахмардан селсоветин уюштуруу жана каттоо сунуш кылынсын. Райондоштуруу боюнча Орто Азия комиссиясынын Өзбек өкмөтү ага караштуу  Шахмардан селсоветин жоюнун мөөнөтүн белгилөө суралсын. Өзбек өкмөтү Шахмардан селсоветин жоюу маселеси кечиктирсе СССР БАКка чейин жеткирилсин». Мындан кыргыз Борбордук Аткаруу комитетинин позициясын толук түшүнүүгө болот. Демек, А. Орозбеков менен Өзбекстан БАКтын төрөгасы Ахунбабаевдин оозеки келишиминин негизинде «Шахмардан Өзбекстанга белекке берилген» деген сөздүн эч кандай негизи жок. СССР БАК бул маселеге кандайча аралашкандыгы белгисиз. Ал эми бул аймактагы чек ара маселеси мурдагы абалында өзгөрүлбөй калгандыгы белгилүү. Ошентип, Кыргызстандын аймагында мыйзамсыз анклавты пайда кылган. Кыргызстандын Вуадил, Кувасай, Мархамат, Заркент, Үч-Коргон, Исфара, Сох ж.б. экономикалык борбор катары саналган калктуу пункттарды өз аймагына бириктирүү боюнча аракеттери натыйжасыз аяктаган. 1927-жылдын 3-майында Кыргызстан Исфара жана Сох маселеси боюнча өз талабын канааттандырууга жетишкен. Бирок ага нараазы болгон Өзбекстан Кыргызтанга берилген жерлер жөнүндөгү союздук органдардын чечимин кийинки күнү эле жокко чыгарууга жетишкен. Жыйынтыгында Өзбекстан менен Кыргызстандын ортосундагы оор, акырына чыкпаган талаш- тартыштарды үч жылга токтотуу жөнүндө СССР БАК 1927-жылдын 4-майында чечим чыгарган.[48] Ошентип, Фергана өрөөнүндөгү мамилекеттик түзүлүштөр, этнотерриториялык бөлүнүүлүргү чекит коюлган. Жыйынтыгында 50 өзбек (тажиктер эл каттоодо өзбек деп туура эмес аталган), 14 сарт, 2 түрк жана бир канча кашкар айылдары кыргыз тарапта калган.

Эң өкүнүчтүүсү 100 кыргыз, 28 кыпчак,17 турк, ондогон кара калпак курама жана башка айылдар Кара Кыргыз автономиялуу областынын аймактык обьектисининин негизги бөлүгү – өзбек секторунда калган.

Архивдик маалыматтардын жардамында кыргыз өзбек чек арасынын чечилбеген иш-аракеттердин жыйынтыгын аныктап бөлүштүрүү зарыл.

Жылдар өтүп чоң жаңжалдын башаты болуп калуу себептери ачыктан ачык байкалат. Мезгилинде А. Орозбеков бир нече жолу жасаган иш аракеттери жыйынтыктуу болбойт. 1929-жылы Кыргыз АССРинде ирригациялык системаларда сууну учурда бөлүштүрүү жана пайдалануу тартиби боюнча №80 токтом чыгарган. Бул мыйзам биздин көп жылдар бою окуп үйрөнүүнүн, практикалык иш-аракеттердин жыйынтыгы менен философиялык жөдөмдүүлүгү күчтүү жетекчи катары А.Орозбековду таанууга түрткү берет. Мындай идеяны тастыктоо максатында Борбордук Аткаруу Комитетинин №154 протоколунун 7-пункту менен 25-мартта бекитилген. Бул Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин жана Эл комиссарлар Советинин №80 токтому 1929-жылы 15-мартта кабыл алынган эле. Анда негезинен Кыргыз жерлерин айдоо аянттарды кеңейтүү, суу менен туура камсыздоо максатында чыгарылган. Аталган мыйзамдын негизинде кыргыз эли чарба жүргүзүүнүн баскычтуу укладын түптөгөн.

Кадамжай районунун аймагынын жалпы аянты 6,1 миң км$^2$ түзүп, Фергана тоо этегинин түштүк бөлүгү менен Алай кырка тоосунун өрөөнгө караган түндүк тарабында жайгашкан.[49] Райондун эң бийик жери деңиз деңгээлинен 5259 метр. Бирлик, Көтөрмө айылдык Кеңештеринин көпчүлүк калктуу кыштактары жана Чаувай, Айдаркен шаары деңиз деңгээлинен 1600-2000 метр бийиктикте жайгашкан. Жайы ысык жана кургак. Кышы суук, январдагы орточо температура тегиздикте жана тоо этектеринде –2 –6, -6 –4 градус, тоолуу жерлерде –9 –10 градус, июлдагы орточо температура + 20 +30 градус. Жылдык орточо жаан чачын 200-500 мм. [50]

Райондун аймагындагы элдердин этнодемографиялык абалына 20-30-жылдардагы административдик аймактарга бөлүүнүн алгачкы мезгилинде эле көңүл бурула баштаган. Төө-Моюндан Халмионго чейинки аралыктагы элдин 11,4%ын тажиктер түзөт. Этностордун табыйгый өсүү өзгөчөлөктөрүн, алардын сан жагынан өсүү-кемүү кыймылынын статистикалык материалдары алгачкы эл каттоодо болжолдуу берилип 1924-жылы Үч-Коргон, Кадамжай, Халмион айылдарынын кыргыздар - 79,7% ,

тажиктер - 11,4%, өзбектер 7,5%, түрктөр 1,2%, түрктөр элдеринин 90% көп сандуу жергиликтүү элдер менен “депапуляция”болуп кеткен. *[84.140]*

1935-жылдарда райондун аймагында орус, хемшил, татар, украин элдерини өсүүсү байкалган, миграциянын күчөшү элдин динамикасынын өсүүсүн шарттаган, ошондой эле калкка социалдык кызматын көрсөтүү боюнча соода уюмдары өз ишмердүүлүгүн экономикалык жактан кубаттуу райондордо гана жайылтат. Андыктан мында экономикалык жактан өнүгүүгө административдик формалардын майдаланышы жана бир калыпта эместиги жолтоо болот. Бирок волостордун ар тектүүлүгү экономикадан көрүнүш гана калбастан анын өнүгүшүнө да таасир берет. Айрым волосттор ортосунда кооперациялык уюмдар, мектептер, дарылоо мекемелери бир калыпта бөлүштүрүлгөн эмес.

30-жылдарда төрөлүүнүн саны көбөйүп, бирок демографиялык өсүү байкалган эмес. Бул калктын саламатыгына кам көрүү абалы начар болгондугу менен түшүндүрүлөт. Саясий кырдаалга жараша этнодемографиялык материалдарда 1939-жылы аскерге чакыруу маалыматтарында райондон1200 өспүрүм гана тандалып алынган. Үч-Коргондон 800 бала алынса, Халмиондон 400 аскерге жарамдуу медициналык кароодон өткөн. *[86]*.

Калкты маданий жактан тейлөө жана маданий жактан өнүктүрүү маселелери экономика маселеси сыяктуу эле административдик аппараттын волостторго бөлүштүрүүдө бир топ кемчиликтери бар. Негизги кемчилик болуп анын бир топ сандагы майда жана күчсүз бирдиктерге (12 волосто 110 айыл кенеши) бөлүнгөндүгү эсептелет. Ушундай чачырандылыктын айынан кантондук уюмдардын башкаруусу кыйындаган жергиликтүү уюмдардын аппараты алсыз жана жетекчилик ишти алып барууга жөдөмдүүлүгү жок болгон.

Түркстанды райондоштуруунун алгачкы этабында, СССРдин байка аймактарына караганда айрым өзгөчөлүктөр эске алынгандыгын ошол мезгилдеги райондоштуруу боюнча комиссия билдирген. Ошондой

өзгөчөлүктөрдүн бири бул башкарууга ыңгайлуу болуш үчүн ыңгайлуу байланыштын жолу болушу, райондун борборунан анын эң четки аймактагы айылдарына чейинки.[51]

Жогорку кубаттагы электр тогун өткөрүүчү «Кувасай-Кадамжай» курулушу башталган 1938-жылы. Электролиниянын курулушу үчүн Ворошилов колхозунун аймагына таандык пайдаланылбаган 0,31 га участок берилген.[52]

Айрыкча Улуу Ата Мекендик согуш башталгандан кийин байланыш линиялары тез арада курула баштаган. Мисалга алсак республика боюнча телофондук байланыш линиясы рекорддук көрсөткүчтө 1941-жылдын июлунан декабрына чейинки аралык тартылган, б.а. 533 км линия тартылып 54 чек ара айылдары менен байланыш түзүлгөн. Айрыкча стратегиялык маанидеги ишканалар менен болгон байланыштар бекемделген. Алсак, Пульгон-Хайдаркен телеграфт-телефондук байланышы түзүлүп, областын борбору Ош менен байланыштырылган.[53]

Почто байланыштарындагы которуулар, жөнөтүүлөр дагы көбөйгөн. Согуштун биринчи жылында эле фртонко жалпы республика боюнча жалпы салмагы 180 миң кгболгон 12 миң посылка жөнөтүлгөн.[54]

Райондун аймагындагы эң маанилүү байланыштардын бири 1929-жылы курулуш аяктаган «Кувасай – Кызыл-Кыя» темир жолу болгон.

1970-жылы Хардеркенде 3 үч кабаттуу суу сордургуч курулган. Сордурулган суунун бир күндүк көлөмү 440 $м^3$ түзгөн.

1926-жылдагы эл каттоонун жыйынтыгы боюнча Кыргызстанда жалпы сабаттуулук 15,1% түзгөн.[55] Совет бийлиги орногондон кийин шаарлар менен айыл-кыштактарда мектеп уюштурулуп, калктын туташ сабатсыздыгы менен күрөш баштаган. 1924-1925-окуу жылындарында республикабызда 23118 бала окуган, биринчи баскычтагы 457 мектеп, 6 орто мектеп, бир техникум болгон. Бул окуучулардын 10 миңден ашыгы кыргыздар. Исфайрам жана Күлдү болуштугунда 9 мектеп болгон.

Ош округу боюнча:

| Болуштук | Мектеп | Медпункт | Айыл чарба шериктештиктери |
|---|---|---|---|
| Араван-Бура | 16 | 2 | 12 |
| Ош | 4 | 2 | 3 |
| Куршап | 4 | 1 | 2 |
| Өзгөн | 13 | 1 | 2 |
| Алай-Гөүчө | 2 | 1 | - |
| Капчыгай | 2 | - | 1 |
| Ноокат-турук | 5 | 1 | 3 |
| Ичкилик | 5 | 2 | 1 |
| Исфайрам | 5 | 1 | 2 |
| Күлдү | 4 | - | 1 |
| Баткен-Бужум | 5 | 1 | 2 |
| Бөксө-Исфана | 6 | 1 | 2 |
| жалпы | 71 | 13 | 31 |

Кыргызстанда калктын жалпы кат-сабасыздыгын жоюу боюнча маселе ВКП(б)нын XVIII съезди экинчи беш жылдыкта (1933-1937-жж.) аяктоого чечим кабыл алгандыгына карабастан, райондогу калктын сабасыздыгын жоюу абалы бир кыйла төмөн болгон. Кыргыз ССРинин 1938-жылдагы мамлекеттик мамлекеттик бюджеттинин аткарылышы жана 1939-жылга бюджетин бекиктүү боюнча Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин II сессиясындагы отчетто райондун аймагындагы билим берүүнүн айласыз абалы төмөндөгүдөй белгиленген: «1938 году на ликвидацию неграмотности из бюджета было израсходовано 5 852 тыс. руб., а в 1939 г. предусматривается 4 2-3 тыс. руб. В ряде районов работа по ликвидации неграмотности проводится крайне неудовлетворительно…. По Халмионскому району охвачено учебой была 4,2 тыс. человек, из них ликвидировали неграмотность только 1,3 тыс. человек или 30%, а израсходовали средств вдвое больше, чем было предусмотрено по бюджету».[56]

Колхоздордун каражаттарынын эсебинен мектепке чейинки балдар мекемелерин пайдаланууга берүү (орундар) [ 96]:

| | 1960-ж. | 1970-ж. | 1971-ж. | 1975-ж. | 1976-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Фрунзе | 100 | 50 | 50 | 50 | 140 |

| району | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|

Күндүзгү жалпы билим берүүчү мектептер (окуу жыл ичинде) [96 ]:

| | 1940-41ж. | 1950-51ж. | 1960-61ж. | 1970-71ж. | 1971-72ж. | 1975-76ж. | 1976-77ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Саны. Мектеп жалпы: | 880 | 820 | 931 | 883 | 870 | 865 | 869 |
| Фрунзе району | 69 | 66 | 70 | 53 | 49 | 50 | 51 |

Күндүзгү жалпы билим берүүчү мектептердеги окуучулардын саны (окуу жылынын башына, миң) [ *96]:*

| | 1940-41-ж. | 1950-51-ж. | 1960-61-ж. | 1970-71-ж. | 1971-72-ж. | 1975-76-ж. | 1976-77-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Мектептердин саны: | 144,3 | 132,1 | 155,3 | 338,2 | 354,0 | 390,1 | 394,4 |
| Фрунзе району | 1,9 | 10,3 | 9,7 | 20,4 | 21,3 | 22.9 | 23,1 |

Шаарлар жана райондор боюнча мектептердин саны (жыл аягында) *[96]:*

| | 1940-ж. | 1950-ж. | 1960-ж. | 1970-ж. | 1971-ж. | 1975-ж. | 1976-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жалпы област боюнча: | 67 | 99 | 171 | 274 | 277 | 407 | 425 |
| Фрунзе району | 6 | 9 | 13 | 27 | 25 | 34 | 38 |

Мектепке чейинки балдар мекемелериндеги балдардын саны (жылдын аягында; адам) *[96]:*

| | 1940-ж. | 1950-ж. | 1960-ж. | 1970-ж. | 1971-ж. | 1975-ж. | 1976-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жалпы област боюнча: | 2400 | 4537 | 12289 | 30172 | 31138 | 43515 | 47096 |
| Фрунзе району | 362 | 375 | 1133 | 2279 | 2253 | 2774 | 2998 |

1956-жылы 240 орундук 2 кабат мектеп салынган Фрунзе кыштагында.[58]

1918-жылдын аягында Ош уездинде расмий түрдө Ош уездик саламаттыкты сактоо бөлүмү түзүлгөн. Кыргызстандын түштүгүндөгү калктын саламаттыгына коркунуч туудурган эң оор маселелердин бири аймактагы сыпной тиф, оспа, чума, брюшной тиф, холера сыяктуу жугуштуу оорулар болгон. Ошондуктан Ош уездинде жугуштуу оорулар менен күрөшүү боюнча өзгөчө кырдаал түзүлгөн.

1928-жылы Кыргызстандын түштүгүндө 185 орунду18 дарылоочу мекеме иштеген. Кыргызстандагы саламаттыкты сактоонун абыл 1935-жылы январда өткөн Кыргызстандын Советтинин 4 съездинде атайын күн тартиби боюнча каралган.

Постановление Совнаркома обязывало органы здравоохранения обеспечить бесперебойное фагирование детей раннего возраста против дизентерии, организовать через аптеки продажу населению дизентерийного бактериофага в гг. Фрунзе, Ош, Джалал-Абад, Токмак, Кызыл-Кия, Пржевальск и рабочих поселках Таш-Кумыр, Кок-Янгак, Сулюкта, Хайдаркан.

7 мая 1942 года Совнарком Киргизский ССР принял постановление «О развертывании дополнительной сети здравоохранения». В результате чего на руднике Хайдаркан были открыты больница на 30 коек, детские ясли на 50 мест, фельдшерский здравпункт, станция скорой помощи, больница на 20 коек в Янги-Наукатском районе. 1 июля 1942 года в Уч-Курганском районе был организован дом инвалидов-хроников, участников[59] Отечественной войны, на 50 коек.»[60]

Медициналык мекемелердин аздыгынын негизги себеби тармактын кадрлардын жоктугун да байланыштуу болгон. 1936-жылы 27-июнда Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Совети менен Кыргызстан КП БКсы биргеликте «О мерах по улучшению дела здравохранения в республике» дега токомду кабыл алышкан.

Хайдаркан шаар тибиндеги кыштакта 1963-жылы 137 орундуу больница ачылган.[61]

Райондогу көпчүлүк маданий-агартуу мекемелердин материялдык техникалык базасы өтө начар бойдон калган, клубдар жана китепканалар ылайыксыз, эски имараттарда жайгашкандыгы белгиленет («Ленинград», «Победа» «XXI парсьезди» колхоздору ж.б.). Электр жарыгы өздүк көркөм чыгармачылык ийримдери үчүн бөлмө, музыкалык аспаптар, костюмдар, жумшак жана кату эмеректер жок, ал эми ушул максатта маданий мекемелер тарабынан бөлүнгөн каражаттар өздөштүрүлгөн эмес, тагыраак айтканда 1963-жылы каралган 36,9 мин сом каралган болсо, 10 ай ичинде 24,2 мин сом гана иштетилген. Ошондой эле маданий-агартуу мекемелеринин имараттары башка керектөөлөр үчүн иштетилээрин белгилей кетүү керек. Мисалы Калинин атындагы колхоздо китепкананын имараты кампа катары, «Победа» колхозунда байланыш болүмү катары кызмат кылат. Ушундай эле фактылар башка райондордун колхоздорунда да учурайт. Райондун маданий мекемелеринде кадрларды тандоо,алмаштыруу жана бекемдөө иштери начар жүргүзүлөт. Жогорку жана атайын орто билимдүү адистер дээрлик жок. Клубдарда жана китепканаларда билими жана тажрыйбасы жок адамдар иштөөдө. Маданий агартуу мекемелеринин иштериндеги ушул кемчиликтердин пайда болуу себеби райондук айылдык жана поселкалык Советтеринин аткаруу комитеттеринин жетекчилери маданий мекемелерди жана кинотармакты үстүрттөн жетектеп калкты айрыкча оторододогу малчыларды маданий жактан тейлөө менен өздөрү жекече алектенбейт, туруктуу комиссиянын ишмердүүлүгү көзөмөлдөнбөйт,айыл интеллигенциясын жана коомдук активдеринин маданий агартуу мекемелеринин ишине начар мамиле кылынган. Кыргыз ССР Министрлер Совети тарабындан токтом чыгарылган андан кийинки өзгөрүүлөр төмөнкүчө:

1.Эл депутаттарынан Фрунзе райондук аткаруу комитетинин жетекчилигине маданий агартуу мекемелерди канааттандырарлык эмес

жетектегендиги көрсөтүлгөн. Райаткомдун төрагасы Ж.Султановго райондун маданий агартуу мекемелеринин ишинин деңгээлин кескин көтөрүүгө карата практикалык чаралар көрүлгөн.

2. Эл депутаттарынын Фрунзе райондук советинин аткаруу комитетине милдеттендирилген:

а) Бардык клубдарды жана китепканаларды эмгекчилерди коммунисттик тарбиялоо боюнча партиялык уюмдардын таяныч пунктуна айландырууга жетишилди,маданий мекемелердин ишинин негизине КПСС БК Июнь Пленумунун Кыргызстан КП БК Июль Пленумунун (1963-ж) чечимдери коюлган.

б) Калк арасындагы илимий – культ жөнүндөгү мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө күчөтүлсүн, коомчулуктун күчү духовенствонун коомго каршы ишмердүүлүгү.

в) Айыл жана поселкалык Советтердин аткаруу комитеттерине колхоздор менен совхоздорунун жетекчилерине талап күчөтүлүүсү,ошондой эле жер-жерлердеги маданият мекемелеринин ишин көзөмөлдөө жакшыртылуусу,маданий мекемелердин ишине байланышкан маселелер аткаруу комитеттеринин жыйындарында жана райондун айылдык жана поселкалык Советтердин сессияларында регулярдуу түрдө талкууга алынган чечимдердин аткарылышына жетишилген.

г) Райондук 4 айылдык жана 4 колхоздук (Ленин атындагы колхоздун «Кара-жыгач»участогу, XX партсьезд К.Маркс атындагы колхоздорунда ) клубдардын курулушун бүтүрүүгө карата чара көрүлүүсүн, аларды өз убагында пайдаланууга берүү,клубдарды жана китепканаларды кышкы шарттарда иштоого даярдоо камсыздандырылган.

д) Маданий агартуу иштерине жаңы формалар жана коомдук башталыш кийирилүүсү жана ар тараптуу өнүктүрүлсү -1964-ж.1-январына чейин райондо 1айыл чарба билимдер унверситеттин 2 маданият мектебин,3 коомдук китепкананы жана 1 коомдук клубду ачылган. Клуб китепкана жана киноустановкалар Советинин коомдук инспекторлордун жана

методисттердин жумуштары камсыз  кылынышы алдынкы жылдарга бир топ өзгөрдү.

3. Эл депуттатарынын Фрунзе райондук Советинин аткаруу комитети маданий-агартуу мекемелеринин кадрлары курамын адистер менен жана орто билимдүү бир топ даярдалган жаштардын эсебинен бекемделген. Мындан ары жыл сайын кадрларга болгон муктаждыкты эске алуу менен жергиликтүү жаштардан тандалган абитуриенттерди жогорку жана атайын орто окуу жайларына жиберүүнүн саны өстү.

4. Кыргыз ССРинин маданият министрлигине (Ж.Кондучалова) жана Кыргыз ССР министрлер Советинин алдындагы киноматография башкы башкармалыгына, клубдар, китепканалар жана киноустановкалар үчүн квалификациялуу кадрларды тандоо жана даярдоо боюнча Фрунзе районуна практикалык жардам көрсөтүү милдеттендирилүүсү ишке ашты. Маданият министрлиги 1964-ж.1-кварталында малчыларды тейлөө үчүн Фрунзе районуна бир авто клуб бөлүп берилген.

5. Кыргыз ССР Министрлер Советинин алдындагы киноматография башкы башкармалыгына Фрунзе районунун  калкына бардык элдүү пункттарда капчыгайларда жана оторлордо көркөм документалдуу фильмдерди жана айрыкча айыл чарба фильмдерин көрсөтүүнү уюштуруу жакшы жыйынтыгын берди.

6. Маданият министрлиги жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин алдындагы киноматография башкы башкармалыгы Фрунзе районунун маданият мекемелерине практикалык жардам көрсөтүү үчүн комплекстүү бригаданы жиберүү менен абал өзгөрөт.

7. Фрунзе райондук аткаруу комитетине (жол.Султанов) 1964-ж.1-июлуна карата ушул токтомдун аткарылышы боюнча Кыргыз ССР Министрлер Советине отчет тапшыруусу менен жаңы милдеттенме алган.

Китеп каналардын саны (жыл ????аягына чейин) *[96]:.*

| | 1940-ж | 1950-ж. | 1960-ж. | 1970-ж. | 1971 -ж. | 1975-ж. | 1976-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Област | 193 | 417 | 396 | 529 | 535 | 618 | 635 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| боюнча | | | | | | | |
| Фрунзе району | 16 | 30 | 22 | 37 | 37 | 43 | 44 |

Китепканалардагы журналдардын жана китептердин саны (жыл ????аягына чейин, миң экзапляр) *[96]:*.

| | 1940-ж. | 1950-ж. | 1960-ж. | 1970-ж. | 1971-ж. | 1975-ж. | 1976-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Област боюнча | 293 | 418 | 2015 | 3984 | 4241 | 5072 | 5342 |
| Кадамжай | 10 | 22 | 94 | 269 | 290 | 307 | 313 |

Киноустановкалардын саны (жыл аягына чейин) *[96]:*

| | 1940-ж. | 1950-ж. | 1960-ж. | 1970-ж. | 1971-ж. | 1975-ж. | 1976-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кадамжай | 4 | 9 | 18 | 26 | 26 | 29 | 31 |
| Област боюнча | 58 | 153 | 283 | 434 | 434 | 468 | 474 |

Чувай айлында 1958-жылы айылдык клуб курулган, анын ичинде китепкана дагы жайгашкан. 1960-жылы оорукана курулган.[62]

Совет өкмөтүнүн чечими менен 1924-1925-жылдары1926-жылы Түркстан аймагындагы улуттук-мамлекеттердин (автономиялардын) чек араларын аныктоо, жерлерди пайдаланууга жараша бөлүштүрүү процесси жүргөн. Терриориялык аймактык бүтүндүүлүктөрдү түзүүдө расмий документтерге ылайык экономикалык бүтүндүүлүктүн принциптерин сактоого өзгөчө көңүл бурулгандыктан көчүмөн, жарым көчмөн кыргыздардын кызыкчылыктары толугу менен корголуп, эске алынбаганын белгилегибиз келет.

Согуштан кийинки кабыл алынган жаңы беш жылдык план оор, жеңил жана тамак-аш өнөр жайларын, орто ишканаларын, электр станцияларын куру, транспорту өстүрүү каралат. Мадаиятты, илимди бир кыйла өнүктүрүү жана жумушуна болгон мамилеси менен айрымаланган кесип ээлерин материалдык жыргалчылыгын жогорулатуу маселелери каралган.

## 3.2. Райондун айыл чарбасынын өнүгүшү

БКП(б)нын XVII съездинде кабыл алынган үчүнчү беш жылдыктын планы боюнча жалпы союз боюнча айыл чарбасынынын негизги багыттары боюнча продукцияны өндүрүүнү эки эсе көбөйтүү каралган: “XVII съезд определяет рост продукции по всему сельскому хозяйству за году пятилетки с 13,1 млрд. руб. До 26,2 млрд. руб.”[63]

Согушка чейинки беш жылдыкта Кыргызстандын эл чарбасынын өнүгүүсүнө 170,5 млн руб. бөлүнгөн.

1929-жылы СССРдин БАКти СССРдин Жер иштери боюнча Эл Комиссариаты түзүлгөн. «Статистика экономического характера колхоза им. Ворошилова Холмионского р-на Кирг ССР.

Колхоз им. Ворошилов имеет 123 хозяйства, в которых имеется 275 трудоспособных члена колхоза, 97 голов рабочего скота, и 1872 головы нерабочего. Государственным актом за колхозом им. Ворошилова закрепилено на вечное пользования 1411 га в том числе поливной 140,75 га. т.е. на 11,4 га земли на одно хозяйство. Вся земельная площадь колхоза распределена следующим оброзом:

Под озимой пшеницей – 122 га

Под яровой пшеницей – 278 га

Под ячмень – 60 га

Под кукрузу – 32,5 га

Под хлопок – 90 га

Под картофель – 2 га

Под бахчи – 1,25 га

Под люцерина – 19 га

Прочие земли – 928,25 га.»[64]

Кыргыз ССРинин Эл комиссарлар Кеңешинин жана КП(б) БКнын 26-ноябрь – 3-декабрь 1940-жылдагы «О развитии овоще-бахчевых культур и картофеля в Киргизии в течении 1941-1945 гг.» постановлениясынын

негизинде Кыргыз ССРинин Жер иштетүү боюнча Эл комиссариатынын атайын буйругу менен (Приказ № 554 по народному Комисариату Земледелий Киргизской ССР от 29декабря 1940 года.) «1. Довети площадь под овоще-бахчевыми культурами картофелем в 1941 году до 18 тысяч гектар, со следующими распределением по областям (гектарах)[65]:

| | | Картофель | Овощи | Бахчи | Всего |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ошская область | 2700 | 1000 | 1000 | 4700 |
| 2 | Жалал-Абадская область | 1600 | 600 | 800 | 3000 |
| 3 | Фрунзенская область | 3300 | 2100 | 2000 | 7400 |
| 4 | Иссык-Кульская область | 1700 | 200 | 100 | 2000 |
| 5 | Тянь-Шаньская область | 1200 | 100 | 100 | 1400 |
| | Итого: | 10500 | 4000 | 4000 | 18500 |

VII. Установить следующую уражайность по овоще-бахчевым культурам и картофелю на 1941 год по областям / центрах»/:[66]

| | | Картофель | Овощи | Бахчи |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Фрунзенская область | 120 | 155 | 170 |
| 2 | Ошская область | 80 | 130 | 175 |
| 3 | Жалал-Абадская область | 80 | 130 | 175 |
| 4 | Иссык-Кульская область | 135 | 135 | 90 |
| 5 | Тянь-Шаньская область | 87 | 70 | 60 |

Пулгон айлында кургак жемиштерди сактоочу 100м$^2$склад 1940-жылы курулган. Ал эми Холмилион айлындагы жөнөкөй топодо курулган 90 м$^2$склад 1932-жылы курулса, 1940-жылы чийки кирпичтен 24м$^2$склад курулган.[67]

Улуу Ата мекендик согушка Кадамжай (Фрунзе) районунун кошкон салымы алгачкы жылдары эле байкалды. Согуштун башталышында өнөр жайы гана фронт үчүн кызматы эмес өлкөнүн айыл чарбасы да чоң кыйроого учурады. Айыл чарбасынын түйшүгү аялдардын, балдардын, кары-картандардын моюнуна жүктөлгөн. Алар күндү-түнү фронт үчүн эмгектенишип, болуп көрбөгөндөй күжүрмөндүүлүктү көрсөтүшкөн. Чарба Жумуштарын аткарууда норманы ашык аткаруу салтка айланган.

Техниканын жетишсиздигинен көп жумуштар кол менен бүтүрүлгөн, звенолор өзгөчө айыр-маланышкан. Кыргызстандын айыл чарбасынын дүң жыйымы 1940-1945-жылдары 76 пайызга, анын ичинде мал чарба продукциясы 71 пайызга төмөндөгөн. Айыл чарба жумушчулары оор кыйынчылыктарга карабастан фронттогу аскерлерди азык-түлүк менен, өнөр жайды чийки зат менен камсыз кылууда чоң кайратмандыкты көрсөтүшкөн.

КР БМА. Материалы по переводу земельных угодий из одного вида в другой, в соответствии с заключением постоянного действующей комиссии по районам: Гульчинский, Фрунзенский, Баткенский, Янги-Наукатский, Советский. КР БМА. Фонд 2359. Оп 2. Ед.хр. № 659. – 79 л.

«Фрунзенский район

Сведения о площадях земовых угодий колхозов переведенных из одних видов земельных угодий в другие в соответствии с заключением постоянно действующих комиссий (1943-ж. – А.К. Ушул эле делодогу актылардын түүзүлгөн датасы боюнча)[68]

| Наименование с/хозяйств | Какие угодия переводятся | | | | | В какие угодия переводятя | | | | | Всего |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | пашня | перешг | Сено-кос | пастб | всего | пашня | перешг | сенон | пастб | Неуг земли | |
| Учкун | 215 | - | - | - | 215 | - | - | - | - | 215 | 215 |
| Гайрат | 336 | - | - | - | 336 | - | - | - | 336 | - | 336 |
| Кульды | 225 | - | - | 1275 | 1500 | - | - | - | 21 | 1479 | 1500 |
| Им Кирова | 196 | - | - | - | 196 | - | -- | - | - | 196 | 196 |
| Охна | 150 | - | - | - | 150 | - | - | - | 150 | - | 150 |
| Кесштан | 326 | - | - | - | 326 | - | - | - | 326 | - | 326 |
| Кызыл Булак | - | - | - | 1204 | 1204 | - | - | - | - | 1204 | 1204 |
| Им. Ворошилова | - | - | - | 300 | 300 | - | - | - | - | 300 | 300 |
| Новгордон | - | - | - | 700 | 700 | - | - | - | - | 700 | 700 |
| Всего | 1448 | | | 3479 | 4927 | - | - | - | 833 | 4094 | 4927 |

Согуш мезгилинде айыл чарасынын техникалык машиналар менен камсыз болушу кыйла начарлаган. Республиканын айрым ишканалары айыл чарба машиналарынын тетиктерин, шаймандарын чыгарып берүү иштерине көмөк көрсөтүшкөн. Эгерде Кызыл-Кыя кен башкармалыгы Ноокат, Ичкилик, Туя-Мойюн МТСтеринин тракторлоруна керектүү тетиктерди даярдап берсе, Кадамжай районунун аймагындагы колхоздорду тейлеген

Холмион МТСнин айыл чарба машиналарынын тетиктерин Фрунзе атындагы металлургиялык комбинаты жазап берген.[69]

Улуу Ата Мекендик согуш жеңиштүү аяктап, тынчтык курулушка өнөр жай тармактарын өлкөнүн экономикасы менен маданиятын калыбына келтирүү жана андан ары кайра өнүктүрүүгө багыт берилет. Согуштук заказдарды аткарган республиканын көп заводдору эл чарбасынын жана калктын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн зарыл болгон продукцияны чыгарууга өтүшөт. Өзгөчө мааниге ээ болгон райондордо дан эгиндеринин түшүмдүүлүгүн көтөрүү, планда көрсөтүлгөн айдоо аянтарын кеңейтүү, малдын санын өстүрүү жана эмгекчилердин материалдык жыргалчылыгын жогорулатуу белгиленет. Эл чарбасын 1946-1950-жылдарда бүлгүнгө учураган бардык тармактарды эбегейсиз чоң көрсөткүч менен амалда далилдөө каралат. Төртүнчү беш жылдык план 1946-жылы мартта бекитилип, мамлекеттик пландоо мекемелери аркылуу капиталдык салымдардын жалпы суммасын райондорго бөлүп аларды аткарууга милдеттендирилет.

Мындай иш-аракеттин жүрүшүнө Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы И. Раззаковдун салымы чоң болгон. Кадамжай районунун мамлекетке дан даярдап берүү берүү жөнүндө диференциялык ченемин белгилөө боюнча СССР Министрлер советинин 1947-жылы 21-апрелдеги №1194 токтомунун негизинде Кыргыз ССРнин Министрлер Совети жоопкерчиликти эске алып атайын токтом кабыл алган, анда 1947-жылдан баштап район көрсөтүлгөн пландан ашыкча милдетүү түрдө мамлекетке дан жетиштирип берүү милдеттемесин алган. Согушка чейин түптөлгөн колхоздорду атайын, тайпаларга бөлүп ар бири түздөн түз Кадамжай районунун курамында эгин талааларын жогортон уруксатсыз башка эгиндер менен алмаштырылып эгилбеши белгиленет. Чен өлчөмдөн ашыкча эгин талаалары өзгөртүлүп же дан эгилбей калып кетсе күнөлүү жоопкерчилике тартылат деп белгиленет. Биринчи тайпадагы колхоздор: Ворошилов атындагы колхоз 121 % арпа, Үч-көл колхозу 94% буудай, Буденного колхозу 11% жүгөрү,Эркин колхозу 16% арпа.

*Экинчи тайпадагы колхоздор:* Кыргызстан колхозу, Каганович Сталин, Бирлик, Кайтпас100%дан, Ленин 78%буудай,Ничке-Таш 5%арпа, Кара-булак 17% жүгөрү, Мадани-курулуш, Ак-дөбө, Гайрат, Күлдү, Охна, Абду-Самат, Берлик, Жошук, Джангииль, Ынтымак, Ноогардан, Четвертый сьезд,Калинин,Жаркотон, МТС/

*Үчүнчү тайпадагы колхоздор:* Айдаркен, Киров 80% дан жетиштирүү экинчи беш жылдык 63% буудай 4% арпа, 22% жүгөрү жетиштирүү каралган. Бирок мындай талаптын аткарылышына табыйгый шарттар терс таасир тийгизген,жыйынтыгы жалпы колхоздордун планды аткаруу ишмердүүлүктөрү төмөнкүдөй көрсөткүч менен район боюнча 78 % буудай, 6 % жүгөрү, 5 % жана башка дан эгиндери өндүрүлөндүгү, Кыргыз ССР Министрлер Советине белгилүү болот. Кийинчерээк биринчи белгиленген нормадан 25% ашыкча дан жетиштирүү милдеттендирилет, ошондой эле жогоруда бөлүнгөн тайпадагы колхоздорду алмаштырып кайрадан түзүү зарылчылыгына жол берилбешин райондун акимине жана райондук советтин депутатарына ССР Министрлер Совети тарабынан катуу эскертилет. «Жыйынтыксыз иште дайым шылтоо көп болот» деп бир нече жолу партиялык кеңешмеде райондогу алсыз колхоздордун жетекчилерине катуу чара колдонулат. Ош областынын колхоздорундагы мал чарбачылыгынын абалы тууралуу 1949- жылга белгиленген планын аткаргандыгын жана колхоздордогу мал чарба фермаларда малдын башын мындан ары көбөйтүүгө жетишкен*[106]*. 1950-жылдын 1-январына карата бардык колхоздордо сүт, кой, канатуулар фермалары бар, ошондой эле чочко фермасы да бар, ошону менен бирге чоң кемчиликтери бар. Мал чарбачылыгын жетектөөнү начарлатып жиберилген, анын натыйжасында 1949-жылы колхоздордо ири жоготууларга жол берилген. Жылкынын 3,6 % ды, ири мүйүздүү малдыкы - 3,8 % кой менен эчки 7,4 %ды түзгөн, область бир нече жыл ичинде малдын башын өстүрүү боюнча республикада алдынкы орундардын бирин ээлеп келсе,1949-жылы мал чарбачылыгын өнүктүрүү боюнча артта калган да жылкынын башын өстүрүү планын аткарган эмес. Көпчүлүк колхоздордогу

мал чарба фермалары майдаланып, аз өндүрүмдүү болуп калган: 116 колхоздогу фермаларда ири мүйүздүү мал 100гө аз,колхоздо 25уйга аз 104 колхоздо 50гө аз, 331 колхоздо 300 канатууга аз. Ошол жылдары малдын башын өстүрүү олутуу кедерги болуп фермалардагы жалпы тубар малдын салыштырма салмагынын төмөндүгү эсептелет. Уйдун башы 27.8 % ,бээ 27.8%, кой-эчки-47%ти түзөт. Ош областык аткаруу комитети, райондук жетекчилер жана айыл чарба органдары мал чарбачылыгынын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн күрөш жүргүзүшпөйт.1949-жылы планды аткаруу 1948-жылга караганда райондордо сүт саап алуу салыштырмалуу 70 литрге төмөндөп кеткен.*[96]*.

Советтик жана айыл чарба органдары тукумчулук боюнча жаны фермаларды уюштурууга тиешелуу конул болгон эмес, мунун натыйжасында тукумчулук фермаларда жаш тубар малдарды өстүрүүнүн сапаты төмөн, өндүрүмдүүлүгү да төмөн. Областын аткаруу комитети мал чарбачылыгын жетектөөнү начарлатып жиберген, анын натыйжасында 1949-жылы колхоздордо ири жоготууларга жол берилген: жылкынын 3,6%ды, ири мүйүздүү малдыкы -3,8%, кой менен эчкиники 7,4% түзгөн, область бир нече жыл ичинде малдын башын өстүрүү боюнча республикада алдынкы орундардын бирин ээлеп келсе, 1949-жылы мал чарбачылыгын өнүктүрүү боюнча артта калган да жылкынын башын өстүрүү планын аткарган эмес. Көпчүлүк колхоздордогу мал чарба фермалары майдаланып, аз өндүрүмдүү болуп калган:116 колхоздогу фермаларда ири муйуздуу мал 100го аз, … колхоздо 25 уйга аз, 104 колхоздо 50го аз, 331 колхоздо 300 канаттуuга аз. Малдын башын өстүрүүдө олуттуу кедерги болуп фермалардагы жалпы тубар малдын салыштырма салмагынын төмөндүгү эсептелет.Уйдун башы 27,8%, кой –эчки 47%ти түзөт *[107]*.

Таблица 00. *[96]*.

| | **1940-ж.** | **1950-ж.** | **1960-ж.** | **1970-ж.** | **1971-ж.** | **1975-ж.** | **1976-ж.** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Анын ичинде уйлар** | | | | | | | |

| **Област боюнча:** | **15134** | **42895** | **64276** | **68978** | **70746** | **61595** | **61724** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Райондор:** | | | | | | | |
| Алай | 996 | 3629 | 4498 | 4426 | 4618 | 3601 | 3624 |
| Араван | 1276 | 3478 | 5491 | 2412 | 2440 | 2551 | 1508 |
| Ала-Бука | 269 | 1908 | 3401 | 3837 | 4186 | 3606 | 3851 |
| Баткен | 390 | 1295 | 2100 | 1752 | 1849 | 2022 | 2084 |
| Жаңы-Жол | 424 | 2335 | 6166 | 4167 | 4117 | 2593 | 3002 |
| Карасуу | 1590 | 3191 | 4372 | 7806 | 7885 | 6850 | 7061 |
| Ленин | 1809 | 3136 | 5199 | 6684 | 6880 | 6715 | 6719 |
| Лейлек | 938 | 2225 | 4279 | 3106 | 3104 | 1968 | 2500 |
| Ноокат | 940 | 2105 | 3800 | 5667 | 5850 | 6272 | 6759 |
| Совет | 652 | 2933 | 2746 | 3571 | 3730 | 2257 | 2416 |
| Сузак | 1378 | 3341 | 4988 | 7845 | 7881 | 7374 | 7202 |
| Токтогул | 1701 | 3689 | 4169 | 4898 | 5214 | 4022 | 4499 |
| Өзгөн | | 7439 | 9454 | 9303 | 9410 | 7395 | 7101 |
| **Фрунзе** | | **2171** | **3113** | **3504** | **3582** | **3765** | **3708** |

«План сдачи раннего картофеля до 1 августа 1947 года в разрезе районов Ошской области (в тоннах)[70]:

| п/п | Наименование районов | План | Выполнен | В том числе | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | К-во перевыполнения | К-во недовыполнения |
| 1 | Ошский | 20 | 38,8 | 18,3 | |
| 2 | Түлөйкан | 13 | 22,4 | 9,4 | |
| 3 | Араван | 12 | 1 | - | 11 |
| 4 | Ноокат | 43 | 106,2 | 63,2 | |
| 5 | Молотов | 23 | 14,6 | - | 8,4 |
| 6 | Жаңы-Ноокат | 13 | 20,3 | 7,3 | |
| **7** | **Фрунзе** | **12** | **-** | **-** | **12** |
| 8 | Карасуу | 15 | 7,8 | - | 7,2 |
| 9 | Куршаб | 20 | 85,7 | 65,7 | - |
| 10 | Өзгөн | 20 | 14 | - | 6 |
| 11 | Мырзаке | 10 | 42,4 | 32,4 | |
| 12 | Лейлек | 24 | 25,4 | 1,4 | |
| | **Всего** | **225** | **378,1** | **197,7** | **44,6** |

»

Молотов райондук заготконтора 1950-жылдары жашылча-жемиштерди даярдоо боюнча Кыргызстандын түштүк аймагындагы үч Молотов, Фрунзе

жана Жаңы-Ноокат райондорун тейлеген.[71] Анын ичинен Фрунзе районундагы Пульман, Холмилон, Яркутан, Берик айылдарын.

Ош областтык аткаруу комитетинин Фрунзе району боюнча жер-жемиштерди, маданий өсүмдүктөрдү даярдоо боюнча планында 1950-жылга карата төмөндөгүдөй болгон:[72]

| **Азык түлүктүн аталышы** | **План (*тонна*)** | **Аткарылышы (*тонна*)** | **%** |
|---|---|---|---|
| Жалпы даярдалганы, анын ичинде сөөктөрү | 1853 | 1263 | 68,2% |
| күн караманын түшүмү (семечковых плодов) | 64 | 44,7 | 69,8 |
| Косточковых | 10 | 9,2 | 92,0 |
| Бахчевых культур | 45 | 32,1 | 71,3 |
| Картошка мамлекеттик план боюнча | 585 | 411,4 | 70,3 |
| Замена картофеля | - | 590,6 | 101,0 |
| Овощей | 989 | 505 | 51,1 |
| Замена овощей | - | 1040 | 105,2 |
| Сухофруктов | 160 | 256,6 | 160,4 |

Таблицада белгиленгендей планда бекитилген көрсөткүчтөр дээрлик аткарылган эмес, сухофруктудан башкасы. БМАдагы Молотов райондор аралык заготконторанын жылдык отчетто белгиленгендей картошка, бахчевых культур, жашылчалар боюнча пландын аткарылбай калышындагы негизги себеби катары айдоо планын толук аткарылбашы менен бирге агрардык техникалык каражаттардын жетишсиздиги болгон.[73]

Райондо негизинен айдоо иштеринде пахта айдоого көбүрөөк көңүл бурган.[74] Пахтаны сугаруу мезгилинде сугат үчүн суулардын негизги агымы, пахта аянттарына жумшалгандыктан, жер-жемиштерди суугаруу ишинде суунун жетсиздиги дагы тоскоолдук жараткан пландын аткарылышына.[75]

Башкаруунун бул ыкмасы республиканын ичинде тармактар аралык адистештирууну жана кооперациялаштырууну жакшырткан. Бирок союздун экономикалык региондору менен ишканалардын өндүрүштүк байланыштарынын өнүгүшүнө тоскоолдук кылган. Ушуга байланыштуу 1965-жылы Эл Чарба Совети жоюлуп, министрликтер түзүлгөн*[103]*. Өнөр жайы кайрадан тармактык башкарууга өткөрүлгөн. Кыргызстанда бардыгы болуп 59 өнөр жай ишканалары, 46 цех жана бөлүмдөр ишке киргизилген. Кыргызстандын айыл чарбасынын өнүгүшүнө КПСС БКнын сентябрь (1953-жылы) Пленуму маанилуу роль ойногон. Анын чечимдерине ылайык айыл чарба продукцияларынын мамлекеттик сатып алуу баасы жогорулатылып, колхоздор мамлекетке болгон карыздарынан бошотулган жана айыл чарба салыгынын өлчөмү азайтылган. Мындан тышкары, колхозчулардын өздүк көмөкчү чарбаларын чектөө, андан алынган продукцияларды мамлекетке милдеттүү түрдө төктүрүү эрежелери алынып ташталган. Колхозчулар өз продукцияларын базарда эркин сатуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Колхозчулардын эмгегин ай сайын же квартал сайын авансалоо, колхоздогу эмгеги үчүн аларга кошумча акы төлөө тартиби киргизилген *[105]*. Жетишилген ийгиликтерге карабастан 60-жылдардын башында Кыргызстандын айыл чарбасы жалпы экономикалык өсүштөн артта калган. Административдик-буйрукчул ыкма менен колхоздорду ирилештирүү, кыштактарды зордук менен көчүрүү, өздүк көмөкчү чарбаларды ыксыз чектөө, жергиликтүү шарттарды эске албастан жугору өстүрүүнү бардык чарбаларга таңуулоо, кошуп жазуу, көз боёмочулук айыл чарбанын начарлашына алып келген.

***1960-1980-жж.***

| | **1950г.** | **1960г.** | **1970г.** | **1971г.** | **1975г.** | **1976г.** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Сүт** | | | | | | |
| **Жалпы област боюнча:** | | | | | | |
| **Райондор:** | | | | | | |
| Алай | 710 | 1307 | 1995 | 2089 | 1640 | 1167 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Араван | 436 | 1619 | 3154 | 3421 | 3958 | 4139 |
| Ала-Бука | 617 | 2408 | 4479 | 4823 | 5439 | 5437 |
| Баткен | 312 | 1172 | 1559 | 1774 | 2841 | 3050 |
| Жаңы-Жол | 692 | 2705 | 5037 | 5156 | 5324 | 4910 |
| Карасуу | 1561 | 5743 | 11823 | 12426 | 13084 | 13820 |
| Ленин | 742 | 4337 | 11157 | 11432 | 13315 | 13775 |
| Лейлек | 582 | 2440 | 3624 | 3974 | 4291 | 4181 |
| Ноокат | 934 | 3504 | 7544 | 8006 | 10632 | 10765 |
| Совет | 548 | 1887 | 4277 | 4509 | 4259 | 4180 |
| Сузак | 1418 | 5041 | 12104 | 12236 | 13334 | 12816 |
| Токтогул | 1020 | 2502 | 6493 | 6685 | 7037 | 7061 |
| Өзгөн | 1878 | 6462 | 14676 | 14995 | 14363 | 14386 |
| **Фрунзе** | **727** | **1739** | **4155** | **4502** | **4987** | **5049** |

тӨткөн кылымдын 80-жылдарынын ортосунан баштап экономикалык өнүгүүдөгү беш жылдык пландарды аткаруудагы стагнация башталган. Эл чарбасынын өнүгүүсүнүн беш жылдык планын аткаруудагы көз боемолуктар бүтүндөй СССРдин экономикасына өзүнүн залакасын тийгизген сыяктуу эле Кыргызстандын экономикасындагы абал дагы курчуй баштаган.

Кыргызстандын айыл чарбасындагы өнүүгүүнүн абалы туңгуюка капталган. 1985-1990-жылдардагы кайра куруу мезгилинде айыл чарбасындагы кризистен чыгуу максатында жер, ижара, жерге болгон менчик укугу сыяктуу мызамдардын кабыл алынышы айыл чарбасындагы ишмердүүлүктүн бир катар түрлөрү менен ыкмаларына руксат берген.[76]

### 3.3. Райондун өнөр жайынын өнүгүү абалы

1925-жылдын декабь айында өткөн БКП(б)нынIV съезди өлкөдөгү экономикалык коопсуздук маслелерин карап, негизги үч багытты аныктаган: “биринчиси – өлкөнүнүниэкономикалык жана техникалык көз карандысыздыгына жетишүү; экинчиси – согуштук коргонуу негизин түзүү; үчүнчүсү – айыл чарбасын алдыңкы техника менен жабдуу”.[77] Съезде

көтөрүлгөн эң негизги маселе өлкөнү индустриялаштыруу болгон. Айрыкча оор өнөр жайды тездик менен өнүктүрүү багытында “А” тобундагы өндүрүш каражаттарын чыгаруучу өнөр жай ишканалары үчүн  кара, түстүү металлургия, отун, химия өнөр жайларын, машина куруу жана энергетика сыяктуу ишканаларды ремонттон өткөрүүп жакшыртуу, куруу, ишке берүү зарылдыгы келип чыккан.

Кыргызстанда индустриялдаштыруу процесси “жаңы, майда ишканаларды куруудан башталган”.[78]

Кыргызстанда өнөр жайдын өнүгүүсү жалпы СССРдеги индустриалаштыруу процесси менен байланышта болгон. Тарыхый булактар менен илимий эмгектердеги маалыматтар боюнча 1926-1940-жылдары республикада негизинен жеңил жана тамак-аш өнөр жайы түзүлгөн. 1928-1940-жылдары республикада 140 өнөр жай ишанасы ишке берилген.[79]

**Совет мезгилиндеги өнөр жайы** өнүккөн аймактардын бири Кадамжай району болгон. 1942-жылдын 7-апрелинде Кыргызстан КП БК «Согуш мезгилинде стахановдук кыймылды жайылтуу боюнча» токтом кабыл алып партиялык, чарбалык уюмдарга ишканаларга жумушчулардын сменалык нормаларын аткаруудагы новатордук кыймылды кеңири жайылтуу тажрыйбасын сунуштаган.[80] Фронтту керектүү продукция менен камсыз кылуу үчүн Бүткүл союздук социалисттик жарыш кеңири жайылган. Натыйжада, 1942-жылды Кыргызстандын өнөр жай ишканалары Эл Коимиссарлар Кеңеши менен Кыргызстан КП БКнинин беш жолку өтмө Кызыл туусун жеңип алган.[81]

Кыргыз совет өкмөтүнүн жетекчилиги, калктын жеңиш үчүн болгон күжүрмөн эмгеги өнөр жайдагы өнүгүүнүн болуп көрбөгөндөй секиригин согуштун алгачкы жылдарынан баштап эле жараткан. Мисалга алсак, Кыргызстан Кыргызстандын өнөр жайынын бардык тармактарынын ички дүн продукциясы (ВВП) 1942-жылдын аягына карата 296,8 млн. руб түзгөн. Бул көрсөткүч согуш башталганга чейинки 1940-жылга салыштырганда 15,3 млн.

руб көп болгон.[82] Анын ичинен ртут 8,4 эсе, мурма өндүрүү 1,3 эсе көбөйгөн 1942-жылы 1941-жылга салыштырганда.[83]

Согуштан кийинки мезгил Кыргыз мамлекетинин өнөр жай тармагына, илим билим, маданиятынын союздук деңгээлге көтөргөн. Ошондой эле райондордун экономикалык базаларын чыңоо, пландуу иштер менен жашоого түрткү берген. Республиканын көптөгөн өнөр жай ишканалары коргоо продукцияларын өндүрүүгө көтөрүлдү. Коргонууга чоң мааниси бар коргошунду, сурьманы, сымапты, металлдарды казып чыгаруу жана кайра иштетүү кескин түрдө көбөйгөн. Согуштун башталышында иштеп жаткандардын катарына Айдаркен сымап комбинаты, Ак-туз коргошун кени, Кадамжай комбинатындагы сурьма чыгаруучу зовод менен цех кошулга *[102]*. Кызыл-Кыядагы химия жана Жалал-Абаддагы витамин зоводдору иштей баштаган. Кыргызстандын жумушчу табынын алдында башка дагы татаал жана кыйын милдеттер турган республикага эвакуацияланган 30 дан ашык ири заводдор менен фабрикаларды жайгаштыруу жана эң эле кыска мөөнөттүн ичинде аларды ишке киргизү зарыл эле. Бул ишканалардын көбү жаңы жерде кайрадан жаралып, бир нече айдын ичинде эле продукция бере баштаган.

Джуманалиев А. белгилегендей Кыргызстан эле эмес, бүтүндөй Союз боюнча өндүрүлгөн өнөр жай продуцияларын иштетүү, бөлүштүрүү бул 30-жылдарда бекемделген борбордошкон административдик-командалы бийликтин карамагында болгон: “Центр получал широкую возможность быстро моблизовать матеральные, финансовые, трудовые ресурсы, концентрировать их тех участках хозяйства, которые определялись как ключевые, на время повышать темп их развития. Но при этом, одновременно ради достижения стратегических целей ущемлялись интересы союзных, автономных республик, других национальных образований”.[84]

1980-жылы Кыргызстанда 441 өнөр жай ишкана болгон. Ал эми айыл чарбасындагы ички дүн продукциянын өнүгүүсү 1985-жылы 1940-жылга салыштыргада 3,9 эсе жогорулаган. Статистикалык маалыматтарга караганда

айыл чарбасындагы колхоздор менен совходордо орточо 119 механизатор иштеген.[85] Бул көрсөткүч айыл чарбасындагы техника менен болгон камсыздоо жогору болгондугунан кабар берет.

Кадамжай сурма комбинат мурдагы СССРдеги тармак боюнча биринчи ишканалардан болгон. Кыргыз сурьмасы өтө сапаттуулугу менен айырмаланган. 1958-жылы Брюсселдеги Бүткүл дүйнөлүк көргөзмөдө Чоң алтын медалын алып, металлдын тазалыгы боюнча дүйнөлүк «эталон» деп белгиленген.

Өнөр жайдын райондогу өнүгүү абалын бүткүл сою здук эл катоолордогу өнөр жай комбинаттары жайганшкан шаар тибиндеги кыштактардагы демографиялык көрсөткүчүнөн дагы байкасак болот.

1959-жылдагы каттоо боюнча:

Пгт. Советский: 2142 – жалпы; 1096 – эркек; 1046 -аял

Пгт Фрунзе: 4776 – жалпы; 2201 – эркек; 2575 – аял

Пгт Хайдаркен: 8254 – жалпы; 4089 -эркек; 4165 – аял

Пгт. Чувайс: 2146 -жалпы; 1054 – эркек;1092 -аял.

**1970-жылдагы каттоо боюнча**

Фрунзе району

**4517- жалпы**

**2039 - эркек**

**2478 - аял**

Пгт Советский – 2033 -жалпы; 992-эркек; 1941-аял

Пгт. Фрунзе – 6635- жалпы; 3099-эркек; 3536 -аял

Пгт Хайдаркан – 10 690 – жалпы; 5372-эркек; 5318 – аял

Пгт Чувай – 1874 – жалпы; 880 – эркек; 994 -аял.

**1979-жылдагы каттоо боюнча**

Пгт Советский: 2397 – жалпы1247-эркек; 1150-аял

Пгт.  Фрунзе: 7244-жалпы; 3444-эркек; 3800-аял

Пгт. Хайдаркан: 11512-жалпы; 6033-эркек; 5479-аял

Пгт. Чаувай: 2427-жалпы; 1230-эркек; 1197-аял

**1989-жылкы жалпы союздук эл катоо**

Пгт Советский: 1768 – жалпы; 940-эркек; 828-аял

Пгт. Фрунзе: 7843-жалпы; 3693-эркек; 4150-аял

Пгт. Хайдаркан: 11278-жалпы; 5650-эркек; 5628-аял

Пгт. Чаувай: 2072-жалпы; 1008-эркек; 1064-аял

### 3.3.1. Кадамжай сурма комбинаты

Кадамжайдын экономикалык реалдуу тарыхы 1917-жылдан кийин башталган. 1927-жылы Сурма рудасынын кенин академик Ферсман изилдеп, сурма алынган көрсөткүчтөрү андан ары терең геология чалгындоолорун уланта берүүгө негиз берет деп аныктаган[119]1934-жылы Кадамжайда крудумдун антимониум тиглдеринде зейгерлөө үчүн аракетке төрт камералуу меш киргизилген жана ушул эле жылы Москванын бир заводунда беш сернисттик жана фтористтик аммонийлик күкүрттүн өндүрүлүшү уюштурулган. Металлдын ар түрдүү маркаларын чыгарууну көбөйтүү руданын жаңы запасын өздөштүрүүнү талап кылды. Сурма комбинантынын продукциясы анын ар түрдүү түрлөрүндө биздин өлкөнүн 241 ишканасында иштетилет, андан сырткары, ал дүйнөнүн 30 дан ашуун өлкөсүнө экспорттолот: Япония, Индия, Бразиля, Германия, Чехославакия, Венгрия, Франция[120]. ж.б. Өлкөдөгү социалдык-экономикалык каатчылык кадамжай сурма комбинаттка да өз таасирин тийгизди.

Кыргызстан аймагында сырелук запасы боюнча Кадамжай сурма комбинаты алдынкы орунда турат, Кадамжай түпкүрлөрүндө узак кылымдар бою өтө сейрек байлык-сурма рудасы сакталган. Падышалык Орусия маңызында өзүнүн металлургиясына ээ болгон эмес. 1913-жылы өндүрүлгөн 21,5 миң тонна цинк, коргошун, жез негизине француз, англия, бельгия концессионерлерине таандык болгон рудник менен заводдордо алынган жана эритилген. Ал эми башка металдар өндүрүлгө эмес, ошондуктан чет

жактардан сатылып алынган. Падышалык Орусия жеке менчик сурма базасына ээ болгон эмес[122]. 1900-жылдан 1917-жылга чейин ал сырттан 40 миң тонна металл сурмасын сатып алды. Эмне үчүн биринчи дүйнөлүк согуш жүрүп турган мезгилде падышалык Россия сурма металлын изилдеп-чалгындоого мынчалык көңүл бурганбы? Жообу жөнөкөй. Падышалык Россияда сурьма боюнча базасы болгон эмес. Өлкөнүн келечеги сурма жана сымап сыяктуу сейрек металдарсыз болбостугун туура түшүнгөндүктөн, анын үстүнө согуштун жүрүшү бул металлдарга болгон зарылчылыкты далилдеп жатты. Ошол үчүн падыша сурма металлын чалгындоо иштериңе каражат аябады. «1914-ж. Москва радий экспедициясынын кызматкерлери А.А. Черняев жанан С.А. Александров Катраң-Тоо кыркасы аймагында сурма рудасынын чыкканын табышкан» [123.289].

Райондун аймагындагы сейрек кездешүүчү сурма, сымап сыяктуу сейрек кездешүүчү металлдарды изилдөө иштери совет дооруна чейин башталганына карайбай аны иштетип, пайдалануу совет мезгилине туура келген. Сурма менен сымапка болгон талап жаңы Совет өкмөтүнүн күн тартибинен да түшкөн жок. Бул металдарсыз техникалык өнүгүү болбостугун бардыгы билип турду. Аларды чалгындоого өзгөчө маани бериле баштады. Түстүү металлдарды өндүрүүнүн башаты катары түстүү металлдар боюнча бириги бүткүл союздук кеңешмени эсептесе болот. (30-март 6-апрель 1925-ж.) 1925-ж. Кадамжай кени таланттуу адис, кийинчерээк академик дүйнөлүк аты бар окумуштуу Д.И.Шербаков баштаган «Сейрек металлдар» трестинин издөөчү партиянын геологдору тарабынан мукум каралган. 1927-ж. Сурма рудасынын кенин академик Ферсман изилдеп, сурма алынган көрсөткүчтөрү андан ары терең геология чалгындоолорун уланта берүүгө негиз берет деп аныктаган.[124.57]

СССР Совнаркомунун 15-ноябрь 1937-ж. №173 токтому менен Кадамжайдын сурмакенин өлкөнүн коргоо маанидеги эң ири металлургиялык базасы катары каралып, иштетүү маселесинин мөөнөтү белгиленген.

Кадамжай кенинде оор чалгындоо уюштурулган. Ушул мезгилден Кадамжайда «Сейрек металлдар» Трести тарабынан уюштурулган стационалдык чалгындоо иштери кулач жайган. Буга чейин сурма рудасын ачык ыкма менен азыраак казып алынган. 1928-ж. Баары болуп 1833 тонна руда казып алынган, анын ичинен колдо сорттоо менен 20% антимонити бар 113 тонна концентрация алынган. Бул чет өлкөдөн сурма алуудан улам баш тартууга мүмкүнчүлүк берди.

Кадамжайда 40% антимониттен турган сурманын 3 окисин кендин өзүндө тажрыйбалуу эритүү өткөрүлгөн. Бул Кадамжайлыктардын гана эмес, ошондой эле индустриализация жагын ишке ашырууда бүтүн өлкөнүн жеңиши болгон. Себеби дүйнөдө эч жерде Кадамжай сурмасындай сапатуу сурма алалган эмес.

Союз өкмөтүнүн чечими менен Фергана өрөөнүндө сурма өндүрүшүн уюштурууну тапшырган. Орто Азиялык сейрек элементтер камбинаты түзүлгөн. Өзүбүздүн жаңы технологияны түзүү керек эле жана ал түзүлгөн болчу. Өлкөгө таза түрдөгү металл керек болчу. Аны алуунун аракеттүү методун издөө башталды. Аны 1934-1936-жж. Академик Н.П. Сажин инженерлер С.М Мельников, М.Э. Кроль гидреметтин кызматкерлери Б.С. Руковишниковдор түзүштү. Алар Кадамжай кенинин рудасы менен концентраттарынан металл сурмасын алуу технологиясын иштеп чыгышты жана биринчилерден иштетишти.

Бүгүн сурманын жана анын кээ бир кошулмалары жарым өткөргүч өнөр жайында сурманын ролу өзгөчө өсүп кетти. Сурма таза түрүндө бул күмүш ак түстөгү металл. Сурманын жыштыгы 6,678 250С та.

Андан сырткары сурма ширенке өндүрүшүндө чоң мааниге ээ. «Суруу» деп аталган ширенкенин бөлүгү күкрт сурмадан турат. Кызыл фосфор менен бирдикте ал кара-кычкыл түстү кабарлайт.

Биздин комбинат биринчи беш жылдыктардын таңында Днепрогес, Магнитти, Турксиб, Кузбасс менен бир мезгилде түзүлгөн. Бирок алар бүткүл

дүйнөгө белгилүү гиганттар болгон. Ал эми Кадамжай бир канча жупуну орунду ээлеген.

Сурманын өлкө эл чарбасына зарыл мааниси болгон үчүн ушинтип аталганы «сурма алкагына» жаңы геологиялык партиялар келип жатты. Совет окумуштууларына столдордо эл байытуунун флотациясын жана методун кошуп, сурма рудасын байытуунун Ата-Мекендик технологиясын иштеп чыгууда артыкчылык берилет. Жыл сайын курулуш кулач жайган. Бирок техника жумушчу колдор жетишпеди. Өткөөлдү кол менен жасашкан. Бир жумушчу бирди кармап турган, башкасы ар бир сокуда бурду айландырып салмактуу базган менен хвостовикти урган. Биринчи ушундай «бургулоочулар» Михаил Положенцев менен Сабыр Мамарасулов болгон. Пайда болгон забойлордо топтолгон руданы вагонеткага жүктөшүп, ага атты чечип тоого жөнөтүшкөн. Өздөрүнүн ийиндеринде ошол алыскы жылдардын чыдагыс кыйынчылыктарды алып чыккан биринчи металлургдардын ичин биринчи ээришин атайын ысыкка чыдамдуу хромит мештеринде алып башташкан. Ушундай меш жөнөкөй чоң тигелге окшош болгону 5-7 кг сурманын кошулмасын берген. Меш катуу отунда жаратылыш тартуусу менен иштеген. Биринчи металлургдардын эмгеги ийгиликке ээ болду. 1933-ж. Алар крудум сурманын бир нече кг сульфидин алышты. Бул заматта жеңиш болчу. Кадамжайлыктар дароо крудумду ээритип чыгаруу үчүн камералык мештин курулушун башташты. Слесарь Василий Лавроненко, балкачы Сабыр Мамарасулов жана кузнец Петр Яшуков кыска мөөнөттө анын курулушун аякташты. Бул курулушту инженер Серафим Михайлович Мельников өзү жетектеген.

Камералык мешти киргизүү менен (1933) крудумду өндүрүү көлөмү суткасына эки тоннага көбөйдү. Металлургдарга жеңил болбоду бардыгын кол менен жасоого туура келген. Мисалы, мештен эритилген металл менен 50кгдык тигелди алып чыгуу жеңил иштен эмес. Жардамга ойлоп табуучу кузнец Петр Яшуков келген. Ал кыштактык кармагычтар сыяктуу жөнөкөй рычагдарды жасады. Алар менен аялдар мештен тоюнду чыгарышкан. Ал

мезгилде ушундай «механизация» болгон.1932-жылы анча чоң эмес механикалык устакана уюштурулган. Жабдыгы бир гана кызык пролетарит токардык станоктон турган, ал «фаразон» тракторунан кыймылга келтирилген. Албетте ушундай станоктук жабдууда татаал деталдарды ремонтту жасоо мүмкүн эмес эле, ошондуктан алардын бөлүгүн колдо кылышкан.

Курулуш көлөмүнүн көбөйүүсү менен механика устаканасын кеңейтүү курч зарылдыгы пайда болду. Борбордук устакананын фундаментин куюуга киришишти.Чоң эмес станок бөлүмү уюштурулат. Механика устаканасын механика цехи деп аташты, жылына 75тонна чоюн өндүрүүсү менен чоюн куюп чыгаруу боюнча куюучу бөлүм ачылат. Куюу бөлүмүнүн биринчи жетекчиси Теппадий Фердинандович Гренке болгон. Бөлүмдө дизелдер үчүн поршендер чыгарышты, курулуп жаткан байытуучу фабрика үчүн зарыл болгон жабдык чыгарылды. Бирок мунун баары жетишсиз эле, цехтин алдында темир уста менен казан бөлүмү ачылат (1938-39-жж.). Механика цехи станоктор, процесстер темир усталык жабдык менен толуктала баштайт.

Аз күчтүү вагранканын ордуна күчү саатына 0,5 т. жаңысы орнотулат. Эксплуатацияга жарым тонналык болот эритүүчү меш киргизилет. Калыптоочу аянт кеңейтилет. Механикалык цехтин алдында порода жүктөөчү машиналарды акумулятордук, электровоздорду кум насосторун жана байытуучу жабдыктын борбордоштурган оңдоочу участок түзүлөт, комбинаттын негизги цехтерин камсыздоо боюнча атайын монтаждан бригадалары түзүлөт. Болот менен чоюндун атайын маркаларын чыгаруучу процесси өздөштүрүлгөн.

Эгер алыскы 1930-ж. Механика устаканасында жумушчу составы 12 адам менен жалгыз «Красный пролетарий» станогу болсо, ал эми комбинаттын өнүккөн мезгилинде 60 станокто 85 адистер иштейт. Кимдер 1930-40-50-60-жылдары бул цехти түзгөндөр, аны жылдан жылга механикалык кызматтын заманбап жогору рентабелдүү түйүнгө айландыргандар жөнүндө белгилей кетсек. Бул куюу бөлүмүнүн чеберлери Г.

Ф. Гренке, С. Г. Полуянов мехцехтин башчысы Р. А. Байхабаев куюучу Н. П. Кинаш, Стагевар (болот кайнатуучу) А.А.Гаврилин, слегфлор Г.В. Панкратов, П. А. Пятаев жана башка көптөрү. 1936-ж.1-сентябрында №1 тажрыйбалуу металлургия заводу эксплуатацияга тапшырылган, буга төмөнкүлөр кирет. Руданы күйгүзүү боюнча түтүк меши. Осадибелдик эритүү боюнча чагылдыруучу меши. Даяр эмес сурманы рафипирование үчүн чагылдыруучу меш. Металлургия заводун эксплуатацияга киргизүү металл сурма түрүндө даяр продукцияны стабилдүү чыгарууга мүмкүнчүлүк берди. №1 металлургия заводунда эмгектин алдыңкы методдору үчүн биринчилерден Ленин ордени менен сыйланган Ашырали Ахунов болду. Заводдун башчысы Пазыл Юлдашев СССР Жогорку Кеңешинин депутаты болуп шайланган. 1934-жылы Кадамжайда крудумдун антимониум тиглдеринде зейгерлөө үчүн аракетке төрт камералуу меш киргизилген жана ушул эле жылы Москванын бир заводунда беш сернисттик жана фтористтик аммонийлик күкүрттүн (сера) өндүрүлүшү уюштурулган. Совет сурмасын алуу үчүн күрөш жылдары кыйын болду. 1935-жылы аны тажрыйбалуу «Гидромет» заводунда алышты. Кадамжайда тажрыйбалуу байытуучу фабриканын курулушу, концентраттарды металл сурмасына жана анын кошулмасына кайра иштетүү үчүн металлургия заводун кеңейтүү жүрүп жатты. Инженерлер Н.П.Савин, С.М.Мелвников, Л.Я. Кролдор металл урмасын алуу технологиясын иштеп чыгышты да аны өндүрүшкө внедрили 1936-жылдын июнунда суткасына 50 тонна руданы кайра иштетүү проекттик мощности менен тажрыйбалуу байытуучу фабрика курулушка киргизилген болчу, ал сурма рудаларын байытуунун өнөр жай технологиясын иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берди. Курулушка көп эмгекти кошкон фабриканын башчысы А.И.Бловенко инженер С.Ф.Дворянский, башкы механик А.Н. Артаминовдор болушту. Фабриканын курулушу СССР НКТП «Гидроредменттин» проекти боюнча ишке ашкан. Ошентсе да, арадан бир топ жылдар өтөт. 1937-жылы гана СССР Эл Комиссарлар Советинин 173-токтому чыгып, Кадамжай кенине чыныгы баа берилет. Коргонуу мааниси

бар ири металлургиялык база Кадамжайда гана түзүлүшү керек экендиги эч кимде кош пикирди пайда кылбайт.

Ошондон тартып Кадамжай кенинде оор чалгындоо иштер уюштурулат. Кадамжай кени жөнүндө бүт совет өлкөсү биле баштайт. Днепрогес, Магнитка, Турксиб, Кузбасс сыяктуу эле Кадамжай да Бүткүл Союздук эпкиндүү эмгектин майданына айланат. Өлкөнүн ар кайсы тарабынан иштөө үчүн адамдар келе баштайт. Алардын арасында орустар, украиндер, кавказ элдеринин өкүлдөрү, өзбектер, тажиктер, түркмендер бар эле. Комбинаттын курулушуна жергиликтүү калк- кыргыздар өзгөчө активдүүлүк менен катышышат[125.350]

Ак-Суу дарыясына курулган алгачкы насостук станцияны комбинаттын ардагерлери азыр да унутуша элек. Ал эми 1936-жылы курулуп пайдаланууга берилген кен байытуу фабрикасынчы? Совет өкмөтү Кыргызстандын түстүү металлургия борборуна дайым көнүл бөлүп турган. Анткени, сурма өлкөгө кошулмалар түрүндө эле эмес, таза түрүндө да керек болуп жаткан. Ошол эле 1936-жылы флогациондук концентраттардан рафинировкаланган сурма алуу башталган. Бул кезде металлургиялык завод да бир кыйла кубаттуулук менен иштей баштайт. Заводдун кубаттуулугунун өсүшүнө, анын колдон келишинче жаны технологиялык аппараттар менен жабдылышына ал кездеги оор өнөр-жай Эл Комиссарлар советинин төрагасы Серго Ордженикидзе өзгөчө маани берген.

1936-ж. 3065 миң тонна руда алынган жана кайра иштетилген. Тажрыйбалуу байытуучу фабриканы ишке киргизгенден кийин төрт жыл өтпөй эле 1940-ж. Жылына 165 миң тонна руданы кайра иштетүүнүн өндүрүштүк кубатуулук менен күчтүү байытуучу фабрика иштей баштайт. Электроснабжениеде талап жогорулайт. 1940-ж. Кувасай Кадамжай ЛЭП тапшырылат. Катарга «Капитальная» штольнясы кирет. Сурма кенин иштеп чыгуу жер асты ыкмасы менен башталат. Ным бургулоо киргизилет, анын жыйынтыгында бургулоочулардын силикоз менен оорусу 75%ке төмөндөйт.

Металлдын ар түрдүү маркаларын чыгарууну көбөйтүү руданын жаңы запасын өздөштүрүүнү талап кылды. Эксплуатацияга «западная» шахтасы киргизилди. Бул шахтада жогорку өндүрүштүк көрсөткүчтөр Иван Клегинин Валентин Усковдун өткөөлчүлөр бригадасында болду, алар иштеп чыгууну сменада 260  погон метрге чейин жеткиришти. Бул тоочулардын чоң жеңиши болду. Металлургдар тоочулардан калышпай баратышты. Алар чет ардан сурманы өлкөлүк металлургдардын тажрыйбасын алышты жана куралданууга бардык алдыңкыны прогрессивдүү алышты. Ээритүүчлүлөр Сайдулла Тешеев, Зулпукар Маматов, Какада, Венгрия, Япониянын бир катар тектеш ишканаларда болушту.

Эчак эле 1936-жылы июлунда Кадамжайда орлотоконтранттардан сурманы рафини-раванин башталган. СССР де сурма продукциясын импорту толук токтотулган.

Улуу Ата Мекендик согуштун алгачкы күнүнөн баштап, стратегиялык маанидеги сурма камбинатынына өзгөчө көңүл бурулган. 1941-жылдын июль-сентябрь айларында, кыска мөөнөттүн ичинде электролит цехи менен жаңы завод ишке берилген. Согуш техникаларын, курал-жарактарды чыгаруу көп өлчөмдөгү түстүү металлдарды өндүрүүнү талап кылган. Ошондуктан комбинат өзгөчө режимде иштей баштаган. 1941-жылдын аягында аталган өнөр жайдагы сурманы өндүрүү 1940-жылга салыштырганда бир кыйла жогору болгон. Согуштун алгачкы күнүнөн ишкананын жумушчуларынын 65% стахановчу, ударниктер болушуп, 40тан ашык жумушчу эки жүзчүлөрдүн катарын толуктаган.[86]

1941-1944-жж. Айдаркенде «За оборону», «Молот», «Победа» ж.б. сыяктуу бир катар старательдик артелдер уюштурулган. Алардын баары штуар концентратын казып алууга жана 10тонналык «байытуучу фабриканы» пайдалануу менен бай рудалык щелочту кайра иштетүү менен иш алып барышкан. Руданы сыртта ириги жана мазмуну боюнча сорттошкон, кээ бир учурларда бош пароданы болуп, байытуу кол ыкмасы менен да жүргүзүлгөн. Руда казуучу Ибрагим Хусанов 10 айда 12 айдын планын аткарды, ал эми

бургулоочу Абразумян 1942-ж. 8-айында 365 смена нормасын иштеп чыккан[126].

Казып алынган концентраттын бардыгы сурма комбинатынын металлургия заводунда пайдаланган. Бардык старательских артелдердин жумушчулары алтын менен эсептелген бондор менен товар алышкан. 1948-жылы мамлекеттик казып алууга өткөнү менен байланыштуу старатель артелдери жаралган.

Шахталарды электроэнергия менен канааттандыруу үчүн 1941-42-жж. «Горная» подстанциясы ар бири 1000 КВ эки трансформаторлору менен эксплуатацияга киргизилет[126.39] Бирок тоо жабдуулары менен башка өндүрүш обьекттери үчүн өсүп аткан керектелүү дагы кубаттуу электроэнергетикалык установкаларды талап кылат. Курулушка иштеп турган кошумча подстанциясы 500-800КВ эки транспорматорлору менен курулушка кирди. 1941-жылы дүйнөлөк экинчи согуштун башталышы менен сурма старатегиялык металлга айланды. 1942-жылы сурманы электролиздөө цехи ишке кирип, металл эритүү бөлүмдөрү кенейтилип, коргонуу өнөр жайына абдан зарыл болгон рафинировкаланган сурманы чыгарууда сапаттуураак жолго коюлган. Жыл сайын комбинатта ишке жаңы цехтер киргизилет. Мисалы, 1942-жылы эксплуотацияга кийинки эритүүчү цехин куруу менен сурманын электролиз цехи киргизилет. Бул эле жылы Кадамжайда коргоо өнөр жайына кетүүчү жогору сапаттагы рафинделген металл сурмасын чыгарууга киришишти. 1942-жылы СУ0, СУ1, СУ2, СУ3 маркадагы металл сурмасынын маркаларын чыгаруунун технологиясы өздөштүрүлгөн. 1943-жылы комбинат беш күкүрттүү сурманы чыгара баштады, ушул эле жылы пираметаллургия сурмасынын жогорку маркаларынын чыгарылышы 25% ке чоңойду, эмгек өндүрүмдүүлүгү жарымынан көбүрөөк чоңойду. Заводдун коллективи Кыргыз ССР Жогорку Кеңеш Президимунун Ардак громатасы менен сыйланган. Социалисттик эмгектин үлгүлөрүн тыл гвардиячылары көрсөтүштү. Алардын бири №1 заводдун шлаковщиги Малабдулла Урмашев эмгек майыбы болуп туруп, ал

заводго кайтып келди, мештин алдында туруп, күнүмдүк тапшырмаларды 200% ке аткарды. Комбинаттар сменге үчтөн забат тапшырган бургулоочулар Вахитов, Анарбаевдер даңкталып турушту. Эки жарым нормадан өткөргүчтөр Имашназаров, Мариджанов, Достанов Слесарлер Дубских, Акимов аткарышты. Сменада үч нормадан ашыгыраак Зубаревдин комплекс жаштар бригадасы аткарган. Өндүрүштөгү камкордуктун бардык кыйынчылыгы ветерандар, аялдар жана тестиер балдардын башына түштү. Өндүрүштө калышкан комсомолдо оң баратышты, алар 2-3 кесиптерди үйрөнүп жатышты. Согушка кеткендердин ордун кесиптик окуу жайды бүтүрүшкөн Мария Захарова, Зинамда Бурчиева, Любова Пшеничных, Саодай Сатбалдиева, Женя Сайтказиевдер алмаштырышты. Кыздар шихтовальщиквтердин иштерин колго алышты. Ал эми бул абдан оор эмгек эритүү үчүн шихта түзүү. Тоо цехинде комсомолдук жаштар бригадасы уюштурулду, анын мүчөлөрү Галина Гусева, Екатерина Хлебникова, Сергей Никитенколор болушту. Зинаида Проворнова бригадир болду. 1942-жылы экинчи арымында Кадамжайга Подольскийден Эвакуация болгон жабдык жеткирилди ал электролиз цехи үчүн машина. Аны эң кыска мөөнөттө орнотушат. Комсомолдор күндөп-түндөп цехтен чыгышпады. Өзгөчө Галина Гусева, Екатерина Хлебниковалар айырмаланышкан. 1943-жылы комбинаттын коллективи резина–техңикалык өнөр жайы үчүн зарыл болгон 5 кукүрттүү сурманы өндүрүүгө жетишишет. Согуштун бүтүшүнө карата 2 металлургиялык завод иштеп жаткан. Анын бири подшипник эритиңдилери жана шрифтер өчөн төмөнкө маркадагы, экинчиси аккумлятордук жана коргонуу өнөр жайы үчүн жогорку сапаттагы металлдарды чыгарып турган. Фронтто зарыл болгон эң керектүү металл менең камсыз кылуудагы жетишкен ийгиликтери үчүн заводдун коллективи Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак Грамотасы менен сыйланат, 23 Стахановчуга громата тапшырылат. Кадамжайлыктардын эмгегин коллективге өтмө Кызыл Туу ыйгарып, коргоо Мамлекеттик Комитети жогору баалады. 1994-жылы комбинатта жаңы комсомолдук жаштар

бригадалары уюштурулуп, «фронттук» наамга Бүткүл Союздук конкурска кошулат. Төмөнкүдөй сыйлыктар коюлат: бригадирге 700 рубль, бригадир мүчөлөрүнө 500рубль чейин, эгер 1944-жылы ичинде ай сайын 120% тен кем эмес аткарса да, брак болбосо, фабриканын жана №2 заводдун комсомолдору «фронтчулар» наамы үчүн активдүү күрөшүштү[128].

1945-жылы №1 заводдо катод металлын рафинирлөө үчүн пайдаланган күчү мештин ордуна чийки сурманы алуу үчүн чагылдырылуучу меш курушту. 1948-жыл комбинат крудумду үч сернистүү сурманы алуунун жаңы технологиясын өндүрүштү, 1957-жылы жогору тазалыктагы сурманы (Су000, Су0000), 1959-жылы натрийдин антимонатын (шлиппе туздары) өздөштүрдү. Эмне мүнөздүү жогорку категориядагы продукцияны чыгаруу ошондо 44% түзгөн, ал эми 1982-жылы жогорку сапаттагы продукция катары Су0, Су2 сурманын металл маркаларын чыгаруу 60% түздү. Жылдан ылга комбинат даяр продукциянын чыгышын көбөйттү. 1950-жылы Валовая продукциянын планы 112,3% ти, даяр продукцияны чыгаруу боюнча 103,2%ти түздү. Ошентип, 1949-жылы Менен салыштырмалуу валовая продукция 24,4% ке көбөйгөн, металлды чыгаруу-78% ке, анын ичинде Су0 маркалары боюнча 138% ти түздү. Су3-59,1%, беш күкүрттүү сурма боюнча 24,3%, рудаларды кайра иштетүү-8,1%, концентратты чыгаруу -14,7%, тоо-өткөөл иштери-30,2%. 1953-жылы эксплуотацияга «капитальная» шахтасы тапшырылган, тоо иштеп табуулары төмөнкү горизонтторго көчтү. 1954-жылы №1 металл аводу жабылып калган, ал эми анын ордуна №2 завод курулган. Жогорку сапаттагы сурманын үч окиси боео жана оптика өнөр жайы үчүн алынган. Комбинатта сурма концентраттарын кайра иштетүү үчүн кыйла жаңы методдор менен технологияны дайыма издешкен. Жаңы изденүүлөр ийгилик менен коштолду. Майдалоо, выщелачивание, жарыктоо жана растворду диекатрация бөлүмү курулган. 1956-жылы даяр продукцияны чыгаруу боюнча план белгиленген ассортиментте аткарылган. Металл сурмасын чыгаруу 102,1%, анын ичинде Су0-103,8%, Су1-99,9%, Су4-104,1%, госрезервге металл 100% чыгарылган, крудум-135, жогорку таза трехокис-

105, трехсернистой сурма-105,8%.Электролиз металлын бөлүп алуу планы 100,5%, от сурманын- 100%, сурманын трехокиси 100,5% ашыра аткарылган. Байытуучу фабрика 1956-жылы планын 115%, концентратты чыгаруу планы– 120,3% ашыгы менен аткарылган. Руда 113,2% казып алынган.[129.1-3]

Рудниктин шахталарында 1959-жылдан баштап штангалык бекемдөө колдонулду. Бул тоо иштеринде коопсуздукту бир кыйла жакшыртты жана токой материалын үнөмдөөгө алып келди[130.62] Кыргыз ССР СНХ №125 5-март 1959-жылдагы токтомунун негизинде түштүк тоо-металлургия комбинаты уюшулган. Ага бир катар өнөр жай ишканалар кирди. №5 Айдаркен сымап комбинаты, Чаувай сымап, Кан коргошун, Терек-Сай сурма, Чаувай цинк ж.б. кендер ЮТМК өзүнө бир катар рудниктерди, кендерди байытуунун кен схемалары менен сурма жана сымап заводдорду, көмөкчү цехтердин өнүккөн системасын кошкон көп тармактуу өнөр жай ишканасы болгон. Механикалык, энергетикалык изилдөөчүлүк, автомобилдик ж.б. өзүнө кошкон көп тармактуу өнөр жай ишканасы болгон.

ЮГМК сымап, коргошун, сурма, цинк концентраттарын, сурманы көптөгөн кошулмаларында (пятисернистую, шлиппенин тузун, сурманын трехокиси, трехсеристую сурьму занной плавки). Булардын көпчүлүк кошулмалары уникалдуу болушат. ЮГМК өз алдынча сурма комбинаты статусун 1957-жылга алганда сурма тармагы бир кыйла интенсивдүү өнүгө баштады, себеби, анын курамынан Терек-Сай сурма комбинатынан башка кен жайлар чыгып кетишти. 1960-жылда биринчи жолу Советтер Союзунда сурманын тоо жана тазалоо забойлору скважинасында мазмунун аныктоо геофизика методу ишке ашырылган. Байытуу флотация хвосторун кайра иштетүүдө алардан сурманы бөлүп чыгуу үчүн 1960-жылы декабрында «купящий слой» тажрыйба өнөр жай установкасы курулган. 1968-жылы комбинатта сурманы зондук тазалоо өндүрүштүн заманбап технология курулушу бүтөт. 1970-жылы байытуу дюбркнасынын коллективи тарабынан күкүрт өнөр жайы үчүн жогорку сапаттагы концентраттар чыгаруу өздөштүрүлгөн. Биздин Ата-Мекендик Кадамжай сурмасы эл аралык эталон

болуп калды. Су00 жана Су000 сурмасына сапат белгиси ыйгарылган. Аралашмалардын суммардык чоңдугу 0,0001% ашпаган Су–экстраны чыгаруу өздөштүрүлгөн. 1962-жылы Су0 жана Су2 металл маркасындагы сурмага мамлекеттик Белги сапаты ыйгарылат[131]1964-жылдан 1975-жылга чейин комбинаттын директору болуп иштеген Иван Константинович Герасимовду комбинаттын кенчи металлургдары алиге чейин унутуша элек. Герасимовдун тушунда «Западная» шахтасы ишке кирип, металл эритүүнүн көлөмүн арттырууда он роль ойногон. Бул жетекчи эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу менен жаштарды дене тарбия менен тарбиялоого да зор маани берген. «Металлург» стадиону, көптөгөн спорттук секциялар ушул кишинин тушунда түзүлгүн жана азырга чейин иштеп жатат. Жылуулук жана электр энергия товардык продукция алуу үчүн негизги өндүрүштук булак болуп саналат. 1978-жылы борбордук казанга металлургиялык перефелдин чагылдыруучу мештерине, пасселоктук турмуш-тиричилик объекттерине газ берген Фергана Кадамжай газопроводу эксплуотацияга кабыл алынат. 1972-ж. биринчи руднотермикалык мешти өздөштүрүү башталышы менен белгилүү, ал эми 1977-жылы январында комбинаттын директору А.А.Кайзер металлургия цехинде дагы бир руднотермикалык мешти эксплуотацияга тапшыруу жөнүндө актка кол койгон. Андагы биринчи эритүүнү Наумов менен Сайфутдинов өткөрүштү, электроддорду башкаруучу Черникова болгон [132]

Жыл өткөн сайын өнөр жай объектеринде эритүүчүлөрдүн, рафиндөөчүлөрдүн эмгегин жеңилдеткен жаңы ыкмалар (приспособления) пайда болот. Мисалы, 1974-жылы рафинделген металлды тынымсыз куйган машина аракетке киргизилет. Кен казуу иши да ордунда турбайт. 1975-жылы түндүк Акташ участкасынын 600метрлик штольндун өткөөлү бүтүрүлгөн. Кадамжайда 1988-жылы прогрессивдик усул менен 436 метр тоо титолип чыгуулары басып өтүлгөн. Экономикалык натыйжа 6 миң рубль түздү. Ушул эле жылы Кадамжай менен Терексайда кендердин жолоочу компоненттеринде жана аларды кайра иштетүү продукталарында сурманын

мазмунун контролдоодо ядролук-физикалык усулдары киргизилди. Өндүрүштүк турмуш-тиричилик керектөөлөр үчүн 1980-жылы автоматтык башкарууда комбинат курган битум эритүүчү мештери эксплуотацияга берилет. Түйүндүн күчү (мощность) саатына 25тонна. 1984-жылы жаңы байытуучу станциясы өздөштүрүлөт. Жыйынтыгында поселоктун түндүк участкасында үйлөрдүн жылуулук камсыздоосу жакшырды. Борбордук компрессор станциясынын эки компрессордо автоматтык жанга салуу системасы киргизилди. Заводдун казаны суюк отундан жаратылыш газына которулду[131].

1987-жылы комбинатта ПФ-53 ак боегун чыгаруу үчүн сурманын кошулмаларын өндүрүү боюнча жаңы цех өздөштүрүлдү. Өндүрүштүк маселелери чечүү менен бирге комбинатта бир катар чарба маселелери менен иш алып барышат. Мисалы, 1984-жылы эксплуотацияга магистралдык канализациясы бар суткасына 50003метр өндүрүмдүүлүгү менен чарбалык куюулардын (стохов) жаңы тазалоочу курулуштар (сооружения) киргизилди. 1990-ж. акиташты күйгүзүү боюнча цех ишке кирди. Анын өндүрүштүк кубаттуулугу жылына 2000тонна. Ушул эле жылы сурманын үч окись цехинде даяр продукцияны чыгарууну көбөйтүү менен үч конверторлордо бирдей иштөө мүмкүнчүлүгүн берген РФГ-5 эки фильтри тургузулган, металлургия заводунда продукциянын эки түрүн алууну камсыз кылган технология киргизилген. Бул Су0000 ЧДА маркасындагы реактив тазалыгындагы сурманын үч окиси. Алардын чыгарылышы экономика жактан максатка ылайыктуу, анткени аларга баа жана талап жогору. Участкада техникалык сурманы алуу үчүн продукцияны чыгаруу 10% көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк берген фильтрациянын аянты чонойтулган[133].

Ыкчам жетектөө үчүн 1986-жылы комбината өндүрүштү башкаруу структурасы жаныланган. Бир катар цехтер, хумлабораториялар, ошондой эле комбината кээ бир башкаруу бөлүмдөрү бириктирилди. Реоргянизациядан мамлекеттин бюджетке 156 мин рубилден ашык пайда киргизилди. Жогорку тазалыктагы сумманы өндүрүүдө кыргыз ССР нин

органикалык эмес жана физикалык химия институту сунуш кылган калий-щелоч пастворундагы электролиздин технологиясы пайдаланган.омбинатын илим–изилдөө уюмдарынын жана адистеринин бул ж.б иштеп чыгуулары тогузунчу жана онунучу беш жылдыктарда сурма жана анын кошулмаларынын өндүрүү көлөмүн 2,2 эседен ашык көбөйтүүгө, сурма продукциясынын номенклатурасын кеңейтүүгө жана анын сапатын жакшыртууга мүмкүнчүлүк берди. Продукциянын мамлекеттик сапат белгиси удельный салмагы менен 1975-жылы бир проценттен 1986-ж. 87% га өстү. Илимге таянуу, илимий техникалык прогресстин жетишкенин пайдалануу комбинатын жамаатынын ишин мүнөздөйт. Тыгыз чыгармачыл байланышы (узы) ишкана 20 ашуун илимий изилдөө жана долбоор конструктордук уюмдар менен байланыштырат. Кесиптик оорулардын келип чыгуу шарттарын изилдөө максатында жана алдын алуу чараларын иштеп чыгууда комбинат медициналык профилиндеги Кыргыз ИИИнун анкология жана радиология, эпидемиология жана гигиеана  Андижан мединституту менен кызматташат. «Средазнипроцветмет» институтунун окумуштуулары менен бирдикте жылына 2 млн  КВТ саат электро энергия үнөмдөгөн жана көп эмес капиталдык жоготууларсыз цехтин  өндүрүштүк кубаттуулугун эки эсе ашык көбөйтүүсұн камсыз кылган сурманын үч оксидин өндүрүүнүн жаңы конвертордук технологиясы иштелип чыккан жана киргизилген. Жаны гидрометалургия цехинде Киров атындагы УПИ жана «средазинпродвет» окумуштууларынын катышуусу менен катоддук сурма боюнча өндүгрүштүк кубаттуулугун  20% ке ашыгыраак көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк берген жогорку жыштыкта электролиздин технологиясы өздөштүрүлгөн. Комбинаттын ойлоп табуучулары жана рационализаторлору ар түрдүү агрегаттар машиналардын иштөөчү жаңылоо жолдорун  чарчабай издешет, жабдыктардын аябай жаңы түрлөрүн өндүрүшкө киргизүүгө жетишишти. Алардын изденүүсү чыгарылып жаткан продукцияны көбөйтүүгө гана эмес, ошндой эле анын саясатын жакшыртууга дабагытталган. Болочок сурма алпын куруунун башталышында эле жумушчулар жаңы сапатын табышты. Мисалы, дизель

машиналарынын машинисти Иван Мастапанов (1934-ж) «жарылуучу заттарды асбест каптарында сактоо» роц.сунун киргизди, №1 металлургия эритуучу мештерде подду заводунун башчысы Юлдашев (1938-ж)». Алдын ала жылытуу үчүн форсункаларды пайдалануу «эски күчтүү кичне маторлорду арабага жайгаштырган шихтаны ташып келүү» деген эки жөнөкөй багытты сунуш кылган. Бул эки сунуш ар бир эритүүнү 15-20 мүнөткө кыскартууга мүмкүндүк берди[134]. Кадамжай курулушта ага-ини Владимир жана Иван Поляковдордун, эритүүчүлөр Бакир Сурановдун, Федор Александровдун флототощик Иван Забниндин ж.б Смелые, оргиналдуу рационализатордук сунуштар пайда боло баштады. 1933- жылдан 1954-жыл ичинде жалпы экономикалык натыйжасы 24853 рубль менен 815. Сунуштар киргизилген. Албетте, өзүнүн жалпылыгы жана маанилүүлүгү боюнча алар, айталы, 60-70-80-жж рационализатордук сунуштарга жеткен эмес.1955-жылдардан 1970-жж ичинде 1352 рационализатордук сунуштар киргизилген, экономикалык натыйжа 958 мин рубилди тузду, ал эми 1917-жылдан 1990-жж ичинде 1866- жылы сунуш берилген, ал 3857,3 рубилди түздү. Бул ошутимая сумма рационализатордук ойдун көрсөткүчтүү мисалы боло алат. Ар түрдүү өндүрүштүк цехтерде канча кол элгеги болгон: кен жүктөлгөн вагонеткаларды антаруу кол менен ошол эле вагонеткаларды капаска туртуп киргизүү – кол менен, 5 кукурттуу суммуны цехте каптарга салуу – кол менен, ж.б көп маселелер. Бардыгы 28 операция комбината кол менен жүргүзүлгөн. Ал убактар кетти, бардык төмөн өндүрүүчү иштер азыр толук механизацияланган[135.63]

### 3.3.2. Айдаркен сымап комбинаты

Хайдаркан ртут комбинаты 1941-жылы «Комбинат № 5» деген ат менен түзүлгөн. 1950-жылы Хайдаркан ртут комбинатты деп аталган. 1990 г. Комбинатта 3000 ашык киши эмгектенген.[87]

Айдаркен сымап комбинаты райондун гана экономикасына салым кошпостон буткул союздун экономикалык чыналуусуна өз таасирин тийгизет. Кен Кадамжайдын түштүк-батыш тарапта Эшме тоосунун түштүк бетинде жайгашкан Кен археологиялык  маалыматтар боюнча 10–11-кылымдан белгилүү деп божомолдонот. Мындагы сырды ачууга Айдар деген жергиликтуу адам көмөктөш болуптур. Ошондон  улам Айдаркен деп аталып калган экен –деп коюшат. *[136]*

Айдаркенде пайдалуу кендин бар экендигин, чыныгы аныктоо фактысы Совет бийлигинин жылдарына таандык десек жаныльшпайбыз. Документтер менен эмгкек ветерандары далилдегендей мында 1926-жылы геологдордун аз сандагы тобу чалындоо иштеринин жүргүзшөт.1928-жылыдын аырында чалгындоочулардын жаны тобу келип кошулат. Бул иште геолог В. Поповдун салымы зор *[137].*

1929-жылы жергиликтуу улуттун, улуттук кызыкчылыкты бийик туткан жигиттери совет бийлигине, кендин ачылышына каршылык көрсөтөт. Советтик  тарыхнаамада аларды басмачы деп атап, билим берүү тармагында, коммунистик тарбиялоодо улуттук идеяны колдоочулар басмырланып жазылган. 1929-жылы бай-манаптар менен бектердин кайта күч топтошу басмачылыктын  терең тамыр жайышына алып келген. Басмачылар совет бийлигин тааныган  жергиликтүү элден да кошулган отряддардын соккусуна туруштук бере албай  Айдаркен талаасындагы тоолордун арасында баш калкалашкан. Тынымсыз атышуу чалгындоочулардын иштөөсүнө терс таасирин тийгизет.

1930-жылыдын күз айларында кенди штольня түрүндө чалгындоочулар келишет. Аларга Маслов деген жетекчилик кылган. Мурдагыларга караганда

алардын иши бир кыйла темптүү жүргүзүлгөн. Анткени, бул өрөөндө 6-7 чачкын кыштактан 1-айыл советиндеги кедейлер тобуна баш кошушкан кедей-дыйкандар жаңы коом үчүн кызмат кылып жаткан чалгындоочуларга мүмкүн болгон жардамдарын көрсөтүшкөн. Кызыл-Кыя районунун ГПУсу тарабынан участкалык милиционерлердин бир биригадасы келип, сакчылыкта турган. К,Мамажанов дегендин жетекчилиги астында Өзбекстандын Сох районунда уюшулган отряды кенге коркунучу бар күчтөргө каршы күрөшкөн. Бул жерде коркунучтуу топ Азам, Жейлан ж,б корбашылардын адамдары болгон *[137]* Айдаркен менен ирегелеш Ормош кыштагынан барып Сохтогу эрктүү отряда кызмат кылышкан Акбала жана Кайым кыргыздардын согушта бекем туруктуу, чечкиндуу чечимдерди кабыл алуу өзгөчө адамдык сапаты бар эл экендигин ачык көрсөтөт.

Айдаркен сымап комбинатынын ишке киргизилиши өтө татаал шартта амалга ашырылган. Траспорт ордуна төө, ат жана тогуз түлүк мал жандыктарынын ирилери колдонулат. Илимий техниканын алсыз мезгилинде жумушчу күчү оор кызматтарга тартылат. 1939-1940-жылдарда мурдагы Масали байдын жекеке менчигине караштуу аймактагы үч түп терек, үч үйдүн ордуна жумушчулар шаарчасы курула баштайт. Ата Мекендик согуш жылдары кендин иштөөсүнө өзгөчө көнүл бурулган. Мекенин жан дили менен сүйгөндөр эмгектенишет. Алар басымдуу күчтү кен байытуучу фабрикага жумшашып, анын монтаждоо ишин төрт айда бүтүрүшкөн. Согуш талаасынан келген А. О. Айропетяндын жасаган эрдиктерин баса белгилөө зарыл, ага компрессордук станцияны өрчүтүү милдети тапшырылат. Алгач 9 кубометр кысуучу аба иштеп чыгаруучу компрессордук машина иштеп келген болсо 1943-жылы 40 кубометр болгон. Ал эми 1944-жылы апрель айларында 45 кубометрдик экинчи машина ишке киришет *[138]*. Бул too иштеринде бургулоо, жүктөө, метал заводундагы мештердеги бир кыйла процесстерди механизациялоого зор жардам берет. Улуу Ата Мекендик согуштун алгачкы күндөрүнөн баштап эле Кыргызстандын түштүгүнөн экономикасы согуштук кырдаалга жараша өнүгө баштайт. Мисалы:

партиянын Ош обкомунда көмүр-кен бөлүмдөрү түзүлөт. Кадамжай сурма комбинатындагыдай эле Айдеркен сымап комбинатында коргонууга зарыл болгон продукцияны өндүрүүнү тездетүү жана сапаттуулугун камсыз кылуу максатында ВКП (б) Борбордук Комитетинин парторгдору дайындалып иштей баштаган.

СССРдин батыш аймактарындагы түстүү металлдарды иштетүүчү ишканалар белгилүү себептер менен токтотулган. 1941-жылдын аягында Донецкидеги Никитовский ртут комбинатынын фашисттик Германия тарабынан басып алынышынан улам, Фрунзе районунун Бирлик айылдык кеңешине караган «Хайдаркен», «Койташ» колхоздоруна таандык 1150 га жер ишкананын курулушуна бөлүнүп берилген.[88]

Донбасстагы Никитов сымап комбинатынын негизги фонду көчүрүлүп келип, Айдаркен сымап комбинатына өткөрүлүп берилген. Союздук стратегиялык маанидеги ишкананын курулушуна Ош областтынан көп сандаган жумушчу күчү, 40тан ашык жүк ташуучу машина бөлүнгөн. Ал эми коңшу Өзбек ССРинин Фергана областынан Хайдаркенге 1000ден ашык жумушчу-курулушчулар моблизацияланган. 1941-жылдын 1-октябрына карата Гүлдө меши, 1-ноябрга карата кайра иштетүүчү заводду, электр өткөргүч, компрессорду, дизелдик, суу менен камсыздоочу линияларды ишке киргизүү пландаштырылган.[89]

Комбинаттын курулушу партия менен өкмөттүн көзөмөлүндөгү ири курулуштардын бири болгондуктан комбинаттын курулушун жетектөөнү күчтөндүрү максатында 1942-жылдын башында СССРдини түстүү металдар боюнча Эл комиссарынын орун басары В. Фролов жиберилген. Комбинаттын капиталдык ремонтуна 1941-жылы каралган 19 млн. руб каражаттын ордуна өкмөт 26,5 млн. руб. бөлгөн. Комбинаттын негизги курулуш иштери 1941-1942-жылдын кардуу кышында жүргөн. Ошондуктан жумушчулар курулуш ордуна түшкөн карларды тазалоо иштерине кошумча убактылары кеткен. Натыйжада 1942-жылдын июнунда Хайдаркен ртут комбинаты пайдаланууга толук берилген.[90]

Хайдаркен металлургиялык комбинатындагы өндүрүштүү уюштуруунун негизинде андагы өндүрүмдүүлүктүн көрсөткүчү жылдан-жылга жогорулаган. Мисалга алсак, 1945-жылы бир жумушчунун бир күндүк орточо өндүрүшү 2,8 эсеге жогорулаган.[91]

Ошентип, 1942-жылдан тартып Айдаркен too металлургиялык комбинаты толук кубаттуулукта иштей баштаган. Согуштан кийинки беш жылдыкты Айдаркендиктер мөөнөтүнөн мурда аткарууга жетишкен *[139].*

Айдаркен жана Чаувай кендеринен өндүрүлүп алынган сымап фашисстик Германияны жеңүүдө канчалык зор салымы болсо, кийинчерээк космос мейкиндиктерин өздөштүрүүдө андан кем эмес үлүшү болгон. Космостук кемелер, ракеталык куралдар сымапсыз эч нерсеге арзыбай калаарын айтып отурууга кажет жок.

Сымап-металлдардын ичинен жаратылышта суюк түрүндө кездешчү бирден бир зат. Азыркы учурда сымаптын касиеттери толук изилденип, өнөр жайдын бардык тармактарында кеңири колдонулуп жатат. Алсак, жылуулук установкаларында пайдаланган кезде буу казанын иштөө коэффициентин 45 пайызга жогорулатып, сарпталуучу отунду дээрлик бир жарым эсеге үнөмдөөгө мүмкүндүк берет.

Химия өнөр жайында ал химиялык реакцияларды тездетүүгө же басаңдатууга туздардын эритмелеринен жегичти жана хлорду алууга катод катарында кеңири пайдаланылат. Сымап кеме курууда да колдонулат. Андан атайын боектор алынып, кеменин суу астында жүрүүчү бөлүктөрү сырдалат. Түстүү металды рудадан ажыратып алууда медицина, жардыруу иштеринде, айыл чарбасында да керектелет. Сымаптуу кендердин сымапты бөлүп алуу иштери анчалык татаал эмес. Кенди 900 градуска жеткирип ысытканда металл бууланып бөлүнөт, аны кайра муздатуудан даяр металл алынат.

Кийиики жылдарда Айдаркен кенинин, жанында жаңы сымап кени ачылган. Бул ишкананын иштөө мөөнөтүн узартып туруктуу металл алып турууга мүмкүндүк берүүдө.

Айдаркен сымап комбинатында иштеген көптөгөн эмгек алдыңкылары өсүп чыккан. Алардын көрүнүктүүлөрүнүн бири – Социалисттик Эмгектин Баатыры Орозбай Маканов. 1955-жылы Айдаркен сымап комбинатына жумушчу болуп орношуп, жумушчулуктун терең сырларын тез эле үйрөнүп, мыктылардын катарына кошула алган. Сегизинчи беш жылдыктагы эн жогору көрсөткүчтөрү үчүн Социалисстик Эмгектин Баатыры наамына арзыган. Ал Эмгек Кызыл Туу ордени менен да сыйланган. Орозбай Маканов мыкты өндүрүшчү эле эмес, республикага таанымал коомдук ишмер катары да жердештеринин эсинде калган. Себеби ал Кыргыз ССР Жогорку Советинин 7-8 чакырылыштарынын депутуты болуп шайланган.

Кенде үзүрлүү иштеп Ленин, Октябрь революциясы, «Ардак белгиси» ордендерин алган Баатырбек Сыдыков, Ленин орденине татыктуу болгон В. Асмоловский, Октябрь революциясы ордендеринин ээси Насиридин Кожомкулов, Виктор Лашининдер өткөөл иштеринин устаттары болгон. Эритүүчү М. Эргешов, жардыруучу Р. Гилмулин, Д. Сидометов, С. Боровцевдер ишкананын тарыхында өз издерин калтырышкан.

Комбинат деңиз денгээлинен 2000 метр бийиктикте жайгашкан, өзүнчө бир уникалдуу Айдаркен шаарчасы өсүп чыккан. СССР жоюлгандан кийин шаарчанын социалдык экономикалык абалы начардаган,сыренун кээбир түрлөрү чет өлкөлөрдөн ташылып келгендиктен көптөгөн чыгашаларды талап кылат.

Айдаркен сымабын Голландия, Германия сыяктуу өнүккөн өлкөлөр сатып алып турат. Сымап рудасынын составында 70тен ашык минерал-киноварь, циннобарит, галенит, антимонит, кальцит, барит жана башка минералдар бар.

Айдаркен сымап комбинаты менен бир мезгилде башталып, продукция бере баштагандагы дагы бир кен бул-Чаувай кени. Чаувай металлы өзүнүн сапаттуулугу менен айырмаланган. Ушул кендин металлынын эсебинен Айдаркен сымабынын да сапаттуулугу артып, мурдагы Союз боюнча биринчиликти колдон чыгарышчу эмес. Чаувай кенинде Эмгек Кызыл Туу

ордендеринин ээлери металург Эргеш Сатыбалдиев, кенчи Ысак Сыдыков татыктуу кызматтары үчүн көп жолу сыйлыктарга ээ болушкан. Учурунда Чаувай кенинде 10 минге жакын калк эмгектенип жашаган.

Мамлекеттик акционердик коом болуп кайра түзүлгөн комбинат жумушчулардын санын кыскартпай сактап калуу менен продукция чыгарууну көбөйтүүгө жетишкен. Айдаркен сымабына болгон керектөө дүйнөлүк рынокто күчтүү. Мында анын жетекчиси Токтобек Талипович Сартбаевдин эмгеги зор. Ал сымап чыгарууну да жакшы жолго коюп, Айдаркен шаарчасынын калкын жумуш менен камсыз кылып, бираз болсо да турмуш деңгээлинин төмөндөп кетишине жол бербей калууга жетишти.

Айдаркендик кенчи-металлургдар айрыкча согуш учурунда бардык кыйынчылыктарды женип, эки эселеген кайрат менен иштешкен. Ал кезде кургак бургулоо иштери жүргүзүлгөндүктөн кесиптик оорулар да арбын болгон. Кенде иштегенден көрү согушка кетөөнү артык көргөндөрдүн арбын болгонун да айта кеткенибиз оң. Себеби кенде иштегендер негизинен үч-төрт айдан ашык иштеше алган эмес. Кесиптик ооруга-силикозго дуушар бодуу менен кыска эле убакытта өмүр менен кош айтышып кете беришчү экен. Деги эле душманды жеңүүдө Кадамжай менен Айдаркеңдин жумушчуларынын эмгеги да, салымы да тендешсиз болгонун дагы бир жолу алардын элестеринин алдында таазим кылуу менен эскере кетүү биздин – тирүүлөрдүн ыйык парзы.

Айдаркен жөнүндө сөз болгондо, ишкананын мурдагы директору Мамат Марипович Айбалаев жөнөңдө айтпай коюга болбойт. Биринчи кезекте, ушундай ири ишканага кыргыз улутунан чыккан алгачкы директор болгону менен барктуу. Ал кезде Айдаркен жана Кадамжай комбинаттары Москвага түздөн-түз баш ийип турганын жакшы билебиз. Ошондуктан Мамат Марипович да Москвадагы тармактык жетекчилердин аңгемелешүүсүнөн өтпөсө болбойт эле. Алардын сыноосунан эки ирет «өтпөй» калышы да ошондон улам болгон. Өчүнчө жолу гана ага теңтайлаша турган өз адамдары табылган соң макулдугун беришкен. Айбалаев ишканада

эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүгө жетишкен. Эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулашы жумушчулардын жашоо шарттарынын жакшырышы менен коштолору маалым.

Кийинчерээк Мамат Марипович Кадамжай сурма комбинатында үзүрлүү иштеген. Азыр бул киши татыктуу эс алууда. Ошол эле учурда ал парламенттин эл өкүлдөр жыйынынын депутаты. Айдаркен сымап комбинатында иштеген мезгилде көптөгөн эмгек алдыңкылары өсүп чыккан.

# IV БАП. КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН 1991-2008-ЖЫЛДАРДАГЫ ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ

## 4.1. Кадамжай районунун эгемендүүлүк жылдарындагы өнүгүү абалы

Кыргызстан көз карандысыз мамлекеттүүлүгүн жарыялаган мезгилде Кадамжай району алгач Ош областынын административдик аймагынын (район) бири болгон. Өткөн кылымдын 90-жылдарынын башында республиканын бир катар аймактарына, алардын аталыштарына өздөрүнүн тарыхый аттары кайрылып бериле баштаган. Ошондой тарыхый өзгөрүүгө райондун аталышы дагы туура келген. 1992-жылдын 6-мартындагы Кыргыз республикасынын Жогорку Кеңешинин чечими менен Фрунзе районунун аталышы Кадамжай району деп өзгөртүлгөн[92].

1999-ж. август айынын башында эгемендүү Кыргыз Республикасынын түштүгүнө диний экстремисттердин тобу басып киришкен. Өздөрүн Өзбек Республикасынын мамлекеттик бийлигинин оппозициясыбыз деп эсептеген бандиттик топтор Кыргызстандын аймагын өздөрүнүн базасына айландыруу максатын көздөшкөн. Атайын кызматтардын жана аскер адистеринин маалыматына ылайык, бул боевиктердин тобун башкаруучу Тахир Юлдашев – “Өзбекстандагы Ислам кыймылынын эмири”, “моджахед күчтөрүнүн башчысы” катары белгилүү болгон. Баткен тоолорундагы куралдуу кол салууларды жетектеген көпчүлүккө Жума Намонгони же Зубайр ибн Абдурахман псевдоними менен таанымал Жумобай Ходжиев болгон. Баткенге кол салуу мезгилинде ал өзүн «ИДУнун саясий диванынын трагасы» деп атаган. Ошондой эле, боевиктердин башка да Абдулазиз (Абдували Юлдашев), Али Бедаки, Мулло Абдулло, Шайх Камол, Холид, Торык, Ахмад, Хамза, Махди, Абдумалик, Абдурахман ж.б. у.с. командирлери болгон. Жогоруда аты аталган террордук топторду башкарган командирлердин катышуусунда 1999-жылы биздин мамлекеттин чек арага

жакын айылдарды басып алуулар болгон. Террорчулардын бул аракети Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан мамлекеттин аймактык бүтүндүгүнө шек келтирүү катары бааланып, республиканын чегинен сүрүп чыгуу жөнүндө чечим кабыл алган. Региондук деңгээлдеги терроризмге каршы күрөштө Кыргызстанга "Шанхай бешилтигинин" келишимдерине ылайык Өзбекстан, Россия, Армения жана Казахстан мамлекеттери аскердик – техникалык жактан көмөк көрсөтүштү. 8–25-сентябрь күндөрү болгон куралдуу кагылышуу жана авиа менен арт атуулардын негизинде Баткен району боевиктерден толук тазаланган. Куралдуу кагылышуулар болгон чөлкөмдүн стратегиялык жана социалдык – экономикалык маанисин эске алып, Кыргыз Республикасынын Президенти А. Акаев өз алдынча облус түзүү боюнча мыйзамга кол койгон.[Ошибка! Источник ссылки не найден.]

1999-жылдын 13-октябрында КР Жогорку Кеңешинин чечиминин негизинде КР Президентинин № 110 буйругу боюнча өз алдынча Баткен облусу түзүлгөн.[92] Жаңы түзүлгөн облустун курамына Ош областынын батыш аймагындагы Лейлек, Баткен, Кадамжай райондору жана Кызыл-Кыя шаары кирген. 2000-жылдын 18-февралында Баткен айлына шаар статусу берилип, 2008-жылдын 1-декабрында Баткен шаары райондук башкаруудан областтык башкарууга өткөн. 2000-жылдын 18-фералындагы чечим менен Сүлүктү шаары Лейлек районуну башкаруусунун областтык башкарууга берилген. 2009-жылдын 24-мартындагы катоо боюнча област 3 район, 4 шаар, 5 шаар тибиндеги кыштак, 29 айыл округ административдик аймактык түзүмдөн турат.[93] Лейлек районун борбору Исфанага 2001-жылы шаар статусу берилген. Ал эми, 2022-жылдын16 мартында КР Пезидентинин Буйругу менен Исфана шаарыны белгилүү мамлекеттик ишмер И. Раззаковдун ысымы берилген.

Кадамжай районунун аймагына "Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык жана аймактык бирдиктердин объектилерин белгилөө тутумунун мамлекеттик классификатору" (2009) боюнча райондук маанидеги 2 шаар (Айдаркен, Кадамжай (курамында Таш-Кыя, Пүлгөн, Чал-

Таш айылдары бар), 12 айыл аймагы түзүлгөн: Ак-Турпак айыл аймагы 15 айылдан турган, борбору Жаңы-Жер; Алгай айыл аймагы 7 айылдан турган, борбору Алга айылы; Бирлик айыл аймагы 13 айылдан турган, борбору Ормош айылы; Абсамат Масалиев айыл аймагы 8 айылдан турган, борбору Кара-Дөбө; Көтөрмө айыл аймагы 10 айылдан турган, борбору Кызыл-Булак айылы; Майдан айыл аймагы 13 айылдан турган, борбору Кара-Жыгач айылы; Айрыбаз айыл аймагы 6 айыл кирген, борбору Айрыбаз айылы; Орозбеков Айыл аймагы 7 айылдан турган, борбору Орозбеков айылы; Үч-Коргон айыл аймагы 12 айыл кирген, борбору Үч-Коргон айылы; Исхак-Полотхан айыл аймагы 13 айыл кирген, борбору Жеңиш айылы; Кыргыз-Кыштак айыл аймагы 5 айылдан турган, борбору Кыргыз-Кыштак айылы; Совет айыл аймагы жана Чаувай айыл аймактары.[94]

Баткен областына курамындагы 3 райодун ичинен Кадамжай районунун территориясы чоң, жалпы аянты 6 146 км$^2$. Баткен районунун жалпы аянты 5 948 км$^2$ болсо, Лейлек районун жалпы аянты 4 653 км$^2$түзөт.[95] Ошондой эле райондун так ортосунда Өзбек Республикасынын Фергана облусунун Фергана районуна караштуу Шахимардан айылдык Кенеши (аянты140 га) жайгашкан.

Бүгүнкү күндө райондун аймагын камтыган Фергана өрөөнүндө бир катар анклавдар бар. Өзбекстандын ичиндеги бир Кыргызстандын анклавы (Барак) жана Кыргызстандын ичинде төрт өзбек анклавы (Сох, Шохимардон, Жаңы-Айыл/Жаңгайл жана Чоң-Кара/Калача).

Анклавдардын болушуна 1924-1927-жылдардагы Орто Азиянын аймактарын улуттук, экономикалык өзгөчөлүктөр боюнча райондоштуруудагы улуттук-территориялык демаркациянын натыйжасы болуп саналат. Бул Кыргызстандын Өзбектан, Тажикстан менен чекташ башка аймактары менен бирге Кадамжай районундагы калктын, административдик аймактардын чарба жүргүзүүсүнө, ишмердүүгүнө, жашоо-шартына терс таасирлерин тийгизүүдө. Бүгүнкү күндө анклавга айланган жерлердеги жашоочулар жайыт, сугат системасы, транспорт каттамдары

өнөкөткө айланган чек ара маселесинин чечилбеген чыр-чатактарынан аймактын калкынын жашоо-турмушуна оңтойсуздуктуу маал-маалы менен жаратуу менен бирге аймактагы адамдардын өмүрүнө дагы коопсуздукту туудурууда.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында мамлекет башчылары мамлекеттер аралык чек ара чыр-чатактарын болтурбоого аракет кылып, статус-квону сактап келишкен. Эки мамлекеттин ортосундагы чыңалуу 1990-жылдагы Ош окуясына байланыштуу байкала баштаган. 1994-жылы март айында Кадамжай району менен чектешкен жерде (Фергана облусунун Жавагы шаарында) Кыргызстандын макулдугусуз өзбек тарап экологияга зыяндуу карбид өндүрүүчү заводдун курулушун баштап, Кадамжай районунун аймагындагы карбид сырьёсунун запастарын иштете баштаган. Чечилбеген жер талаштары Өзбекстанга бул аймактын аймагынан мунай менен газды сордурууга мүмкүндүк берет. «175 нефть соруп чыгуучу жана 14 газ скважиналарынын ичинен бүгүнкү күндө 60 жана 11 скважина иштеп, суткасына болжол менен 80 т нефть жана 20 000 м3 газ өндүрүлөт»[96] Ал эми, 1999-жылдагы Баткен окуясынан кийин абал өтө курчуп кеткен.[97]

2009-жылдагы катоо боюнча 157 597 кишиден турган райондун туруктуу калкынын этникалык курамы төмөндөгүдөй:

Кыргыздар – 116 312 (73,8 %)

Тажиктер – 19 448 (12,3%)

Өзбектер – 19 163 (12,2 %)

Орустар – 1 239 (0,8%)

Татарлар – 245 (0,2 %)

Түрктөр – 318 (0,2 %)

Хемшиддер – 232 (0,1 %)

Курддар – 128 – (0,1 %)

Уйгурлар – 117 – (0,1 %)

Башка улуттар – 395 (0,2%).

1999-жылдан 2009-жылга чейинки аралыктагы жалпы райондун, шаарлардын (пгт) калынын санын өсүшү төмөнкүдөй болгон (киши)[98]:

| | **1999** | | | **2009** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **жалпы** | **эркек** | **аял** | **жалпы** | **эркек** | **аял** |
| Кадамжай р. | 140 487 | 70 691 | 69 796 | 157 597 | 80 482 | 77 115 |
| Айдаркен штк (пгт) | 9 148 | 4 561 | 4 587 | 10 331 | 5 348 | 4 983 |
| Кадамжай штк. | 8 890 | 4 321 | 4 569 | 6 732 | 3 491 | 3 241 |
| Советский штк. | 1 331 | 685 | 646 | 1 280 | 639 | 641 |
| Чувай штк. | 1 634 | 821 | 813 | 2 051 | 1 112 | 939 |
| Пульгон а. (РБ) | 1 625 | 785 | 840 | 2 466 | 1 230 | 1236 |
| Жаңы-Жер а. | 2 341 | 1 208 | 1 133 | 3 028 | 1 575 | 1 453 |
| Кыргыз-Кыштак а. | 3 112 | 1 582 | 1 530 | 3 724 | 1 926 | 1 798 |
| Марказ а. | 4 975 | 2 528 | 2 447 | 5 310 | 2 700 | 2 610 |
| Орозбеков а. | 7 485 | 3 761 | 3 724 | 5 356 | 2 718 | 2 638 |
| Үч-Коргон а. | 12 874 | 6 455 | 6 419 | 11 820 | 5 947 | 5 873 |
| Халмион а. | 4 259 | 2 137 | 2 122 | 4 602 | 2 325 | 2 277 |
| Калган калктуу а. | 82 813 | 41 847 | 40 966 | 100 897 | 51 471 | 49 426 |

Статистикалык маалымат боюнча райондо калктын санынын өсүүсү көрүнүп турат. Анын ичинен жаштык айырмачылыктары төмөндөгүдөй:

0-19 жашка чейинкилердин саны – 53 950

20-29 жаштагылардын саны – 31 775

30-59 жаштагылардын саны – 49 227

60-79 жаштагылар – 7 700

80-99 жаштагылар – 1 198

100 жаштан жогорулар – 16 киши.[99]

Райондун 15 жаштан өйдө калкын экономикалык иштин түрү боюнча иш менен камсыз болушунун 2009-жылдагы эл каттоонун жыйынтыгы боюнча

көрсөткүчү төмөндөгүдөй[100]: айыл чарбасы, аңчылык, токой чарбасында – 43 251 киши, анын ичинен 23 553ү эркек; балык өндүрүшүндө – 1 (эркек); тоо-кен өнөр жайында – 474, анын ичинен 410 эркек; кайра иштетүү өнөр жайында -1 333, анын 931 эркек; электрэнергиясын, газды жана сууну бөлүштүрүү жана өндүрүүдө – 307, анын ичинен 266 эркек; курлушта – 656, анын ичинен 604 эркек; соода түйүндөрүндө, машина оңдоочу жайларда, турмуш-тиричилик жайларында – 1 002, анын ичинен 507 эркек; мейманканалар менен ресторандарда (тамак-аш) – 291, анын ичинен 89 эркек; транспорт жана байланышта – 500, анын ичинен 404 эркек; финансы ишмердигинде -130, анын 64 эркек; кардарларды кыймылсыз мүлк, аренда боюнча тейлөөдө – 226, анын 152си эркек; мамлекеттик башкаруу мекемелеринде – 964, анын 715 эркек; билим берүүдө – 3 463, анын 875и эркек; саламаттык сактоо жана социалдык кызматтарда – 1 768, анын 420 эркек; комуналдык, социалдык жана жеке тейлөө кызматтарында – 314, анын 184 эркек; үй чарбасын жүргүзүү боюнча кызмат көрсөтүү – 127, анын 98 эркек. Эмгекке жарамдуу калктын жумушсуздугунун көрсөткүчү 6,6 %ды түзгөн.[101]

Тарых илимдеринин доктору, профессор А. Акунов Кыргызстандын экономикасынын эгемендүүлүгүнүн мезгилдеги өнүгүшүн шартуу түрдө төмөндөгүдөй: «1990-1993-жылдар – экономиканы либералдаштыруунун алгачкы баскычы; 1994-1995-жылдар – экономикадагы кырдаалдын кескин начарлашы, системалык кризистин чегине жетиши; 1996-2000-жылдар – ички дүң продукциянын кайрадан өсүү жолуна багыт алышы; 2001-2010-жылдар – Кыргыз Республикасынын 2010-жылга чейин Өнүктүрүүнүн комплекстүү негизи (ӨКН) программасынын кабыл алынышы жана аны ишке ашыруудагы көйгөйлөрдүн баскычы; 2010-2013-жылдар – экономиканын бардык чөйлөрөрүндөгү коррупциялык көрүнүштөргө каршы күрөштүн жарыяланышы»[102] - деп беш баскычка бөлгөн.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан берики өлкөдөгү экономикалык коопсуздуктун проблемасы түздөн-түз биз изилдөөгө алып

жаткан Кадамжай районунда дагы эң олуттуу маселелеринен. Баткен областынын Кадамжай, Баткен, Лейлек райондору Кыргызстан көз карандысыздыгын алган алгачкы жылдары салыштырмалуу байка аймактарга караганда стабилдүү деп каралган. Мындай көз караштын калыптанышына советтик мезгилдеги аталган райондордун коңшу, достуктагы Өзбекстан, Тажикстан союздук республикалардын чектеш аймактары менен болгон маданий, экономикалык тыгыз байланыштары түрткү берген. Совет мезгилинде Союз мезгилинин алгачкы мезгилинде калыптанган бирдиктүү экономикалык аймактык өзгөчөлүк, айыл чарбасындагы эмгектин туруктуу бөлүнүшү, айыл чарба товарларын алмашуудагы көп жылдык тажрыйба стабилдүүлүктүн сакталышына жана коңшу өлкөлөр менен болгон кызматташтыктын уланышына кепилдик ишеним жараткан.

1999 берчүүдөй -жылдагы Баткен окуясы, эл аралык террорчулардын 30-июлда кол салышы, кийинки Өзбекстан менен Таджикстандын ортосундагы чек арадагы чыр-чатактар, согуштар аймактын коопсуздугунан кабар берет. Жана бүгүнкү күндө дагы бул маселе толук кандуу чечиле элек. Айрым маалымат булактарында Баткен областынын 80% калкы жакырчылыктын чегинде жашагандыгы белгиленип келинген.[103]

2000-2007-жылдардыгы өлкөнүн экономикасындагы тамак аш продукцияларынын өнүгүү абаланына сереп салган окумуштуулар аймактардагы экономиканын бул тармагындагы өсуштүн төмөндөгөнүн белгилешет. Мисалы, Баткен областында1,8 эсе же болбосо 356,2 млн. сомдон 197,8 млн сомго кыскарган. Ал эми Нарын областында 5,1 эсеге же болбосо 327,2 млн. сомдон 64,1 млн.сомго; Жалал-Абад областында 2,1 эсеге же 911,5 млн. сомдон 436,2 млн сомго азайган.[104] Ал эми биз изилдөөгө алган Кадам-Жай районунда өндүрүлгөн продукциянын көлөмү 3,4 эсеге азайган же 52,7 млн. сомдон 15,3 млн. сомго кыскарган.Бул коңшу Лейлек районуна караганда 1 эсе көбүрөөк болгон. Лейлек районундагы өндүрүш продукциясы 52,7 млн сомдон 15,3 млн. сомго кыскарган.[105]

Экономиканын өнүгүүсүндө жолдордун реконструкцияланышы менен оңдолушуна дагы көңүл бурула баштаган. Алсак, Бишкек–Ош жолу реабилитацияланды, ал үчүн дээрлик 14 жыл жана 190 млн. АКШ доллары сарпталган. 2008–жылы жол фонду 1564,5 млн. сомго жеткен. Бюджеттен Баткен–Пүлгөн автожолун куруу үчүн 150 млн. сом бөлүнгөн.[106]

Кыргызстан өзүнүн экономикалык өнүгүүсүндө СССРдин кулашынан кийин олуттуу өзгөрүүлөргө туш келген. Кыргызстандын эгемендик мезгилиндеги экономикасынын өзгөчөлүгү – жаңы орногон бийликтин демилгеси менен, өкмөт тарабынан мамлекеттик менчикти жеке менчикке айландыруу иштери кеңири кучак жайганы менен, менчиктештирүү жараянын, жалпы эле базар экономикасына өтүү процессинин жогортодон ылдый жүргөндүгү менен түшүндүрүлөт.[107]

Айыл чарбасы республиканын экономикасынын приоритеттүү багыты болуп саналат. Өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбасы көрсөтүп тургандай, анын өнүгүүсү үчүн ырааттуу мамлекеттик жана өзүн–өзү чектөө, о.э. туура каржы–насыялык саясаттын негизинде алгылыктуу экономикалык механизмин киргизүү зарыл. Республиканын өкмөтү тарабынан айыл чарбасына 1992– 1994–жж. 193,4 млн. сомдук ссудалар жана товардык насыялар берилген. 1995–жылы 270,4 млн. сомдук акчалай жана товардык 308 насыялар берилген, ал эми 1992–1995–жж. мезгилиндеги насыялардын жалпы суммасы 463,8 млн. сомду түзгөн. 2009–жылы үрөн, КММ (ГСМ), айыл чарба техникасын сатып алуу үчүн мамлекет тарабынан 1,5 млрд. сом бөлүнгөн.[108]

Кыргызстандын калкынын кылымдар бою калыптанган мал чарбачылыгы, дыйканчылыгы, жалпы калкынын 65%и айыл жеринде жашашы агрардык өлкө болушуна жана айыл чарбанын өнүгүшүнө шарт түзгөн. Көп улуттуу райондун интеллектуалдык деңгээли бир кыйла жогорулаган. Капиталдык салымдарды багытуу колдонууга, алардын кайрымдуулугуна, интенсивдүү технологияны өндүрүшкө киргизүүгө зор көңүл бурулган. Чарбанын социалдык формасы, айыл чарба техникасын

пайдалануу, квалификациялуу кадрлардын көбөйүшү, илимдин жана алдыңкы тажрыйбанын жетишкендиктерин өндүрүшкө системалуу жайылтуу айыл чарбанын экономикасында өнөр жай ишканалары жогорку натыйжалуулукту камсыз кылган. Айыл чарба ички дүң продукциянын 36-40%ин түзөт, өз ара тыгыз байланыштуу эки ири тармакка агрардык, оор өнөр жай, кен казуу тармактары 54-60 % түзүп бөлүнөт. Бул эки тармакты айкалыштыра өнүктүрүү материалдык, акча жана эмгек ресурстарын туура пайдаланууну камсыз кылат. Айыл чарба өндүрүшүн адистештирүү жана жайгаштыруу жердин өзгөчөлүгүнө, базардан алыс же жакын орун алышына жана табигый-климаттык шарттарга жараша болот. 1991-жылдан кийин айыл чарбаны реформалоонун натыйжасында ири колхоз-совхоздордун базасында жеке менчикке негизделген жаңы өндүрүштүк система дыйкан жана фермердик чарбалар уюштурулган. Эгерде Советтер Союзунун убагында айыл чарба азык-түлүктөрүн негизинен колхоз-совхоздор өндүрсө, реформанын натыйжасында айыл чарба продукцияларынын 5%и гана мамлекеттик жана коллективдик, 32%и калктын көмөкчү жана 63%и дыйкан-фермердик чарбаларда өндүрүлүүдө. Кыргызсгандын агрардык секторун менчиктештирүү маселеси жана анын жыйынтыгы: Дүйнөлүк тажрыйбадан белгилүү болгондой рынок экономикасынын шартында анын негизги элементтеринин бири менчикти мамлекегтен ажыратуу (приватизация жасоо) болуп эсептелет. Кыргызстандагы приватизация процессинин жүрүшүн жалпы кабылданган терминологияга карата 5 этапка бөлүп кароого болот. Ар бир этап республиканын, өзгөрүүсүнө, экономикасына жана саясатына киргизген салымы жагынан уникалдуу айырмачылыктарга арзыйт. Эгемендүү Кыргызстандын менчикти мамлекеттен ажыратуунун алгачкы учурлары 1991-1993-жылдарга туура келип «Кичине чоң эффект» деп аталып калды. Кыргыз Республикасында менчиктештирүүнүн экинчи этабы: 1994-1995-жылдарга туура келип «жаңы ыкмалар» деген аталыш менен көз каранды эмес жылдардын тарыхынан орун алды. Кыргызстандагы менчиктештирүү процессинин 1-2-этаптарынын начар жыйынтыгына

байланыштуу приватташтыруунун 3-этабы «Артка жол жок» деген ураан алдында 1996-1997-жылдары жүргүзүлдү. Бул этапта менчиктештирүү боюнча курч маселелерди камтыган программалык мазмундагы төмөнкүдөй иш чараларды аткаруу талабы коюлган:

- өндүрүш ишканаларын кайра уюштурууда мүлктөрдү чачкындуу абалга учуратпоо жана мамлекеттик башкаруунун эффективдүү жолун табуу;

-төлөмү жок ишканаларды жоюу жана жаңы ыкмаларды колдонуу;

-өндүрүш тармактарына чет элдик инвесторлорду тартуу маселеси бар болчу.

Кадамжай району чыгышынан Ноокат, түштүгүнөн Чоң-Алай батышынан Баткен жана түндүк батышынан өзбек Республикасы менен чектешет. Аянты 614906 гектар райондун айыл-чарбага жарактуу жери 215,4 миң га (облустун 31,7%и), анын ичинде айдоо жери 25,7 миң га (37,2%), көп жылдык өсүмдүктөрү 3,2 миң га (30,8%), чөп чабынды 2,8 миң га (29,8%), жайыт 183,1 миң га (31,1%). Райондун айыл чарба өндүрүшүндө 524 дыйкан чарба, 94 кичи фермердик чарба, 945 жеке жер ээлери, 5 мамлекеттик үрөнчүлүк чарба иштейт. 14,1 миң га дан эгиндери эгилип, андан 46,7 миң тдан (анын ичинде29,9 миң т буудай, арпа ж. б. 1,6 миң т буурчак), 20,2 миң т жашылча, 9,9 миң т картөшкө, 5,2 миң т бакча, 9,8 миң т мөмө-жемиш, 2,6 миң т жүзүм жыйналган. Райондо 38,7 миң бодо мал, 129,2 миң кой-эчки, 5,1 миң жылкы, 71,3 миң үй канаттуулары бар. Бак даректары 3921 гектар.[109]

Мурунку райондун борбору болгон Чаувай айылындагы эгемендүүлүк мезгилдеги абыланы токтолсок, 2012-жылы КР өкүмөтүнүн сунушу менен шаар тибиндеги кыштакка айылдык кеңеш категориясына өткөрүгөн.[110] Айылдык калк негизинен айыл чарбасы жана көмөкчү чарба менен алектенишет. Жумушсуздук жогору, 92 % түзөт. 2012-жылга карата ири мүйүздүү малдын саны 513, аттар 43, кой, эчки 2107, үй канаттуулары 1017 баш болгон.

Чаувай айылында 1991-жылы курулган 500 окуучу окуй турган 2 кабаттуу Б. Кулбаев атындагы мектеп иштейт. Анда 431 окуучуга 30 мугалим

билим берет. Айылдагы үй бүлөлүк врачтардын тобу жайгашкан советтик доордо (1960-ж.) салынгандыктан бүгүнкү күндө капиталдык ремонттоого муктаж абалда. (2012).

Айылдын финансылык абалы канааттандырарлык абалда, республиклык бюджеттеин дотациясында отурат. Орточо жылдык бюджет 8,2 млн. сомду түзөт. Анын 2,0 млн. сому жергиликтүү бюджеттики. Айылдын ички жолдору, суу өтүүчү, айыл тургундарын таза суу менен камсыз кылуучу конализациялары эскирген ремонттого муктаж абалда.

Пүлгон, Чалташ, Ташкыя айылдарында жашаган 5 миң кишини тейлөөдөгү коммуникация, жылуулук, суу системалары Кадамжай шаары менен бириктирилген.[111]

Областын борборунан 90 км алыстыктагы Советский айыл аймагынын (пгт) жалпы аянты 84 га. Шаар тибиндеги кыштак сурма өндүргөн жайлардын четиндеги шахтерлердун кыштагы катары калыптанган. Кыштакта (азыр шаар) 1295 киши жашайт. Жергиликтүү калк негизинен айыл чарбасы, көмөкчү үй чарбасыда иштешет. Бүгүнкү күндө ири мүйүздүү малдын башы 328, кой, коз 3687, үй канаттуулары 1284.[112]

Райондун бардык аймагы айыл чарбачылыгы үчүн ыңгайлуу эмес. Алсак, Хайдаркендин жаратылыш климаты айыл чарбачылыгы үчүн эң ыңгайсыз, ошондуктан айыл чарбасы начар өнүккөн. Кыштактын аятынын 2 % жеке участоктор түзөт (83га), ага картошка, сабиз ж.б. жашылчаларды айдашат. Кыштакта 11 фермердик дыйкан чарба катталган, 1295 кошумча жеке чарба бар. Аларда 93 ири мүйүздүү мал, 262 майда мал бар. Мындан тышкары 4 тегирмен, 1 мехнаикалык мастерской, 2 машиналарга май куюучу жай, чоң, мал, жашылча-жемиш саткан 3 базар, 36 коммерциялык майда дүкөн иштейт.[113]

Райондун чарбасында өнөр-жай тармагы өндүргөн продукция республикада маанилүү орунду ээлеген. Алар дүйнөгө белгилүү «Кадамжай сурьма комбинаты» жана «Айдаркен сымап комбинаты» АКтары. Андан тышкары райондо 12 өнөр-жай ишканасы бар; ирилери: Кадамжай ун тартуу

ишканасы, «Кан өнөр-жай комбинаты» жана Кадамжай нан бышыруучу АКтары, Бүргөндү мөмө-жемиш шарап комбинаты. Өнөр-жай ишканалары негизинен Кадамжай шаарында, Айдаркен шаарында, Совет шаарчаларында, Пүлгөн жана Бүргөндү айылдарында жайгашкан.[114]

Райондун курамындагы Кадамжай, Айдаркен шаарлары совет мезгилинде шаар тибиндеги жумушчулардын кыштагы болгон жана кен иштетүүчү комбинаттар шаардын өзүшүнө, инфраструктурасынын жакшырышына салым кошкон. Азыр райондун борбору болгон **Кадамжай шаары** 1992-жылга чейин Фрунзе деп аталып келинген. Шаар областын борборунан 107 км, Бишкектен 801 км аралыктагы Кадамжай шаары республикалык маанидеги жолдун боюна жайгашып эл аралык рынокко чыгуу аралыгы 30 км. Кадамжай кенин жанында түзулгөн кыштактан шаарга чейин өскөн райондун борборуна Орозбеков айыл аймагындагы Пульгон, Чал-Таш, Таш-Кыя айылдары кошулган. Шаардын сыймыгы болгон деңиз деңгээлинен 1000 м. бийиктиктеги Жидалик көлү шаарда 3 км аймакта жайгашкан.

КР өкүмөтүнүн 2012-жылдын 17-сентябрындагы № 621 токтомунун негизинде жергиликтүү кеңештин кабыл алган чечимдерине ылайык республиканын аймагындагы 6 шаар тибиндеги кыштактарды шаар кылып түзүү каралган. Алардын ичине Айдаркен жана Кадамжай дагы кирген. Аталган токтомдун негизинде райондун борбору Фрунзе шаар тибиндеги кыштагына Орозбеков айыл аймагына караштуу Пүлгө, Ташкыя, Чалташ айылдары менен Жийделик участогун кошу менен КР Президентинин буйругу менен Кадамжай шаары болуп түзүлгөн.[115]

Шаардын калкынын саны 7564 (2012-ж.) Пүлгөн, Чалташ, Ташкыя айылдары менен чогу эсептегенде. Шаарда 2182 короо жайы, 71 көп этаждуу үй каталган. Калкынын улуттук курамы боюнча 72% кыргыздар, 15% өзбектер, 11 % орустар, 2 % башка улуттун өкүлдөрү. Шаардын калкы негизинен соода-сатык менен кесиптенишет. Кадамжай сурма комбинаты,

тигүү фабрикасы, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, медициналык-санитардык мекемелер, кафе-барлар, тамактануу жана соода жайлары иштейт.

Шаардын социалдык-экономикалык абалы туруктуу деп бааланат, анткени шаардын тургундары үчүн керектүү инфраструктуралык шарттар түзүлгөн. Шаар электрлештирилген, газдаштырылган, жолдор асфальталып, таза суу менен камсыз кылынган. Шаарда орто мектеп жана балдардын музыкалык мектеби, китепканалар, маданият үйү, бала бакчалар, райондук борбордук оорукана, дарыканалар жана башка социалдык-инфраструктуралык объекттер жайгашкан. Шаарда 360 орунду «Металлург» маданий үйү, райондук китепкана, балдар китепканасы, «Жидалик» эс алуу борбору, Физкультура-ден соолук чыңдоочу борбор, «Металлург» борбордук стадиону, 300 киши машыкан спорттук зал, 80 орундук 2 мейманкана иштейт.[116]

**Айдаркен шаары.** Райондун курамына кирген Айдаркен шаары жергиликтүү автожолдун боюнда жайгашып, областын борборуна чейинки аралыгы 57 км болсо, Бишкеке чейинки аралыгы 683 км, эл аралык рынокко чыгуу аралыгын км жетет.[117]

2008-жылы Айдаркен кыштагынын башкаруусунда 1341 үй чарбасы каталып, калкынын саны 10938 киши болгон, анын 4950 эркек, 5988 аял. Электрэнергия менен 90 %, газ 20 %, көмүр 50, отун 80% үй камсыз кылынган. Берлик айыл өкмөтүндө 2007-жылы 11 824 киши жашаган. Айдаркен кыштагына 2007-жылы 75киши келсе жашаганы, 200 киши кетишкен.[118] Улуттук курамы боюнча шаардын тургундарынын 60% кыргыздар, 33 % тажиктер, 5 % орустар, 2 % башка улуттун өкүлдөру түзөт.

Айдаркенде 68 көп этаждуу, көп квартиралуу үй бар. «Хайдаркан ртут комбинаты» ААК 800дөн ашык жумушчу, анын ичинен 70 инженер-техник иштешет. Комбинаттын курамында автотранспорттук цех (кенди жана адамдардын ташуу, жер казуучу ж.б. керектүү жабдууларды ташуучу); өндүрүш цехи (ремонттоо, куруу жна жыгачтарды кайра иштетүүчү); монументалдык рудаларды казып алуу боюнча жер астындагы кен; энерго-

механикалык цех (лабораториялык текшерип ченөөчү приборлорду, ишкананы электр энергиясы менен камсыз кылуучу, шаарды жана ишкананы телефондук байланыш менен камсыз кылуу ж.б. иштерди аткарат); сымап-сурьма концентратын жана флюоршпаты концентратын чыгаруу менен флотация ыкмасы менен рудалык комплекстерди кайра иштетүүчү комбинатты камтыган комплекстүү рудаларды казып алуу жана кайра иштетүү боюнча кен; монументалдык кендерди кайра иштетүүчү металлургиялык комбинат бар.[119]

Шаардын келечектеги экономикалык жактан өнүгүү багыты дагы комбинаттын ишинин өнүгүүсү менен байланышкан.

Шаардын тургундары негизинен соода-сатык менен иштешет. ААК (ОАО) «Хайдаркан ртут комбинаты» менен «Коммунальщик» аксионердик коомунда ж.б. майда жеке сектордогу ишканларда эмгектенишет. Калктын саламаттыгын тейлөөчү 137 койкалык больница бар. Имараты1990-жылы курулган жалпы аянты 3558,4 м$^2$, бардык керектүү медициналык буюмдар жана жабдуулар менен толук жабдылган перинаталдык борбор иштейт. 2008-жылы жалпы медициналык профилактика борбору уюштурулуп, 3 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу иштейт. Мындан сырткары айылдын калкын гана эмес, жакынкы Алга, Бирлик айыл аймактарынын айылдарын да тейлеген терапиялык, хирургиялык, гинекологиялык, стоматологиялык бөлүмдөр бар.[120]

Мындан тышкары шаарда «Айдаркен» борбордук стадиону, 624 орундук маданий сарай бар.

Шаарда толугу менен газдаштырылган, электрлештирилген, таза суу менен камсыз кылынган, түнкүсүн жарыктандырылып, ички жолдоруна асфальт төшөлгөн.[121] Шаардын орточа бюджеттик кирешеси 29,11 млн. сомду түзөт.

Шаардын аймагында 100 аскер кызматын өтөгөн Айдаркен чек ара отряды жайгашкан.

Райондун аймагында 637 орундуу борбордук оорукана, 10 участкалык ооруканалар иштейт.

Кадамжай районундагы оорулулардын катталуусу (1990-1999-жж.)[122]:

| Оорунун түрлөрү | 1990-ж. | 1996-ж. | 1997-ж. | 1998-ж. | 1999-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| **Жалпы оорулуулар** | 1465,3 | 1984,5 | 1181,0 | 1247,9 | 1314,5 |
| **Жугуштуу жана паразиттик оорулар** | 106,9 | 85,1 | 105,8 | 112,8 | 108,9 |
| **Эндоккринологиялык оорулардын башталышы** | 8,4 | 6,8 | 7,3 | 7,4 | 9,5 |
| **Иммунитет жана зат алмашуу** | 22,5 | 25,2 | 30,7 | 40,4 | 58,0 |
| **Кан жана кан пайда кылуучу оорулар** | 26,9 | 47,7 | 49,2 | 62,8 | 58,0 |
| **Нерв системалары** | 112,6 | 57,6 | 39,5 | 44,9 | 45,5 |
| **Көз оорулары** | | 28,7 | 38,2 | 40,6 | 48,6 |
| **Дема алуу органдарынын** | 619,7 | 338,1 | 348,8 | 375,4 | 369,9 |
| **Тамак-аш сиңирүү** | 109,3 | 95,8 | 95,4 | 132,4 | 137,1 |
| **Генитурарлык оорулар** | 52,8 | 75,7 | 79,1 | 82,3 | 90,3 |
| **Кош бойлуулуктун кыйынчылыктар, төрөт жана төрөттөн кийинки мезгил** | | 26,3 | 27,2 | 28,8 | 35,6 |
| **Тери оорулары** | 101,7 | 102,1 | 115,2 | 123,9 | 108,6 |
| **Жараат алуу жана ууланув** | 155,6 | 123,9 | 130,6 | 120,0 | 116,5 |

Кадамжай шаарында санитардык-эпидемологиялык станция, прафилакторий, үй бүлөлүк врачтардын 3 тобу бар. Шаар калыкынын саламаттыгын сактоодо 179 койкалуу аймактык оорукана бар. 475 медициналык кызматкер шаардын саламаттыгын сактоода кызат кылышат.[123]

Хайдаркен ооруканасынын 2007-жылдагы маалыматы боюнча жыныстык оорулар –13,5% (371 каталган); жүрөк-кан тамыр оорулары – 9,9% (271 катталган); дем алуу оорулары – 9% (248 катталган); аш казан – ичеги оорулары 7,8% (216 катталган). Среди причин смерти ведущую роль играют

заболевания сердечно-сосудистой системы и дыхательной системы (49,5% и 22,6% соответственно). Акыркы беш жыл ичинде (2004-2009-жж.) комбинаттын жумушчулары же жергиликтүү калктын ичинен ртуттан ууланууунун катуу же өнөкөт учурлары катталган эмес. КР Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн медициналык проблемалар Институту айлана чөйрөнүн райондун тургундарынын саламаттыгына тийгизген тескери таасирлерин изилдеп келишет.[124]

Аймакты илимий изилдөөлөрдүн негизги багыттарынын бири бул райондун аймактарынын радиоактивдүүлүгү менен сурма, оор металлдардын туздарынана уулануу жана интоксикация абалы, аба ырайынын ртуттан булгануусунун абалы. Аймактын радиациялык мониторингин Оштогу санитардык-эпидемиологиялык текшерүү борборунун радиология бөлүмү жүргүзөт. Аталган бөлүмдүн Хайдаркан комбинатындагы, районундагы шахталар менен сактоочу жайлардагы радиациянын көрсөткүчү 13-15 мкР/ч. Бул көрсөткүч радиациянын белгиленген нормадан ашпагандыгын билдирет.[125]

Ал эми ртуттун концентратынын жумушчу зонадагы, абадагы мониторингин Кадамжай санитардык-эпидемиологиялык станциясы жүргүзөт. Станция Баткен областтык айлана чөйрөнүү коргоо башкармалыгы менен бирдикте Хайдаркан ртут комбинаты боюнча экологиялык текшерүүлөрдү жүргүзөт.

Райондо 82 жалпы билим берүүчү мектеп бар, анын 71и орто, 6сы толук эмес, 3өө башталгыч жана балдардын жатак мектептери, 2 гимназия, 2 лицей. Мындан тышкары 2 кесиптик-техникалык окуу жайында жалпы билим берүү менен бирге тракторист, кийим тигүүчү, айылдык курулуш уста адистиктерине даярдашат. Ошондой эле маданият үйлөрү, балдардын музыкалык жана спорттук мектептери, 51 китепканалар (көбү маданият үйлөрүнүн ичинде) иштейт

**Кадамжай.** Каждамжай шаарында балдар бакчасы иштейт, анда 700дөн ашык бала тарбиялануда, 2 жалпы орто билим берүүчү мектепте107

мугалим 1850дөн ашык окуучуга билим берет. «Семетей» кыргыз-түрк лицейинде 350 окуучу окуп 65 мугалим иштейт. Шаарда № 72 техникалык лицей, 240 орунду № 5 орто мектеп бар, бирок мектепте 164 окуучу окуп, 16 мугалим сабак берет.[126]

Айдаркен шаарда үч жалпы билим берүүчү мектеп (№7, №19, № 20) иштеп, анда жалпы 2286 окуучуга 160 мугалим билим берет (2011-ж).

### 4.2. Өнөр жайдын, кичине жана орто ишкердиктин өнүгүү абалы

Кыргызстандын эгемендүүлүккө жеткенден кийинки республиканын эл чарбасынын өнүгүүсүнө совет мезгилиндеги «өлкөнүн бирдиктүү эл чарба комплекси» ыдырап, мурунку Советтер Союзунун курамындагы өлкөлөрдүн экономикасына терс таасирин тийгизген.

1990-жылдан тартып Кыргызстанда өнөр жайдын өнүгүүсү кескин төмөндөгөн. 1,3 млрд. руб. 50дөн ашык ишкананын курулушу бүтпөй калган.[227]

1994-жылы Буткүл дүйнөлүк банктын PESAS программасынын алкагында ишканаларды кайра куруу жана жоюу Агенттигинде бир катар ири өнөр жай ишканалары менен бирге Хайдаркандагы ртут комбинаты да катталган.[228]

1990-жылы 1000т сымап алынган. Кийинки жылдары сымап өндүрүшү кыйла кыскарган. Мисалы 1995-жылы 185,9 т (1993-жылы 577 т) гана сымап алынган; 261,1 т (499,2 т) сымап экспортко чыгарылган. 2000-жылы 590т, ал эми 2003-жылы 396т гана өндүрүлүп, талаптын азайгандыгынан сымап өндүрүү жылдан жылга азайып отурган. Өлкөнүн ичинде сымапка талап жоктугунан өндүрүлгөн сымаптын 80%ы Кытайга, калган 20% Евросоюз, Индия менен АКШ мамлекеттерине экспорттолгон. МАКда 1032 киши иштеген (2000-жыл). Кийинки жылдарда сымап алынчу руданы казып алуу

өтө татаалдангандыктан, четтен курамында сымап аралашкан булганыч сууларды ташып келип, андан сымап алуу жолго коюлган. Бирок ал процесс райондун экологиялык абалына терс таасир тийгизгендиктен, Улуу-Тоо руднигин кайра ишке киргизүү пландаштырылып жатат. Ошого карабастан Кыргызстандын дүйнөлүк сымап рыногунда абалы азырынча дурус, себеби Кытай менен Индиянын сымапка болгон талабын республика камсыз кылат. Ошентсе да сымаптын дүйнөлүк базарда баасы төмөндөөдө экени белгилүү.»[229]

Кадамжай районун аймагындагы өндүрүлө элек ртуттун көлөмү азыр дагы чоң. 2004-жылы испаниядагы Альмаден шахтасы жабылгандан кийин Кыргызстан ртут өндүрүү боюнча дүйнөдөгү алдыңкы мамлекет.[230]

Кыргызстан көз карандысыз мамлекетердин шериктештигинде (КМШ) сурьма өндүрүү боюнча монополист болуп эсептелет. 1990-жылы Кыргызстан 5400т сурьма чыгарып, дүйнөдө 3-орунду (Кытай менен Боливиядан кийинки) ээлеген. 1995-жылы 4778 т (1993-жылы 6637 т) сурьма алынган, 6283,4 т (11448,3 т) сурьма экспортко чыгарылган. 1995-жылы комбинаттын 170 млн сом балансылык кирешеси болсо, 1999-жылдын 3-кварталында чыгым 25 млн сомду түзгөн. Мындай оор абалга жетүүнүн негизги себеби сурьманын дүйнөлүк баасынын ошол жылдардагы төмөндөп кетиши болгон. 2000-2004-жылдары сурьма өндүрүү 1505,0дөн 318,3 т. чейин кыскарган. Ал эми 2005-жылдан баштап сырьенун жоктугунан бул комбинат өз ишин толугу менен токтоткон. Мамлекеттик мүлктү башкаруу мамлекеттик комитети 2005-жылы комбинаттын 70,04% акциясын сатуу боюнча тендер уюштуруп, аны казакстандын “АТФ Инвест” компаниясы утуп алган. Азыркы күндө бул комбинаттын көйгөйлөрү көп болуп, өндүрүмдүүлүк бирде жогорулап, бирде ылдый түшүп турган кези. Сурьманын Кыргызстандагы жалпы запасы 200 миң т. ашык, кыргыз сурьмасы дүйнөлүк керектөөлөрдүн 20%ын камсыз кыла алат.

Хайдаркан сымап комбинаты Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан кийин Хайдаркан мамлекеттик ртут акционердик коому (ХМТАК) болуп

түзүлгөн. ХМТАКта монументалдык (ртуттун өзү) жана комлекстүү (ртут-сымап)на айландырылып, Хайдаркан кенинен монометалл (сырап) жана комплекстүү (сырап-сурьма флюорити) кендер гана казып алууда. ХМТАКтын негизги өндүргөн продукциясы сурма жана анын концентраты.[231] Бүгүнкү күдө комбинаттын ртут-сурма -флюориттин “Новое” (Жаңы) кенинде ртуттун 5469,0 тонна, сурманын 46880,0 тоннасы, флюориттин 447,0 миң тонна запасы бар.[232]

2002-жылы комбинат 50 миң. АКШ долл таза киреше алган же 571 т. Ртут өндүргөн. Комбинаттын уставдык капиталы 3 млн. АКШ долл. түзгөн. 2003-жылы сатып алынгандан кийин 3 жыл аралыгында кошумча 6 млн АКШ долл. инветициялоо шарты менен баштапкы баасы 2 млн. долл. менчиктештирүү үчүн сатыкка коюлган. 2008-жылдын январь-март аралыктарындагы Хайдаркан комбинатынын өндүргөн продукциясы 35,6 млн. сом же болбосо 65,2 т. ртутту түзгөн. Бул мурунку 2007-жылга салыштырганда 5,6 млн. сомго көп болгон. Айыл акынын көлөмү 17-19%га жогорулаган 2007-жылы 2006-жылга салыштырганда.[233]

Хайдаркан мамлекеттик аксионердик коомунун өндүргөн продукциясы Кыргызстандын өзүндө пайдаланылбайт. 2005-жылга чейин Хайдаркан МАК өндүргөн ртут металлынын 80 %сы Кытай Эл республикасына, 20%сы Европа союзу менен АКШга экспорттолуп келинген. Кытай менен болгон келишимдин мөөнөтү аяктагандан кийин, КЭР ртутту импорттону азайтып, токтоткон. Анткени, Кытайдын Гуйчжоу провициясындагы ртут иштетилип, КЭРдин ртутка болгон муктаждыгын канааттандыра баштаган.

КР Президентинин “Стратегия развития страны на 2007-2010 гг.” Боюнча 2007-жылдын 16-майында кабыл алган № 249 буйругунун негизиндеги “Кадамжай сурма комбинаты” АК менен “Хайдаркан ртут комбинаттары” стратегиялык маанидеги ишканалар болуп эсептелет.[234]

